Кыргыз Республикасынын
Эсептөө палатасынын
Кеңешинин
2024-жылдын ____________
№___________токтому менен
бекитилген

# 2023-жылга карата Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинде, анын ведомстволук бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына жана ага караштуу мамлекеттик ишкананын жана акционердик коомдордун («Кыргызтелеком» жана «Кыргыз почтасы» ачык акционердик коомдору) ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылга аудитордук иш планынын, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылдын 9-августандагы №06-1/542 жана 19-сентябрындагы №06-1/612 буйруктарынын негизинде, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору А.Т. Байгазаковдун жетекчилиги астында, аудит группасынын курамында башкы мамлекеттик инспекторлор А.Н. Кудайбердиев, А.С. Малдыбаев, мамлекеттик инспекторлор С.М. Рысалиев, А.Ж. Усупов, Ж.Д. Абалиев, И.Э. Сабырканов, Н.С. Насирдинов жана Эсептөө палатасынын аймактык бөлүмдөрүнүн кызматкерлери тарабынан 2023-жылга карата Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинде, анын ведомстволук бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына жана ага караштуу мамлекеттик ишкананын жана акционердик коомдордун («Кыргызтелеком» ААКсы жана «Кыргыз почтасы» ААКсы) ишине шайкештик аудити жүргүзүлдү.

**Аудиттин максаты:** Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин, анын ведомстволук бөлүмдөрүнүн, ага караштуу мамлекеттик ишкананын жана акционердик коомдордун - «Кыргызтелеком» ААКнын жана «Кыргыз почтасы» ААКнын ишине шайкештик аудитти жүргүзүү.

**Аудиттин мезгили:** 2023-жылдын 1-январынан тартып 31-декабрына чейин.

**Аудиттин түрү:** Шайкештик аудити.

**Аудит субъектиси:** Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги, анын ведомстволук бөлүмдөрү, ага караштуу мамлекеттик ишкана жана акционердик коомдор.

**Аудиттин предмети:** Аудит предмети болуп, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин, анын ведомстволук бөлүмдөрүнүн, ага караштуу мамлекеттик ишкананын жана акционердик коомдордун иши Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын талаптарына шайкештиги эсептелет.

Аудиттин көлөмүнө киргизилген маселелер:

– Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудиттердин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын жана сунуштарынын аткарылышы;

– Кирешелердин толуктугу жана өз убагында алынышы;

– Чыгашалардын негиздүүлүгү жана мыйзамдарга шайкеш келүүсү;

– Штаттык лимиттерди сактоо жана эмгек акыны эсептөөнүн негиздемеси;

– Бухгалтердик эсепте дебитордук жана кредитордук карыздардын толуктугу, түзүүнүн негиздүүлүгү;

– Негизги каражаттардын жана товардык материалдык баалулуктардын толуктугу, сакталышы;

– Мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорун сактоо.

«Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамына ылайык, аудитке сунушталган документтердин толуктугу жана аныктыгы үчүн жоопкерчилик документтерди сунуштаган кызмат адамдарына жүктөлөт.

**Аудиттин критерийлери:**

– Кыргыз Республикасынын Бюджеттик жана Эмгек кодекстери;

– Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө», «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын штаттык санынын чеги жөнүндө жана эмгегине акы төлөөнүн шарттары тууралуу», «Бухгалтердик эсеп жөнүндө» жана «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» мыйзамдары;

– Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө» 01.08.2022ж ПЖ №266 Жарлыгы;

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн/Министрлер Кабинетинин «Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө» 29.09.2017ж №626, «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр (жумуштар) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоонун тартибин бекитүү жөнүндө» 26.10.2000ж №637, «Мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмесин) бекитүү жөнүндө» 10.02.2012-ж. №85, «Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө» 15.11.2021-ж. №264, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө» 01.08.2022-ж. №433, «Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген

кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө» 01.08.2022-ж. №434 токтомдору;

– Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 25.12.2018-ж. №137-б жана 11.07.2023-ж. №2-Б буйруктары менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жоболор;

– Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары;

– Ички ченемдик документтер.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттары:** Иш INTOSAI аудиттин негизги принциптерине жана шайкештик аудити үчүн, жетектөөчү көрсөтмөлөргө ылайык, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы №01-26/123 жана 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген Колдонмого ылайык, шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Этикалык талаптарга шайкештиги:** Аудиттин эл аралык стандарттары аудит тобунан этикалык эрежелерди сактоону, ошондой эле аудиттин предмети, анын бардык маанилүү аспектилеринде тиешелүү мыйзам чыгаруу жана жөнгө салуу ченемдерине шайкеш келе тургандыгына негизделген аудитти пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аудит субъектисинин кыскача мүнөздөмөсү**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №257 токтомунун менен Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин жана ага караштуу ведомстволук бөлүмдөрдүн жоболору бекитилген. Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин башкаруу схемасы бекитилген, ага ылайык, Кыргыз Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин (мындан ары – Санариптик өнүктүрүү министрлиги) түзүмү борбордук аппарат жана төмөндөгү ведомстволук бөлүмдөрдөн турат:

– Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Байланыш тармагында жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча кызматы (мындан ары - Байланыш тармагында жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча кызматы);

– Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Калкты каттоо департаменти (мындан ары - Калкты каттоо департаменти);

– Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Архив кызматы (мындан ары - Архив кызматы);

– Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу «Түндүк» мамлекеттик мекемеси;

– Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу «Инфоком» мамлекеттик ишканасы (мындан ары - «Инфоком» мамлекеттик ишканасы).

Андан сыркатры, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-майындагы №250 токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин «Кыргызтелеком» ачык акционердик коомунда (мындан ары – «Кыргызтелеком» ААК), акционер (катышуучу) катары чыгуу боюнча ыйгарым укуктарын ишке ашыруу боюнча функциялар Санариптик өнүктүрүү министрлигине өткөрүп берилген. Аудитке

берилген маалмытка ылайык, 2023-жылдын 31-декабрына карата «Кыргызтелеком» ААКнын жалпы акцияларынын 76,84% (80 988 815 бирдик акция 476 400,5 миң сомго) Санариптик өнүктүрүү министрлигине катталган.

Ошондой эле, «Кыргыз почтасы» ААКнын жалпы акциаларынан 81,72% (3 539 393 бирдик акция 1 769 696,5 миң сомго) Санариптик өнүктүрүү минитрлигине катталган.

Белгилей кетчү жагдай, Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу «Кызмат» мамлекеттик мекемесин түзүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 25-октябрындагы ПЖ №304 Жарлыгы менен Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Калкты каттоо департаментинин жана Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу «Инфоком» мамлекеттик ишканасынын базасында Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу «Кызмат» мамлекеттик мекемеси (мындан ары - «Кызмат» мамлекеттик мекеме) түзүлгөн.

**Аудиттин жыйынтыгы боюнча корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудит менен, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинде, анын ведомстволук бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышы жана ага караштуу мамлекеттик ишкананын жана акционердик коомдордун («Кыргызтелеком» ААКсы жана «Кыргыз почтасы» ААКсы) иши төмөндө баяндалган жагдайларды кошпогондо, жалпы олуттуу аспектилерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана ченемдик укуктук актыларынын талаптарына туура келет.

**1. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудиттердин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын жана сунуштамаларынын аткарылышы.**

**Аныкталды/корутунду 1.1:** *Санариптик өнүктүрүү министрлигине* 2024-жылдын 24-июлунда №01-20/83 жазма буйрук жана №01-20/87 сунуштама жөнөтүлгөн. Жазма буйруктун 13 пункттарынын ичинен 6 пункттары аткарылган (2, 6, 8, 9, 10, 11) жана 4 пункттары жарым-жартылай аткарылган (1, 3, 5, 7) жана 3 пункттары аткарылбай калган (4, 12, 13). Ал эми, сунуштаманын 20 пункттарынын ичинен 19 пункттары (1 ден 10 чейинки жана 12 ден 20 га чейинки пункттары) аткарылган жана 1 пункту (11) жарым-жартылай аткарылган.

Ошондой эле, *«Кыргызтелеком» ААКнын* 2023-жылдын 7-декабрында №01-20/134 жазма буйрук жана №01-20/135 сунуштама жиберилген. Жазма буйруктун 22 пунктунун 18 пункттары аткарылган (2 ден 12 ге чейин, 14, 16, 17, 19 дан 22 ге чейин), 2 пункттары жарым-жартылай аткарылган (1, 18) жана 2 пункттары аткарылган эмес (13, 15). Андан сырткары, 37 пунктан турган сунуштаманын 35 пункттары аткарылган (1 ден 5 ге чейинки,7 ден 24 кө чейинки, 26 дан 37 ге чейинки пункттары) жана 2 пункттары аткарылган эмес (6, 25).

*«Кыргыз почтасы» ААКга* 2024-жылдын 2-августунда №01-20/84 жазма буйрук жана №01-20/88 сунуштама жиберилген. Жазма буйруктун 18 пункттарынын ичинен 9 пункттары аткарылган (2, 5, 6, 7, 9, 10, 11, 15, 16), 2

пункттары жарым - жартылай аткарылган (1, 18) жана 7 пункттары аткарылган эмес (3, 4, 8, 12, 13, 14, 17). Ошондой эле, 18 пунктан турган сунуштаманын 14 пункттары аткарылган (1, 3, 4, 5, 6, 8, 9, 10, 11, 12, 14, 16, 17, 18), 3 пункттары жарым-жартылай аткарылган (2, 7, 13), 1 пункту аткарылган эмес (15).

**Сунуш 1.1:** Санариптик өнүктүрүү министрлиги, анын ведомстволук бөлүмдөрү жана ага караштуу ачык акционердик коомдор – «Кыргызтелеком» ААКсы жана «Кыргыз почтасы» ААКсы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыгы боюнча жазма буйруктарды жана сунуштамаларды өз убагында жана толук аткаруу боюнча тийиштүү деңгээлде чараларды көрсүн.

## 2. **КР Санариптик өнүктүрүү министрлиги** (борбордук аппараты)

### 2.1. Чыгашалар боюнча.

**Аныкталды 2.1.1:** Аудит тарабынан 2023-жылы Санариптик өнүктүрүү министрлигинин Санариптик инфратүзүмдү өнүктүрүү, маалыматтык технологияларды жана байланышты инновациялык өнүктүрүү фондунун расчеттук эсебинен 1 348,0 миң сом суммасында «Учкун» ААКна 2023-жылдын 13-июнундагы №47 сандуу келишимдин негизинде, баштапкы кесиптик билим берүү жөнүндө жекелештирилген дипломдорду даярдоо кызматы үчүн төлөм жүргүзүлгөн. Бул келишимде буйрутмачы катары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги белгиленген.

Бирок, фонддун эсебинен каржылоо Санариптик өнүктүрүү министрлигинин Санариптик инфратүзүмдү өнүктүрүү, маалыматтык технологияларды жана байланышты инновациялык өнүктүрүү фонду жөнүндө жобонун 3-пунктунда каралган чыгымдар боюнча багыттарга шайкеш келбейт.

Аталган баштапкы кесиптик билим берүү жөнүндө жекелештирилген дипломдорду даярдоо кызматы боюнча төлөмдөр министирликтин ишин камсыздоо бюджеттик сметада каралган, б.а. Фонддун эсебинен эмес, тиешелүү түрдө аталган эсептен каржыланышы керек болчу.

**Кортунду 2.1.1:** Санариптик өнүктүрүү министрлиги, 2023-жылы Санариптик инфратүзүмдү өнүктүрүү, маалыматтык технологияларды жана байланышты инновациялык өнүктүрүү фонду жөнүндө жобонун 3-пунктунда каралбаган багытта пайдаланылган **1 348,0 миң сом**, республикалык бюджеттин кирешесине чегерүүгө тийиш.

**Сунуш 2.1.1:** Санариптик өнүктүрүү министрлиги, Санариптик инфратүзүмдү өнүктүрүү, маалыматтык технологияларды жана байланышты инновациялык өнүктүрүү фондунун 3-пунктунда каралбаган багытта пайдаланылган 1 348,0 миң сом суммасы республикалык бюджеттин эсебине чегерилсин.

**Анкыталды/корутунду 2.1.2:** Аудиттин жүрүшүндө Интеграциялык шлюздун улуттук сегментинин долбоорун техникалык тейлөө жана коштоо кызматтарын көрсөтүүгө Санариптик өнүктүрүү министрлиги менен «Инфоком» МИнин ортосунда 27 757,7 миң сом суммасына 2023-жылдын 12-майындагы

№34 түзүлгөн келишими боюнча чыгымдардын негиздүүлүгүнө талдоо жүргүзүлгөн.

Талдоонун жыйынтыгында, 2023-жылга интеграциялык шлюздун улуттук сегментинин долбоорун техникалык тейлөөнү жана коштоону камсыздоо боюнча чыгашалардын эсебине ылайык, кызмат көрсөтүүгө чыгашалар 27 109,3 миң сомду жана салыктар боюнча төлөмдөр 144,6 миң сомду түзүп, жалпы сумма 27 253,9 миң сомду (27 109,3+144,6) түзгөн. Санариптик өнүктүрүү министрлиги келишимдин толук суммасына 27 757,7 миң сом төлөө жүргүзгөн, бул салыктарды эске алуу менен чыгымдардын эсептөө суммасынан **503,8 миң сомго** жогору.

*«Инфоком» МИ аудит аяктагандан кийин 2024-жылдын 3-декабрындагы 503,8 миң сом суммасына төлөм тапшырмасы берилген, ал Борбордук Казыналыктын эсебине «Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аралык актысына ылайык мамлекеттин пайдасына айландырылган кирешелер» багыты менен которулган.*

**Аныкталды/корутунду 2.1.3:** Санариптик өнүктүрүү министрлигинин №440211102004119 атайын эсебине «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын атайын блоктолгон эсеби жөнүндө» жобонун (КРнын Өкмөтүнүн 09.03.2011-ж №102 токтому менен бекитилген) негизинде Кыргыз Республикасынын жарандарын паспорттор менен документтештирүүдөн (паспорттун бланктарын берүү) 2023-жылы 404 863,4 миң сом суммасында каражат түшкөн.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 8-бөлүгүндө жана Казыналык бирдиктүү эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө жобого (КРнын Өкмөтүнүн 29.09.2017-жылы №626 токтому менен бекитилген) «Бюджеттик мекемелердин атайын эсептеринде эсепке алынуучу башка каражаттардын тизмеги» тиркемесинде Кыргыз Республикасынын жарандарын паспорттор менен документтештирүүдөн (паспорттун бланктарын берүү) каражаттарды атайын эсепке чегерүү каралган эмес.

Санариптик өнүктүрүү министрлиги тарабынан берилген маалыматтарга ылайык, 2024-жылдын 26-ноябрына карата атайын эсепте калдык 66 846,0 миң сомду түзөт, анын ичинен паспорттордун бланктарын даярдоо боюнча «Muhilbauer ID Servises GMBH» компаниясы менен келишимде каралган 1910 даана дипломаттык жана 2125 даана кызматтык паспортторду даярдоо боюнча шарттарын аткарууга 6 972,4 миң сом, аларды бажыдан чыгаруу жана транспорттук чыгымдарга 10 000,0 миң сом акча каражаты талап кылынат. Ошентип, келишимдин шарттарын аткаргандан кийин атайын эсептеги каражаттардын калдыгы **49 873,5 миң сомду** түзөт, алар республикалык бюджеттин кирешесине чегерүүгө жатат.

**Сунуш 2.1.3:** Санариптик өнүктүрүү министрлиги, атайын эсеп боюнча кирешелерди жана чыгышаларды эсепке алууну Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык келтирүү максатында, атайын эсептин 49 873,5 миң сом суммасындагы калган калдык каражаты республикалык бюджеттин кирешесине чегерилсин.

**2.2. Дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча.**

**Аныкталды/кортунду 2.2.1:** Санариптик өнүктүрүү министрлигинин борбордук аппаратында 2023-жылдын аягына карата 2009-жылы түзүлгөн мөөнөтү өтүп кеткен дебитордук карыздар бар, алар:

– «Электрондук Архив» ЖАКу 18 047,8 миң сом суммасына (жабдууларды жеткирүү, программалык камсыздоону иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Маалыматтык ресурстар жана технологиялар мамлекеттик агенттигинин электрондук архивин орнотуу боюнча иштерди жүргүзүү);

– «IT-чечимдер борбору (АйТиДиСи) ЖЧКсы 3 007,2 миң сом суммасында (автомитизация системасын киргизүүгө техникалык долбоорлоо, жабдууларды алууга паспорт алуу үчүн арыз ээсинин маалыматтарын сактоо жана иштеп чыгуу, жана ишке киргизүү үчүн программалык камсыздоо).

2009-жылы Кыргыз Республикасынын Финансылык полиция кызматынын Тергөө башкармалыгы тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн кызматтар боюнча документтердин түп нускалары алынган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 05-мартындагы №71 токтомунун негизинде, КР Өкмөтүнө караштуу Экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик кызмат (Финансы полициясы) жоюлган.

Аудит тарабынан Санариптик өнүктүрүү министрлигинде аудит мезгилинде ордун аныктоо жана алынган документтердин түп нускаларын кайтарып алуу боюнча иштер жүргүзүлбөгөндүгү аныкталды, ошондой эле дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча дагы иштер жүргүзүлгөн эмес, б.а. салыштыруу актылары түзүлбөй, карыздарды жоюу жөнүндө жазуу жүзүндөгү талаптар жөнөтүлгөн эмес.

**Сунуш 2.2.1:** Санариптик өнүктүрүү министрлиги, дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча алынып кеткен документтердин түп нускаларынын каерде экендигин аныктап, кайтаруу боюнча иш алып барылсын. Дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча иштер жүргүзүлсүн. Карыздарды өндүрүү жөнүндө доо менен сот органдарына кайрылуу боюнча маселеси каралсын.

## 3. Санариптик өнүктүрүү министрлигинин «Digital CASSA KR» долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү

«Digital CASSA KR» долбоорунун максаты секторго жеке инвестицияларды тартуу жана региондук интеграцияланган санариптик инфраструктураны жана жагымдуу чөйрөнү өнүктүрүүгө салымды камсыз кылуу аркылуу Кыргыз Республикасында санариптик мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү бөлүгүндө мамлекеттин потенциалын жогорулатуу менен катар, кыйла жеткиликтүү интернетке жетүүнү кеңейтүү болуп саналат.

**Долбоордун компоненттери боюнча маалымат:**

(миң АКШ долл.)

| Компоненттин аталышы | Иш-чаралардын бюджети | 20.02.19-31.12.22-ж.ж. иш жүзүндө төлөнгөн | 2023-ж. иш жүзүндө төлөнгөн | Калдык (01.01.24-31.07.25) |
|---|---|---|---|---|

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1-Компонент: санариптик байланыштын аймактык инфраструктурасы | 24 860,46 | 338,84 | 6 571,87 | 17 949,75 |
| 2-Компонент: аймактык маалымат борборлору, санарип платформалар жана акылдуу чечимдер. | 20 374,63 | 158,86 | 31,20 | 20 184,57 |
| 3-Компонент: санариптик экономика үчүн жагымдуу шарттарды түзүү | 3 781,69 | 1 417,78 | 1 581,27 | 782,64 |
| 4-Компонент: долбоорду башкаруу. | 3 500,00 | 841,01 | 477,44 | 2 181,55 |
| **Бардыгы** | **52 516,78** | **2 756,49** | **8 661,78** | **41 098,51** |

Жогоруда долбоордун компонеттери боюнча маалымат таблицасында көрсөтүлгөндөй, 2023-жылы жалпы 8 661,78 миң АКШ долллар төлөмдөрүнүн негизги бөлүгү 1-компонентке санариптик байланыштын аймактык инфраструктурасын түзүүгө 6 571,9 миң АКШ доллары жумшалган. Бул компонент боюнча чыгымдардын олуттуу бөлүгү 99,5% “Кыргызтелеком” ААКсы жана “Элкат” ЖЧКсы консорциумда КР Санариптик өнүктүрүү министрлиги менен «Digital CASSA KR» долбоорунун алкагында түзүлгөн келишимди аткарууга 6 542,0 миң АКШ доллары төлөнгөн.

*“Кыргызтелеком” ААКсынын жогоруда аталган долбоор боюнча сатып алуулары, ушул отчеттун 8.6.1 пунктунда чагылдырылган.*

*Курулуш боюнча инспекторлордун жетишпестигине байланыштуу, курулуш, капиталдык жана учурдагы оңдоо маселелери ушул аудиттин алкагында камтылган жок.*

**Сунуш 3.1:** Санариптик өнүктүрүү министрлиги, «Digital CASSA KR» долбоорун өз убагында ишке ашыруу боюнча чара көрүлсүн жана долбоордун максатына толук жетүү камсыздалсын.

**3.2. Негизги каражаттар жана товардык материалдык баалуулуктар боюнча.**

**Аныкталды/кортунду 3.2.1:** Санариптик өнүктүрүү министрлигинин 2023-жылдын 02-майындагы №149 буйругуна ылайык, республика боюнча долбоордун аткарылышына техникалык, экологиялык, социалдык көзөмөл жана мониторинг жүргүзүү, ошондой эле долбоорду ишке ашыруу бөлүмүнүн уюштуруу-административдик муктаждыктарын камсыздоо үчүн төмөндөгү автотранспорт каражаттары сатылып алынган:

- Тойота Ленд Крузер Прадо маркасында, 2023-жылы чыгарылган, мам. номери 01KG070AU, идентификациалык номери 4TLBE46K87U19571, алынган баанын суммасы 73 756 АКШ доллары (6 570,6 миң сом КРУБдун 31.12.2023-ж. карата курсу менен 89,0853 сом);

-Тойота Камри маркасында, 2023-жылы чыгарылган, мам. номери 01KG009AR, оңу ак, алынган баанын суммасы 3 499,0 мин сом.

Бирок, аудит учурунда жогоруда көрсөтүлгөн автотранспорт каражаттары максаттуу багыты боюнча пайдаланылбай жаткандыгы аныкталган. Санариптик өнүктүрүү министрлигинин Административдик чарбалык бөлүмүнүн башчысынын түшүндүрмөсүнө ылайык, жогоруда аталган автотранспорт каражаттары Санариптик өнүктүрүү министрлигинин нөөмөт машинасы катары колдонулууда.

*Аудит аякатагандан киийн, 6 424,0 миң сомго Тойота Ленд Крузер Прадо маркасындагы 2023-жылы чыгарылган 01KG070AU мам. номерлүү жана 3 499,0*

*мин сомго Тойота Камри маркасындагы 2023-жылы чыгарылган 01KG009AR мам. номерлүү 2 автоунаа Санариптик өнүктүрүү министрлигинен «Digital CASSA KR» долбооруна өткөрүлүп берилген алыш-бериш актысы берилди.*

## 4. Байланыш тармагында жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча кызматы

### 4.1. Кирешелер боюнча.

**Аныкталды/кортунду 4.1.1:** Кыргыз Республикасынын 1998-жылдын 2-апрелиндеги №31 «Электр байланышы жөнүндө» Мыйзамынын 8 жана 9-статьяларына ылайык электр байланыш лицензиясынын ээлери радиожыштык спектрин (РЖС) пайдалангандыгы үчүн жана байланыш тармагын өнүктүрүү үчүн электр байланыш кызматын көрсөтүүчү жана почта байланышы боюнча кирешенин 0,9 пайыз өлчөмүндө акы төлөшөт. Бирок, 2023-жылдын аягына карата жогоруда көрсөтүлгөн төлөмдөр боюнча **19 776,0 миң сом** суммасында мөөнөтү өтүп кеткен дебитордук карыз түзүлгөн. Натыйжада бул сумма республикалык бюджетке өз убагында түшпөй келе жатат.

**Сунуш 4.1.1:** Байланыш тармагын жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы, мөөнөтү өтүп кеткен дебитордук карыздарды өндүрүү жана төлөө графигин түзүү боюнча зарыл чаралар көрүлсүн. Эгерде карызкорлор төлөм графигин түзүүдөн баш тартса, укук коргоо органдарына юридикалык жактардан карызды өндүрүү үчүн кайрылуу чаралары көрүлсүн.

### 4.2. Чыгашалар боюнча.

**Аныкталды/кортунду 4.2.1:** Санариптик өнүктүрүү министрлигинин Санариптик инфраструктураны өнүктүрүү, маалыматтык технологияларды жана коммуникацияларды инновациялык өнүктүрүү фонду жөнүндө жобонун 8 жана 9-пункттарына ылайык, Фонддун каражаттарын чыгымдоо чыгымдардын бекитилген сметасына жана акча каражаттарынын иш жүзүндө келип түшүүсүнө ылайык жүргүзүлөт, ошондой эле Фонддун каражаттарын пайдалануучу жана жооптуу адам Санариптик өнүктүрүү министри болуп саналат. Бирок, 2023-жылга жогоруда көрсөтүлгөн пункттарды бузуу менен, Санариптик өнүктүрүү министри тарабынан чыгымдардын сметасы бекитилбестен, Байланыш тармагында жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча кызматынын төрагасы тарабынан маалымкат-билдирүү аркылуу, фонддун каражаттары 2111-беренеси (эмгек акы) боюнча 8 955,6 миң сом жана 2121-беренеси (Социалдык фондко төөлөмдөр) боюнча 1 260,3 миң сом, жалпысы **10 256,0 миң сом** суммасында пайдаланылган.

**Сунуш 4.2.1:** *Санариптик өнүктүрүү министрлиги:* Санариптик өнүктүрүү министрлигинин Санариптик инфраструктураны өнүктүрүү, маалыматтык технологияларды жана коммуникацияларды инновациялык өнүктүрүү фонду жөнүндө жобонун 8 жана 9-пункттарын сактабастан, Байланыш тармагында жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча кызматынын төрагасы тарабынан кол коюлган маалымкат-билдирүү аркылуу, аталган Фонддун каражаттарын чыгымдоого жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/кортунду 4.2.2:** Байланыш тармагын жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматынын жамааттык келишиминин №2 жобосунун 2.8-пунктуна ылайык, Санариптик инфраструктураны өнүктүрүү, маалыматтык технологияларды жана байланышты инновациялык өнүктүрүү фондунан жылына эки жолу кызматкерлерге бир эмгек акы фондунун өлчөмүндө, техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдарга салыктарды жана жыйымдарды эске алуу менен 20,0 миң сом өлчөмүндө үстөк акы төлөнөт.

2023-жылдын штаттык ырааттамасына ылайык, Кызматтын бардык кызматкерлеринин бир эмгек акы фондунун жана 20,0 миң сомдон, салыктарды жана жыйымдарды эске алуу менен техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдарынын жыйынтык суммасы эсептик 4 750,0 миң сомду түзөт. Жылына 2 үстөк акы 9 500,0 миң сомду түзөт. Бирок, 2023-жыл үчүн Фондго өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн маалымкат-кабарлоодо Фонддон 2111-беренесине (эмгек акы) - 10 110,0 миң сом жана 2121-беренесине (Социалдык фондго төгүмдөр) - 1 745,3 миң сом, бардыгы болуп 11 855,3 миң сом каралган. Башкача айтканда, кызматтык үстөк акы үчүн Фонд тарабынан белгиленген нормадан **2 355,3 миң сомго** (11 855,3 – 9 500,0) көп каралган.

Факт жүзүндө, 2023-жылы үстөк акыга (2023-жылдын I жана II - жарым жылдыгында) фонддон 2111 (эмгек акы) жана 2121 (Социалдык фондго төгүмдөр) беренелери боюнча 8 546,7 миң сом сарпталган.

Ошондой эле, 2023-жылдын декабрь айында фонддун бюджетин негизсиз жогорулатуунун эсебинен, фонддун үнөмдөлүшүнө таянуу менен 1 709,3 миң сом суммасында кошумча сыйлык берилген. Жалпысынан, 2023-жылга үстөк акыга факт жүзүндө 10 256,0 миң сом сарпталган.

Натыйжада, Фонддон **756,0 миң сом** (10 256,0 миң сом – 9500,0 миң сом) суммасындагы сыйлык негизсиз чыгымдалган.

**Сунуш 4.2.2:** Байланыш тармагын жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы:

– Санариптик өнүктүрүү министрлигинин Санариптик инфраструктураны өнүктүрүү, маалыматтык технологияларды жана коммуникацияларды инновациялык өнүктүрүү фондунан 756,0 миң сом өлчөмүндө үстөк акылардын негизсиз чегерилишине жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**4.3. Штаттык лимиттер жана эмгек акы боюнча.**

**Аныкталды/кортунду 4.3.1:** Байланыш тармагын жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматынын буйругу менен аталган кызматтын 6 кызматкери 2023-жылы тартиптик жазага тартылган.

Байланыш тармагында жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматынын 2022-жылдын 1-сентябрындагы №347 буйругу менен бекитилген Байланыш тармагында жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматынын жамааттык келишиминин №2 жобосунун 2.4-пунктунда: «Кызматта каралган милдеттерди талаптагыдай аткарбаган учурда үстөк акылар ушул Жобонун 2.2-пунктунда (майрамдар жана корпоративдик күндөр үчүн бир жолку сыйлыктар) каралгандан 20 пайыз төмөн төлөнүшү мүмкүн деп көрсөтүлгөн».

Бирок, дисциплинардык жаза алынган учурдан тартып, 2023-жылдын аягына чейин 6 кызматкердин бардыгына жаза жоюлбаганына карабастан,

майрамдар жана корпоративдик күндөр үчүн 20 пайыз төмөн чегерүүсүз, бир жолку сыйлыктар толук ыйгарылып, көрсөтүлгөн мезгилге 6 кызматкерге үстөк акылардын факт жүзүндө чегерилген суммасынын 20 пайызы (майрамдар жана корпоративдик даталар үчүн бир жолку сыйлыктар) **160,0 миң сомду** түзөт.

**Сунуш 4.3.1:** *Байланыш тармагында жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы*, жамааттык келишиминин №2 жобосунун 2.4-пунктун сактабастан, кызматтык нускамаларында каралган милдеттерди талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн 6 кызматкерден үстөк акынын (майрамдарга жана корпоративдик күндөргө бир жолку сыйлыктар) 20 пайызынын кармалышын камсыз кылбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**4.4. Дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча.**

**Аныкталды/кортунду 4.4.1:** Байланыш тармагын жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы 2023-жылдын 20-декабрында «БУПП №1 КОС и КОГ» ЖЧКсы менен 275,8 миң сомго атайын кийим сатып алуу үчүн №116 келишимин түзгөн. Жогоруда аталган келишимдин 2.4-пунктунда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-Б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жөнүндө жобонун 312-пунктун сактабастан 100% алдын ала төлөм көрсөтүлгөн жана 2023-жылдын 27-декабрында №981 төлөм тапшырмасына ылайык жабдуучунун эсебине 100%, же **275,8 миң сом** суммасындагы каражат алдын ала которулуп берилген.

**Сунуш 4.4.1:** *Байланыш тармагын жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы,* Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жөнүндө жобонун (КРнын ФМ 11.07.2023-ж. №2-Б буйругу менен бекитилген) 312-пунктунун сакталышы камсыздалсын.

**4.5. Мамлекеттик сатып алуулар боюнча.**

**Аныкталды/кортунду 4.5.1:** Байланыш тармагын жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын 50-беренесинин 5-пунктуна ылайык декларацияда көрсөтүлгөн (сунуштарын чакыртып алуу) мыйзам бузууларга карабастан, «Эво Кейджи» жана «Охранное агенство Политех Секьюрити» ЖЧКларын ишенимсиз (абийирсиз) жеткирүүчүлөрдүн маалымат базасына киргизүү демилгесин көтөргөн эмес.

**Сунуш 4.5.1:** *Байланыш тармагын жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы,* Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» мыйзамынын 50-беренесинин 5-пунктуна ылайык, «Эво Кейджи» ЖЧКсын жана «Охранное агенство Политех Секьюрити» ЖЧКларын ишенимсиз (абийирсиз) жабдуучулардын маалымат базасына киргизүү жагы каралсын.

## 5. <u>Калкты каттоо департаменти</u>

<u>(учурда «Кызмат» мамлекеттик мекемеси)</u>

**5.1. Штаттык лимиттер жана эмгек акы боюнча.**

**Аныкталды 5.1.1:**

Жамааттык келишимде көлөмү, же чеги, кайсы учурда, иштеги көрсөткүчтөр, эмгек тартибин бузуулардын жоктугу, эмгектин натыйжаларына, сапатына баа берүү ж.б. критерийлери аныкталбаган сый акы, жөлөкпул жана материлдык жардам төлөмдөрү, 2023-жылы жалпы 180 925,0 миң сомго (социалдык фондду эсепке алганда) жүргүзүлгөн.

Кошумча төлөмдөрдүн көлөмү жана кайсы кызматкерлерге төлөнүшү Калкты каттоо департаментинин жетекчилигинин буйругунун негизинде гана аныкталып жана төлөнүп келген. Бул жагдай, адам факторлорунун пайда болушунун тобокелчилигине алып келет.

Белгилей кетчү жагдай, Калкты каттоо департаменти айлык акыны бюджеттик каражаттан, ошондой эле сый акы, жөлөкпул жана материлдык жардам кошумча төлөмдөрү жамааттык келишимдин негизинде атайын эсептен алып келет. Бирок, кошумча төлөмдөрдүн чеги жана кайсы учурда төлөнөөрү укуктук ченемдик актылар менен аныкталган эмес.

**Корутунду 5.2.1:**

1. *Калкты каттоо департаменти,* жамааттык келишимде көлөмү, же чеги, критерийлери (кайсы учурда, иштеги көрсөткүчтөр, эмгек тартибин бузуулардын жоктугу, эмгектин натыйжаларына, сапатына баа берүү ж.б.) аныкталбаган сый акы, жөлөкпул жана материалдык жардам төлөөлөрдү 2023-жылы, жалпы 180 925,0 миң сомго жүргүзгөн. Көрсөтүлгөн кошумча төлөмдөрдүн көлөмү жана кайсы кызматкерлерге төлөнүшү Калкты каттоо департаментинин жетекчилигинин буйругунун негизинде гана аныкталып жана төлөнүп келген жагдайы адам факторлорунун пайда болушунун тобокелчилигине алып келет.

**Сунуш 5.2.1:** *“Кызмат” мамлекеттик мекемеси*, сый акы, жөлөкпул жана материалдык жардам төлөмдөрүнүн көлөмү, же чеги, критерийлери (кайсы учурда, иштеги көрсөткүчтөр, эмгек тартибин бузуулардын жоктугу, эмгектин натыйжаларына, сапатына баа берүү ж.б.) жамааттык келишимде так көрсөтүлүшү боюнча тийиштүү толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча иш жүргүзүлсүн.

**5.3. Дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча.**

**Аныкталды/корутунду 5.3.1:** Калкты каттоо департаменти Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 2-беренесинин 1-бөлүгүнүн 27 пунктун жана «Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, биринчи кезектеги тартипте финансы каражаттары корголгон беренелер боюнча чыгашаларды жабууга багытталган эмес, 2023-жылдын 31-декабрына карата 2121 «Социалдык фондго чегерүүлөр» корголгон беренелер боюнча кредитордук карыздар жалпы (регионалдык башкармалыктар менен) 321,0 миң сомду түзгөн.

КРнын «Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө» Мыйзамынын 6-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, корголгон беренелер боюнча өздүк чыгашаларды толугу менен камсыз кылуу жоопкерчилиги мамлекеттик органдардын жетекчилерине жүктөлгөн.

**Сунуш 5.3.1:** *«Кызмат» мамлекеттик мекемесине:* 2023-жылы Калкты каттоо департаменти боюнча биринчи кезектеги тартипте финансы каражаттары корголгон беренелер боюнча чыгашаларын жабууну камсыз кылбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**5.4. Негизги каражаттар жана товардык материалдык баалуулуктар.**

**Аныкталды 5.4.1:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча жобонун 131-133 пункттарына ылайык, *негизги каражаттар адегенде алгачкы нарк боюнча эсепке алууда таанылат. Негизги каражаттардын алгачкы наркы төлөнгөн акча каражаттарынын суммасын, же акча каражаттарынын эквиваленттерин, же аны сатып алуу учурундагы негизги каражаттарды, же курулмаларды сатып алуу үчүн өткөрүлүп берилген башка каршылыктуу берүүнүн адилеттүү наркын түшүндүрөт.*

*Эгер негизги каражаттар акысыз алынса жана алардын балaнстык наркы белгилүү болсо, анда мындай негизги каражаттар баланстык нарк боюнча эске алынат.*

*Негизги каражаттардын баланстык наркы – бул белгилүү бир датага карата топтолгон амортизациядан жана баасы түшүүдөн улам топтолгон зыяндан кемитилген алгачкы нарк.*

*Эгерде алынган негизги каражаттын баланстык наркы белгисиз болсо, мындай негизги каражаттар адилеттүү нарк боюнча эске алынат.*

*Негизги каражаттардын адилеттүү наркы – бул кабардар болгон, мындай торукту жүргүзүүнү каалагандар жана бири-биринен көз карандысыз тараптардын ортосунда турукту жүргүзүүдө негизги каражаттарды алмаштыруучу сумма эсептелет.*

*Ошондой эле, аталган Жобонун 137 пунктуна ылайык, жер участоктору жана имараттар өзүнчө активдер болуп саналат жана өзүнчө эсептелет. Бухгалтердик эсепке алуу максаты үчүн сатып алынган наркы боюнча эске алынат. Эгерде, мекемеге жер участогу кайтарымсыз негизде берилсе, ал атайын ведомостто эске алынат.*

*Жогоруда аталган Жобонун 576 пунктунда «Жерди жана башка өндүрүштүк эмес активдерди эсепке алуу үчүн эсеп-чот планында 314 «Жер жана башка өндүрүштүк эмес активдер» тобу каралган, ал 3141 «Жер» бир топчосунан турат» – деп каралган.*

Аудитке берилген маалыматтар боюнча, Бишкек жана Балыкчы шаарларындагы «Үйлөнүү үлпөт сарайлары» (субъект) 2 бирдик жер тилкеси аянты 10057,9 ч.м, Кара-Кулжа айылындагы Жарандык абалдын актыларын катоо, паспорт менен камсыз кылуу жана каттоо бөлүмүнүн 1 бирдик жер тилкеси аянты 816,0 ч.м. жер тилкелер кайтарымсыз негизде берилип, алардын алгачкы жана баланстык нарктары белгисиз.

Бирок, Калкты каттоо департаменти тарабынан жер участокторунун адилет наркы аныкталган эмес жана 31.12.2023-жылга карата жер участокторунун эсеби бухгалтердик эсепте жана финансылык отчетто чагылдырылган эмес.

**Корутунду 5.4.1:** Калкты каттоо департаменти, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча жобонун 131-133 пункттарын сактабастан, 3 бирдик аянты, жалпы 10873,9 ч.м. жер тилкелеринин адилет наркы аныкталган эмес. Ошону менен бирге, аталган Жобонун 137 жана 576 пункттарын бузуу менен 31.12.2023-жылга карата жер тилкелери бухгалтердик эсепте жана финансылык отчетто чагылдырылган эмес.

**Сунуш 5.4.1:** *«Кызмат» мамлекеттик мекемеси,* Калкты каттоо департаменти боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобого ылайык, жер тилкелерине инвентаризациялоо жүргүзүп, алардын аянттары, наркы аныкталып, бухгалтердик эсеп боюнча чагылдырылсын (кириштелсин).

**Аныкталды/корутунду 5.4.2:** Калкты каттоо департаменти тарабынан 300 (үч жүз) литр эсебинде күйүүчү майы негизсиз чыгышталган, тактап айтканда тастыктоочуу иш кагаздары жок **18,3 миң сомго** күйүүчү майы чыгышталган.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлунудагы №2-Б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча жобонун 246-пунктуна ылайык, *жол баракчасы (Форма ПЛ-17; Форма ПЛ-18; Форма ПЛ-19) бардык отун түрлөрүнө чыгымдарды эсептен чыгаруу үчүн колдонулат. Отун иш жүзүндөгү, белгиленген тартипте бекитилген, бирок автомобиль транспортуна күйүүчү-майлоочу материалдар чыгымдарынын ченемдеринен жогору эмес чыгымы боюнча эсептен чыгарылат. Жол баракчаларын каттоо жол баракчаларын эсепке алуу журналында (Форма 20) жүргүзүлөт.*

**Сунуш 5.4.2:** *«Кызмат» мамлекеттик мекемеси,* Калкты каттоо департаменти тастыктоочу иш кагаздары (жол баракчалары) жок 300 литр күйүүчү майга негизсиз чыгыштаган 18,3 миң сом суммасы республикалык бюджетке калыбына келтирилсин.

**Аныкталды/кортунду 5.4.3:** Калкты катто департаменти жогоруда аталган Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137, 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу архитектура, курулуш жана турак-жай коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 18-майындагы №4 буйруктарынын талаптарын сактабастан, мүлктөргө капиталдык оңдоо үчүн сарпталуучу чыгымдар 3111 «Капиталдык оңдоп-түзөө» беренеси боюнча жүргүзүлүп негизги фонддордун баланстык баасын жалпы 2 044,9 миң сомго көбөйтпөстөн, курулуштар 2221 «Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар» беренеси аркылуу жүргүзүлүп, эсептен түздөн-түз чыгымдарга алып барылып чыгышталган.

*Аудит учурунда, эсеп-чот 3111 «имараттар жана курулмалар инвентаризациянын жыйынтыгы менен» 2 044,9 миң сомго бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, Калкты каттоо департаментинин балансына көбөйтүү үчүн бухгалтердик маалымат түзүлдү.*

## 6. Архив кызматы

### 6.1. Кирешелер боюнча.

**Аныкталды 6.1.1:** Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө» Мыйзамынын 5-беренесинин 1-бөлүгүндө мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер мамлекеттик кызмат

көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жергиликтүү реестрине киргизилген кызмат көрсөтүүлөрдү гана көрсөтүүсү каралган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 токтомунун 1 пункту менен мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестри (тизмеси) (мындан ары - Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн реестри) тиркемеге ылайык бекитилген. Ошону менен бирге, ушул токтомдун 2-пунктунда мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине киргизилбеген акы төлөмө мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүгө жол берилбеши каралган.

Бирок, Архив кызматы 2023-жылдын ичинде Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн реестринде каралбаган кызмат көрсөтүүдөн, тактап айтканда жоюлган жана кайра уюшулган мекемелерге, ишканаларага корутунду берүүдөн жалпы (регионалдык башкармалыктар менен) 133,8 миң сом жана бул реестрдин 6-бөлүгүнүн 42-пунктунда документтерди архивдик мекеменин аймагында убактылуу пайдалануу үчүн архивдик фонддон берүү кызматы акысыз деп көрсөтүлгөнүнө карабастан 5,5 миң сом киреше алган.

Жалпы, 2023-жылдын ичинде Архив кызматы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 токтомунун 2 пунктун бузуу менен, негизсиз 139,3 миң сом (133,8+5,5) киреше алган.

Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө» Мыйзамынын 17-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, *мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер тарабынан мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн тиешелүү реестрине киргизилбеген акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн алынган киреше Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетине толук көлөмдө алынат.*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 токтомунун 3 пунктуна ылайык, *мамлекеттик органдардын, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрүнүн жана ведомстволук мекемелеринин жетекчилери Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрине кирбеген мамлекеттик акы төлөмө кызматтарды көрсөткөн учурда жеке жоопкерчилик тартышат.*

**Корутунду 6.1.1:** Архив кызматы (регионалдык башкармалыктар менен) Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 токтомунун 2 пунктун бузуу менен, Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн реестринде каралбаган кызмат көрсөтүүдөн, жоюлган жана кайра уюшулган мекемелерге, ишканаларага корутунду берүүдөн 133,8 миң сомго жана реестрдин 6-бөлүгүнүн 42-пунктунда документтерди архивдик мекеменин аймагында убактылуу пайдалануу үчүн архивдик фонддон берүү кызматы акысыз деп көрсөтүлгөнүнө карабастан 5,5 миң сом киреше алган, жалпы **139,3 миң сомго** негизсиз киреше алган.

**Сунуш 6.1.1:**

1. *Санариптик өнүктүрүү министрлиги,* Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 токтомунун 2 пунктун бузуу менен, 139,3 миң сомго негизсиз киреше алууга жол берген Архив кызматынын жетекчилеринин жеке жоопкерчилиги каралсын.

2. *Архив кызматы,* 2023-жыл үчүн 139,3 миң сом суммасында жана Архив кызматынын (регионалдык башкармалыктар менен) ишинин бүткүл мезгили үчүн негизсиз алынган кирешелерди эсептөө менен, республикалык бюджеттин кирешесине чегерилсин.

**Аныкталды 6.1.2:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы №637 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибинин 4.1. пунктуна ылайык, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүнүн (иштердин) тарифтеринин (бааларынын) экономикалык негиздемеси болуп органдын тийиштүү кызмат көрсөтүүлөрдү (иштерди) аткарууга кеткен негизделген чыгымдарынын базасында аныктала турган өздүк нарк эсептелет.

Бирок, Архив кызматы тарабынан мамлекеттик акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн өздүк наркы жогорулаганына карабастан, 2016-жылдан 2023-жылдын 26-июнуна чейин алар боюнча баалардын Прейскуранттары кайра каралган эмес. 2023-жылдын 27-июнунда гана баалардын Прейскуранты кайра каралып чыгып, КРнын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Антимонополдук жөнгө салуу кызматынын 2023-жылдын 27-июнундагы №26 буйругу менен макулдашылган жана Санариптик өнүктүрүү министрлиги тарабынан бекитилген.

Архив кызматынын мекемелери жана бөлүмдөрү тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү мамлекеттик кызматтарга тарифтердин прейскурантынын долбооруна негиздеме-маалымкатка ылайык, 2016-жылдын прейскуранты боюнча 1 кызматкерге кирешелер мүнөтүнө 1,05 сомду түзгөн, 1 архив кызматкерине калькуляцияны кайра кароодо өздүк наркы мүнөтүнө 1,77 сомду түзгөн же 169%га көбөйгөн.

2023-жылы Архив кызматы мамлекеттик акы төлөмө кызматтарды көрсөтүүдөн бардыгы болуп жалпы (регионалдык башкармалыктар менен) 38 354,2 миң сом киреше алган, анын ичинен: эски прейскурант (13.06.2016-ж. бекитилген) боюнча 2023-жылдын 1-январынан 26-июнуна чейин 19 751,4 миң сом жана колдонуудагы прейскурант боюнча (27.06.2023-ж. бекитилген) 2023-жылдын 27-июнунан 31-декабрына чейин 18 797,6 миң сом. Салыштырма талдоого ылайык, Архив кызматы тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик акы төлөмө кызматтардын наркы эсептик 31%дан 316%га чейин олуттуу жогорулагандыгына карабастан, тарифтерди кайра кароо боюнча өз убагында иш-чаралар жүргүзүлбөгөндүгүнө байланыштуу, 2023-жылдын 1-январынан 26-июнуна чейин мезгил аралыгында республикалык бюджетке киреше эсептик 14 099,2 миң сомго аз түшкөн.

**Корутунду 6.1.2:** Архив кызматы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы №637 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн

өлчөмүн аныктоо тартибинин 4.1. пунктун сактабастан, мамлекеттик акы төлөмө кызматтардын наркы эсептик 31%дан 316%га чейин олуттуу жогорулагандыгына карабастан, тарифтерди кайра кароо боюнча өз убагында иш-чаралар жүргүзүлбөгөндүгүнө байланыштуу республикалык бюджеттин киреше бөлүгүндө жоготуулар жалпы (регионалдык башкармалыктар менен) эсептик **14 099,2 миң сомду** түзгөн.

**Сунуш 6.1.2:** *Санариптик өнүктүрүү министрлиги*: мамлекеттик акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтерин кайра кароо боюнча өз убагында иш-чаралардын жүргүзүлбөгөнүнө байланыштуу, эсептик 14 099,2 миң сомго республикалык бюджеттин кирешесинин жоготууларына жол берген Архив кызматынын кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/корутунду 6.1.3:** Архив кызматынын берген маалыматына ылайык, 2023-жылы Архив кызматы тарабынан жалпы (регионалдык башкармалыктар менен) 4 159,3 миң сомго 27343 мамлекеттик акы төлөнүүчү кызмат даярдалып, бирок, кызматты алуучулар даярдалган кызматтарды алышкан эмес жана акы төлөнгөн эмес.

Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүнүн (иштердин) тарифтеринин (бааларынын) экономикалык негиздемеси болуп органдын тийиштүү кызмат көрсөтүүлөрдү (иштерди) аткарууга кеткен негизделген чыгымдарынын базасында аныктала турган өздүк нарк эсептелерин эске алганда, жогоруда аталган кызмат көрсөтүүлөрдө Архив кызматы жалпы (регионалдык башкармалыктар менен) 4 159,3 миң сомго чыгаша болгон, бирок кызмат алуучулар тарабынан кызмат акы төлөнүп берилген эмес жана чыгашалардын oopду толукталган эмес. Бул жагдай, республикалык бюджеттен жоготууларга алып келүү тобокелчилигин жаратат.

**Сунуш 6.1.3:** *Архив кызматы,* кызмат алуучулар тарабынан акы төлөнүүчү кызматтар даярдалган соң албагандыгына байланыштуу, республикалык бюджеттин каражаттарын жоготууга жол бербөө максатында көрсөтүлгөн акы төлөнүүчү кызматтарга өз учурунда жана толук төлөө механизмдерин иштеп чыгуу маселесин карасын.

**6.2. Чыгашалар боюнча.**

**Аныкталды/корутунду 6.2.1:** Архив кызматынын 2023-жылдын 25-сентябрындагы №19к буйругу менен Самарканд шаарында өтө турган Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештеги өлкөлөрүнүн архив кызматынын жетекчилеринин консультативдик кенешмесине катышууга төрайым М.А. Алыбаева Самарканд шаарына иш сапарга жөнөтүлгөн. Кеңешмени уюштуруучулардын 2023-жылдын 4-июлундагы №01-21-04/792 чакыруу-катына ылайык тамактанууга чыгымдарды чакыруучулар тарап өзүнө алат. Бирок, ага карабастан, төрайымдын буйругунун негизинде 19,8 миң сом суммасында суткалык акы төлөмдөр жүргүзүлгөн.

Ошондой эле, жогорудагы кеңешмеге катышууга Архив кызматынын төрайымы менен бирге Бишкек шаардык мамлекеттик архивинин директору М.Н. Мамадияров жөнөтүлгөн. Буйруктун негизинде суткалык акы төлөмдөр 19,8 миң сомду түзгөн.

Негизсиз төлөнгөн иш сапар чыгымдардын жалпы суммасы **39,6 миң сомду** түзгөн, алар тиешелүү отчет берүүчү адамдардын эсебинен республикалык бюджетке калыбына келтирилүүгө тийиш.

**Сунуш 6.2.1:** *Архив кызматы,* негизсиз төлөнгөн 39,6 миң сом суммасында иш сапар чыгымдарды тиешелүү отчет берүүчү адамдардын эсебинен республикалык бюджеттин кирешесине калыбына келтирүүнү камсыздасын.

**Аныкталды/корутунду 6.2.2:** *Жалал-Абад регионалдык башкармалыгынын* материалдык эсепчиси тарабынан жалпы 58,6 миң сомго авансалык отчеттор тапшырылган жана чыгымдар чыгышталган, анын ичинен 2023-жылы **6,0 миң сомго** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 «Иш сапар чыгымдарынын өлчөмү жана анын төлөнүшү» жөнүндөгү токтомунда көрсөтүлбөгөн, же тактап айтканда 25 километрден аз аралыкта жүргөн учурда жол кире чыгымдарына чыгашалар жүргүзүлгөн. *Аудит учурунда калыбына келтирилди.*

**6.3. Штаттык лимиттер жана эмгек акы боюнча.**

**Аныкталды/корутунду 6.3.1:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдагы 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча жобонун 332-пунктуна ылайык, *ай үчүн эмгек акыны кошуп эсептөө жана айдын экинчи жарымы үчүн төлөп берүү эсептөө-төлөө ведомосту (форма № Т-49) боюнча жүргүзүлөт. Эсептешүү-төлөө ведомостуна кызматкерлердин табелдик номерлери, фамилиясы жана аты-жөнү, кошуп эсептелген эмгек акынын жана жөлөк пулдардын берилген аванстын суммалары, кармап алынган салыктын ж.б суммалары жазылат.*

*Ошондой эле, аталган Жобонун 335-пунктунда: «эсептешүү-төлөө жана төлөө ведомостторуна, ал ведомостторду түзгөн жана текшерген кызматкерлер кол коет. Эмгек акыны төлөп берүүгө уруксатка бюджетик мекеменин жетекчиси жана башкы бухгалтери кол коет» – деп каралгын.*

Бирок, Архив кызматы эмгек акыны эсептөөдө эсептөө-төлөө ведомосту түзүлүп, тиешелүү кызматкерлер, башкы бухгалтер жана жетекчиси тарабынан кол коюлбайт.

**Сунуш 6.3.1:** Архив кызматы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 22.01.2024-жылдагы №1-Б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобонун 332 жана 335-пункттарынын негизинде, эмгек акыны эсептөөдө эсептөө-төлөө ведомосту түзүлүп, тиешелүү кызматкерлер, башкы бухгалтер жана жетекчиси тарабынан кол коюсу камсыздалсын.

**Аныкталды 6.3.2:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары каралган.

Ал эми, мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу

бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №434 токтому менен жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 токтому менен жөнгө салынган.

Ошону менен бирге, белгилей кетчү жагдай, 2022-жылдын 28-апрелинде кабыл алынган жана 2023-жыл ичинде колдонулуп келе жаткан Архив кызматынын жамааттык келишимде сый акы, жөлөкпул жана материлдык жардам төлөөлөрдүн көлөмү же чеги, критерийлери (кайсы учурда, иштеги көрсөткүчтөр; эмгек тартибин бузуулардын жоктугу; эмгектин натыйжаларына, сапатына баа берүү ж.б.) аныкталган эмес.

Архив кызматы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 Жарлыгында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №434 жана 2022-жылдын 1-августундагы №433 токтомдорунда каралбаган жана жамааттык келишимде көлөмү же чеги, так критерийлери (кайсы учурда, иштеги көрсөткүчтөр, эмгек тартибин бузуулардын жоктугу, эмгектин натыйжаларына, сапатына баа берүү ж.б.) аныкталбаган сый акы, жөлөкпул жана материлдык жардам төлөөлөрдү 2023-жылы жалпы 4 135,0 миң сомго жүргүзгөн, анын ичинен: атайын эсептен - 2 384,1 миң сом жана бюджеттик каражаттардан - 1 750,9 миң сом, тактап айтканда:

– өргүүгө чыкканда эки айлык эмгек акы фондунун өлчөмүндө ден соолукту чыңдоого жөлөкпулдан сырткары ден-соолугун чыңдоого, үй-бүлөлүк шарттарга жана материлдык абалы оор болгонуна байланыштуу 1ден 2ге чейин айлык акы өлчөмүндө жөлөкпул (материалдык жардам) 2 396,9 миң сомго, анын ичинен: атайын эсептен - 1 681,0 миң сом жана бюджеттик каражаттардан - 715,9 миң сом;

– олуттуу салымы үчүн, майрамдык күндөргө карата 10,0 миң сом, же 1 айлык акы өлчөмдө сый акы 1 738,2 миң сомго, анын ичинен: атайын эсептен - 703,2 миң сом жана бюджеттик каражаттардан - 1 035,0 миң сом;

Жогоруда көрсөтүлгөн кошумча төлөмдөрдүн көлөмү жана кайсы кызматкерлерге төлөнүшү Архив кызматынын жетекчинин буйругунун негизинде гана аныкталып жана төлөнүп келген. Бул жагдай, адам факторлорунун пайда болушунун тобокелчилигине алып келет.

**Корутунду 6.3.2:** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 Жарлыгында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №434 жана 2022-жылдын 1-августундагы №433 токтомдорунда каралбаган (өргүүгө чыкканда эки айлык эмгек акы фондунун өлчөмүндө ден соолукту чыңдоого жөлөкпулдан сырткары ден-соолугун чыңдоого жана олуттуу салымы үчүн майрамдык күндөргө карата кошумча төлөмдөр) жана жамааттык келишимде көлөмү же чеги, так критерийлери (кайсы учурда, иштеги көрсөткүчтөр, эмгек тартибин бузуулардын жоктугу, эмгектин натыйжаларына, сапатына баа берүү ж.б.)

аныкталбаган сый акы, жөлөкпул жана материалдык жардам төлөөлөрдү 2023-жылы жалпы 4 135,0 миң сомго жүргүзгөн, анын ичинен: атайын эсептен - 2 384,1 миң сом жана бюджеттик каражаттардан - 1 750,9 миң сом.

Жогоруда көрсөтүлгөн кошумча төлөмдөрдүн көлөмү жана кайсы кызматкерлерге төлөнүшү Архив кызматынын жетечисинин буйругунун негизинде гана аныкталып жана төлөнүп келген. Бул жагдай, адам факторлорунун пайда болушунун тобокелчилигине алып келет.

**Сунуш 6.3.2:** *Санариптик өнүктүрүү министрлиги,* Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 Жарлыгында (Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары), Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 жана 2022-жылдын 1-августундагы №434 токтомдорунда каралбаган (өргүүгө чыкканда эки айлык эмгек акы фондунун өлчөмүндө ден соолукту чыңдоого жөлөкпулдан сырткары ден-соолугун чыңдоого жана олуттуу салымы үчүн майрамдык күндөргө карата кошумча төлөмдөр) эмгек акы боюнча төлөмдөрдү бюджеттик каражаттардын эсебинен жүргүзүүгө жол берген Архив кызматынын жооптуу кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды 6.3.3:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө Жобонун 2-пунктуна ылайык, оор жумуштар жана зыяндуу же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөм (мындан ары - кошумча төлөм) оор, зыяндуу, кооптуу, же эмгек шарттары өзгөчө башка жумуш орундарынын тизмегине ылайык белгиленет.

Ушул Жобонун 4-пунктунда, жумуш орундарын колдонуудагы санитардык эрежелердин жана ченемдердин талаптарына шайкеш келтирүү үчүн шарттарды жакшыртуу жана эмгекти коргоо боюнча жүргүзүлгөн комплекстүү уюштуруу-техникалык иш-чараларды эсепке алуу менен, жыл сайын кайра каралып турары белгиленген.

Бирок, Архив кызматы, 2022-жылдын 26-сентябрынан бир жыл өткөндөн кийин 2023-жылдын сентябрынан жумуш орундарын колдонуудагы санитардык эрежелердин жана ченемдердин талаптарына шайкеш келтирүү үчүн шарттарды жакшыртуу жана эмгекти коргоо боюнча жүргүзүлгөн комплекстүү уюштуруу-техникалык иш-чараларды эсепке алуу менен кайра карап чыкпастан, Мамсанэпидкөзөмөл борборунун 2022-жылдын 26-сентябрындагы №176 метеорологиялык факторлорду өлчөө Протоколунун негизинде 2023-жыл ичинде кошумча төлөм жүргүзүлүп келген.

Аудитке берилген маалыматка ылайык, 2023-жылы үчүн оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштарга кошумча төлөм 9 358,0 миң сомду түзгөн, анын ичинен: сентябрь айынан тартып декабрь айына чейин мезгил аралыгында 3 159,2 миң сомду түздү.

**Корутунду 6.3.3:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби

жөнүндө Жобонун 4-пункту сакталбастан (санитардык эрежелердин жана ченемдердин талаптарына шайкеш келтирүү) 2023-жылдын сентябрь айынан тартып декабрь айына чейин мезгил аралыгында оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштарга кошумча төлөм 3 159,2 миң сомго жүргүзүлгөн.

**Сунуш 6.3.3:** *Архив кызматы*, оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштарга кошумча төлөмдөрдү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө Жобого шайкеш келтирүү боюнча тийиштүү иштерди алып барсын.

**6.4. Дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча.**

**Аныкталды 6.4.1:** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 2-беренесинин 1-бөлүгүнүн 27 пунктуна ылайык, *корголгон беренелер – биринчи кезектеги тартипте каржылоого сунуш кылынган жана кыскартылууга жатпаган чыгашалардын экономикалык классификациясынын беренелери: эмгек акы, Социалдык фондго төгүмдөр, медикаменттерди жана жана медициналык багыттагы буюмдарды сатып алууга, тамак-аш азыктарын сатып алууга, социалдык камсыз кылуу боюнча жөлөкпулдарга, калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпулдар, стипендиялар.*

*Ошондой эле, «Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө» КРнын Мыйзамынын 6-беренесинин 1-бөлүгүндө: «Корголгон беренелер, ошондой эле мамлекеттик карыз милдеттенмелери жана мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктерине учурдагы гранттар (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна трансферттер) боюнча чыгашаларды каржылоо биринчи кезектеги тартипте жүргүзүлсүн» – деп каралган.*

*Ошону менен бирге, аталган Мыйзамдын 6-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, корголгон беренелер боюнча өздүк чыгашаларды толугу менен камсыз кылуу жоопкерчилиги мамлекеттик органдардын жетекчилерине жүктөлгөн.*

Бирок, Архив кызматынын жалпыланган (регионалдык башкармалыктар менен) А22 формасындагы бюджеттик жана атайын эсептер боюнча кредитордук карыздар жөнүндө отчетуна ылайык, 2023-жылдын 31-декабрына карата корголгон беренелер боюнча кредитордук карыздар жалпы 499,9 миң сомду түзгөн, анын ичинен: 449,8 миң сом 2111 «Эмгек акы» беренесинен Социалдык фондго чегерүүлөр (8% и 2%) жана 2121 «Социалдык фондго чегерүүлөр» - 50,1 миң сом.

**Корутунду 6.4.1:** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 2-беренесинин 1-бөлүгүнүн 27 пунктун жана «Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, биринчи кезектеги тартипте финансы каражаттары корголгон беренелер боюнча чыгашаларды жабууга багытталган эмес, 2023-жылдын 31-декабрына карата корголгон беренелер боюнча кредитордук карыздар жалпы (регионалдык башкармалыктар менен) **499,9 миң сомду** түзгөн, анын ичинен:

449,8 миң сом - 2111 «Эмгек акы» беренесинен Социалдык фондго чегерүүлөр (8% и 2%) жана 50,1 миң сом - 2121 «Социалдык фондго чегерүүлөр».

**6.4.1 Сунуш:** *Санариптик өнүктүрүү министрлиги*, биринчи кезектеги тартипте финансы каражаттары корголгон беренелер боюнча чыгашаларын жабууну камсыз кылбаган Архив кызматынын жетекчилеринин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/корутунду 6.4.2:** *Чуй регионалдык башкармалыгында*, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын негизинде, 2023-жылдын аягына карата дебитордук жана кредитордук карыздын ортосундагы айырма **265,4 миң сомго** аныкталды.

**Сунуш 6.4.2:** *Чуй регионалдык башкармалыгы*, дебитордук жана кредитордук карыздын ортосундагы 265,4 миң сомго айырманын пайда болушунун себептерин жана 2024-жылы алардын пайдаланышын талдап чыгып, тийиштүү чара көрүлсүн.

**6.5. Негизги каражаттар жана товардык материалдык баалуулуктар боюнча.**

**Аныкталды 6.5.1:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча жобонун 131-133 пунктарына ылайык, *негизги каражаттар адегенде алгачкы нарк боюнча эсепке алууда таанылат. Негизги каражаттардын алгачкы наркы төлөнгөн акча каражаттарынын суммасын же акча каражаттарынын эквиваленттерин же аны сатып алуу учурундагы негизги каражаттарды же курулмаларды сатып алуу үчүн өткөрүлүп берилген башка каршылыктуу берүүнүн адилеттүү наркын түшүндүрөт.*

*Эгер негизги каражаттар акысыз алынса жана алардын баланстык наркы белгилүү болсо, анда мындай негизги каражаттар баланстык нарк боюнча эске алынат.*

*Негизги каражаттардын баланстык наркы – бул белгилүү бир датага карата топтолгон амортизациядан жана баасы түшүүдөн улам топтолгон зыяндан кемитилген алгачкы нарк.*

*Эгерде алынган негизги каражаттын баланстык наркы белгисиз болсо, мындай негизги каражаттар адилеттүү нарк боюнча эске алынат.*

*Негизги каражаттардын адилеттүү наркы – бул кабардар болгон, мындай торукту жүргүзүүнү каалагандар жана бири-биринен көз карандысыз тараптардын ортосунда турукту жүргүзүүдө негизги каражаттарды алмаштыруучу сумма эсептелет.*

*Ошондой эле, аталган Жобонун 137 пунктуна ылайык, Жер участоктору жана имараттар өзүнчө активдер болуп саналат жана өзүнчө эсептелет. Бухгалтердик эсепке алуу максаты үчүн сатып алынган наркы боюнча эске алынат. Эгерде мекемеге жер участогу кайтарымсыз негизде берилсе, ал атайын ведомостто эске алынат.*

*Жогоруда аталган Жобонун 576 пунктунда «Жерди жана башка өндүрүштүк эмес активдерди эсепке алуу үчүн эсеп-чот планында 314 «Жер жана башка өндүрүштүк эмес активдер» тобу каралган, ал 3141 «Жер» бир топчосунан турат»* – деп каралган.

Аудитке берилген маалыматтар боюнча, Архив кызматы боюнча жалпы (регионалдык башкармалыктар менен) 65 бирдик жер тилкеси бар, алардын ичинен 49 бирдик аянты 66 160 ч.м. жер тилкелеринин адилет наркы аныкталган

эмес жана 16 бирдик жер тилкелеринин аянттары белгисиз. Жер тилкелер Архив кызматына кайтарымсыз негизде берилген, алардын алгачкы жана баланстык нарктары белгисиз.

Архив кызматы тарабынан жер участокторунун адилет наркы аныкталган эмес жана 31.12.2023-жылга карата жер участокторунун эсеби бухгалтердик эсепте жана финансылык отчеттордо чагылдырылган эмес.

**Корутунду 6.5.1:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча жобонун 131-133 пунктары сакталбастан, Архив кызматы жалпы (регионалдык башкармалыктар менен) 49 бирдик аянты 66 160 ч.м. жер тилкелеринин адилет наркы аныкталган эмес жана 16 бирдик жер тилкелеринин аянттары белгисиз. Ошону менен бирге, аталган Жобонун 137 жана 576 пунктарын бузуу менен 31.12.2023-жылга карата жер тилкелери бухгалтердик эсепте жана финансылык отчетто чагылдырылган эмес.

**Сунуш 6.5.1:** Архив кызматы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобого ылайык, жер тилкелерине инвентаризациялоо жүргүзүп, алардын аянттары, адилет наркы аныкталып, бухгалтердик эсеп боюнча кириштелсин.

**Аныкталды/корутунду 6.5.2:** *Баткен жана Ош регионалдык башкармалыктары* Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлунудагы №2-Б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча жобону сактабастан, кызматтык авто унаанын жол баракчаларында каралган реквизиттер толук толтурулбагандыгы аныкталды, тактап айтканда, жол баракчасында авто унаанын спидометринин көрсөткүчү жазылбайт, жана авто унаадагы иш жүзүндөгү спидометрдин көрсөткүчү менен салыштырылбайт. Бул жагдай авто унааны жеке кызыкчылыгы менен колдонуу тобокелчилигине алып келет.

**Сунуш 6.5.2 :** *Баткен жана Ош регионалдык башкармалыктары:* авто унаанын жол баракчаларында каралган реквизиттер толук толтурбаган кызматкерлерге карата чара көрүлсүн, авто унаанын жол баракчаларын туура толтуруу боюнча түшүндүрмө иштери жүргүзүлсүн жана мындан ары иретке келтирүү боюнча жумуш алып барылсын.

**Аныкталды/корутунду 6.5.3:** *Чүй регионалдык башкармалыгы* Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун 26-пунктун бузуу менен 2023-жылга карата материалдык жооптуу адамдардын тизмеси түзүлгөн эмес жана бекитилген эмес, ошондой эле материалдык жооптуу адамдар менен материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишим түзүлгөн эмес.

**Сунуш 6.5.3:** Чуй регионалдык башкармалыгы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун 26-пунктунун негизинде материалдык жооптуу адамдар менен материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишим түзүүнү камсыз кылсын.

**Аныкталды/корутунду 6.5.4:** *Ысык-Көл жана Нарын регионалдык башкармалыктары* тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» нускаманын талаптары жалпы **130,8 миң сомго** сакталган эмес, анын ичинен: Ысык-Көл регионалдык башкармалыгы боюнча 72,5 миң сом суммасында жана Нарын регионалдык башкармалыгы боюнча 58,3 миң сом суммасында товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастары аныкталган.

**Сунуш 6.5.4:** *Ысык-Көл жана Нарын регионалдык башкармалыктары:* 72,5 миң сом жана 58,3 миң сом суммасында аныкталган товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын, келерки отчеттук жыл үчүн каржылоодо эске алуу жагы каралсын.

**Аныкталды 6.5.5:** *Нарын регионалдык башкармалында:* «мүлктөргө учурдук ремонттоо үчүн сарпталуучу чыгымдар» 2221-беренеси аркылуу аудит камтыган мезгил аралыгында жалпы 221,1 миң сомго Архив кызматынын Нарын регионалдык башкармалыгынын имаратынын ички бөлмөсүнө капиталдык оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлгөн.

Ал эми, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 жана 2023-жылдын 11-июлундагы №2-б буйруктарынын талаптары боюнча аталган жогорудагы мүлктөргө учурдук оңдоо үчүн сарпталуучу чыгымдар «3111 капиталдык оңдоп-түзөө» беренеси боюнча жүргүзүлүп негизги фонддордун баланстык баасы жалпы 221,1 миң сомго көбөйүшү керек болчу, бирок аталган курулуштар 2221-беренеси аркылуу жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу эсептен түздөн-түз чыгымдарга алып барылып чыгышталган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак-жай коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 18-майындагы №4-нпа «Курулуш өндүрүмүнүн наркын эсептеп чыгарууда кошумча чыгымдардын өлчөмүн эсептеп чыгуунун тартиби жөнүндө Усулдук көрсөтмөлөрдү, Курулуштагы сметалык пайданын өлчөмүн аныктоо боюнча Усулдук көрсөтмөлөрдү, Кыргыз Республикасынын аймагында курулуштун наркын аныктоочу усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү тууралуу» буйругундагы Усулдук көрсөтмөсүнүн 3-тиркемесинин 3-бөлүмүнүн 3.8-бөлүмчөсүндө имараттарды жана курулмаларды капиталдык оңдоого имараттардын, курулмалардын, тетиктердин жана инженердик жабдуулардын айрым бөлүктөрүн физикалык эскерүүсүнө жана бузулушуна байланыштуу бир

кыйла бышык жана үнөмдүү кылып калыбына келтирүү же алмаштыруу, алардын иштөөсүн жакшыртуу боюнча жумуштар кирет.

Ал эми, учурдагы оңдоо конструкциялардын, жасалгалардын, инженердик жабдуулардын эскиришине жол бербөө боюнча системалуу жана өз убагында жүргүзүлүүчү иштерди, ошондой эле майда бузулууларды жана бузулууларды жоюу иштерин камтый турары белгиленген.

**Корутунду 6.5.5:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137, 2023-жылдын 11-июлундагы №2-б жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак-жай коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 18-майындагы №4-нпа буйруктарынын талаптарын бузуу менен, Нарын регионалдык башкармалыгынын имаратынын ички бөлмөсүнө **221,1 миң сомго** капиталдык оңдоп-түзөө иштери «3111 капиталдык ондоп-түзөө» беренеси боюнча негизги фонддордун баланстык баасын көбөйтпөстөн, аталган курулуштар 2221 «Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар» беренеси аркылуу жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу эсептен түздөн-түз чыгымдарга алып барылып чыгышталган. *Аудит учурунда бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп жана Архив кызматынын Нарын регионалдык башкармалыгынын балансына көбөйтүү үчүн бухгалтердик маалымат түзүлдү.*

**6.6. Мамлекеттик сатып алуулар боюнча.**

**Аныкталды 6.6.1:** 2023-жылдын 23-августундагы №230823398190888 Долбоордук-сметалык документтерди (эскизди) иштеп чыгуу боюнча кызмат көрсөтүүгө чектөөсүз ыкма менен пландаштырылган 1 400,0 миң сомго мамлекеттик сатып аллуу боюнча сынак жарыяланган. Бул сынака 2 катышуучу сунуштарын берген: «Архи Вижн» ЖЧКсы - 1 223,3 миң сомго жана «Нур-Строй-Групп» ЖЧКсын - 1 300,0 миң сомго.

Сынактын (конкурстун) жеңүүчүсү болуп «Архи Вижн» ЖЧКсы таанылып 1 223,3 миң сом суммасына келишим түзүлгөн.

Мында белгилей кетүүчү нерсе, конкурстун шарты катары төмөнкүдөй квалификациялык талаптар белгиленген:

*– Келишимди аткаруу үчүн сунушталган болжолдуу кызмат ордунда 5 (беш) жылдан кем эмес мүнөзү боюнча окшош иштерди аткаруу тажрыйбасы бар жетекчинин жана негизги адистердин болушу; сертификат, эмгек келишими жана эмгек китепчеси, эмгек келишимдерин жана эмгек китепчелерин тиркелүүсү;*

*– Жумушту аткаруу үчүн тиешелүү адистерге жарактуу сертификаттарды берүүсү. Сканерден өткөрүлгөн көчүрмөлөрдү тиркөө: 1) адистердин сертификаттары, 2) Ошол адисти ишке жалдоо фактысын ырастаган эмгек китепчесин, же буйрукту, же келишимди.*

Бирок, конкурстун жеңүүчүсү «Архи Вижн» ЖЧКсы тарабынан жогоруда аталган квалификациялык талаптар боюнча эмгек мамилелери бар экендигин тастыктабастан, жеке адамдарга сертификаттар берилген, б.а. эмгек китепчелери, эмгек келишими, жумушка алуу жөнүндө буйрук тиркелген эмес. Ошондой эле, келишимди аткаруу үчүн сунушталган болжолдуу кызматта 5 (беш) жылдан кем эмес мүнөзү боюнча окшош тажрыйбасы бар жетекчинин жана негизги адистердин бар экендиги жөнүндө тастыктоочу документтер жок.

Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын 26-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, *сатып алуучу уюм/Агент берүүчүнүн сунушун, эгерде анда сатып алуу жөнүндө документтерден баяндалган мүнөздөмөлөрдөн, шарттардан жана башка талаптардан олуттуу түрдө өзгөрүлбөгөн, же олуттуу түрдө четтебеген анча-мынча дал келбестиктер болсо, талаптарга жооп берет деп карашы мүмкүн.*

*Төмөнкү четтөөлөр, жаңылыштыктар олуттуу болуп саналат эгер:*

*– товарларды, же жумуштарды берүүнүн предметине, же көлөмүнө, же сапатына, же сатып алуу жөнүндө документтердин талаптарын аткарууга олуттуу таасир көрсөтүүчү талап кылынган документтер, же маалыматтар жок болсо;*

*– белгиленген талаптарга негиздүү деңгээлде жооп берүүчү сунуштарды берген башка берүүчүлөрдү бирдей эмес шарттарга коюусу мүмкүн болсо.*

**Корутунду 6.6.1:** Архив кызматынын конкурстук комиссиясы 2023-жылдын 23-августундагы №230823398190888 Долбоордук-сметалык документтерди (эскизди) иштеп чыгуу боюнча кызмат көрсөтүүгө мамлекеттик сатып алууга сынак боюнча «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинин 4-бөлүгүн бузуу менен, квалификациялык талаптарга шайкештигин тастыктоо үчүн талап кылынган документтердин жана маалыматтардын жоктугуна карабастан, «Архи Вижн» ЖЧКсынын 1 223,3 миң сомго сынакка сунушу, сынактын квалификациялык талаптарына жооп берет деп табылып, сынактын женүүчүсү деп табылган жана келишим түзүлгөн.

**Сунуш 6.6.1:** Архив кызматы, мамлекеттик сатып алуу боюнча түзүлгөн конкурстук комиссияга өз убагында «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдери боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн жана аларды бузууга жол берилбешин камсыз кылсын.

**Аныкталды/корутунду 6.6.2:** *Жалал-Абад регионалдык башкармалыгы* тарабынан мамлекеттик сатып алуулар порталында жарыяланган конкурстарда Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын 9-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1- пунктун сакталбай, бааларга мониторинг жүргүзүлбөстөн, сатып алуулар жүргүзүлгөн.

*Талас регионалдык башкармалыгы* тарабынан мамлекеттик сатып алуулар порталында жарыяланган конкурстарда Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын 22-беренесинин берүүчүнүн сунушуна кепилдикти камсыз кылуу боюнча талаптары колдонулбай келген, тактап айтканда жогоруда айтылган берененин 3-бөлүгүндө көрсөтүлгөн «сатып алуучу уюм берүүчүнүн сунушуна кепилдикти камсыз кылуу талабынын формалары» мамлекеттик сатып алууларда колдонулган эмес.

**Сунуш 6.6.2:** *Жалал-Абад жана Талас регионалдык башкармалыктары:* Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамында көрсөтүлгөн сатып алынуучу товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногуна мониторинг жүргүзүү жана берүүчүнүн сунушуна кепилдикти камсыз кылуу тууралуу талаптардын аткарылышы боюнча тийиштүү чара көрүлсүн.

## 7. **«Инфоком» мамлекеттик ишканасы**

(учурда «Кызмат» мамлекеттик мекемеси)

**7.1. Кирешелер боюнча.**

**Аныкталды/корутунду 7.1.1:** Кыргыз Республикасынын жаранынын жалпы жарандык паспортун жекелештирүүнүн наркы жана улуттук үлгүдөгү идентификациялык картасын даярдоо наркы боюнча «Инфоком» МИси Кыргыз Республикасынын товардык рыногунда үстөмдүк абалды ээлейт (Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинин 2017-жылдын 13-февралындагы №7 МИ буйругу). Ушундан улам, аталган паспорттордун наркы Санариптик өнүктүрүү министрлиги менен макулдашуу боюнча «Инфоком» МИнин буйругу аркылуу бекитилет.

Кыргыз Республикасынын жаранынын жалпы жарандык паспортун жекелештирүүнүн иш жүзүндөгү наркын аныктоодо, 2023-жылы тартипке ылайык макулдашылган тариф менен аткаруунун ортосунда айырмачылык аныкталды. 2023-жылга тариф 526 сом өлчөмүндө бекитилген, же пландалган сумма 461,43 (КНС, сатуудан салыкты кошпогондо) сомду түзүп, иш жүзүндөгү наркы болсо 434,39 сомду түзгөн, ошондо айырмачылык 1 паспорт үчүн 27,04 сом болгон, тактап айтканда:

| № | Аталышы | Пландалган сумма | Иш жүзүндөгү сумма | Айырма |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Түз чыгымдар | 110 | 110,89 | 0,89 |
| | *Өзгөрүлмө чыгымдар* | | | |
| | *Операциялык чыгымдар* | | | |
| 2 | Кыйыр чыгымдар | 259,14 | 236,62 | 22,52 |
| | *Административдик чыгымдар* | | | |
| | *ТТБ чыгымдары* | | | |
| | *КТБ чыгымдары* | | | |
| 3 | 1 ЖЖПга бардык чыгымдар | 369,14 | 347,51 | 21,63 |
| 4 | Рентабелдүүлүк менен бардыгы | 461,43 | 434,39 | 27,04 |
| 5 | Айына орточо саны | 29431 | 33877 | |
| | Жылына саны | 353172 | 406524 | |

2023-жылы жекелештирилген Кыргыз Республикасынын жаранынын жалпы жарандык паспорттору 406524 даана берилген, ал эми орточо айына 33877 дааналы түзгөн. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 токтому менен бекитилген Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө жобого ылайык, жалпы жарандык паспортторду кадимки тартипте жекелештирүү боюнча иш жүзүндөгү наркы менен бекитилген тарифтин айырмасынан алган кирешенин жалпы суммасы **10 992,4 миң сомду** (406 524 даана*27,04 сом) түзгөн, төлөнгөн салыктарды алып салуудан кийин 9 893,2 миң сом.

**Сунуш 7.1.1:** *Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматына:* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 токтому менен бекитилген, Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин

товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө жобонун 20 жана 21-пункттарына ылайык, Кыргыз Республикасынын жаранынын жалпы жарандык паспортун жекелештирүүдөн «Инфоком» мамлекеттик ишканасы (учурда «Кызмат» мамлекеттик мекемеси), 2023-жылы жалпы жарандык паспортторду кадимки тартипте жекелештирүү боюнча иш жүзүндөгү наркы менен бекитилген тарифтин айырмасынан 10 992,4 миң сом суммасында алган киреше боюнча маселени карап чыгуусу жана тиешелүү чечим кабыл алуусу, ошондой эле салыктарды эске алуу менен, республикалык бюджетке которуу жагы каралсын.

**7.2. Чыгашалар боюнча.**

**Аныкталды/корутунду 7.2.1:** «Инфоком» мамлекеттик ишканасы 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча бюджетке салыктык чегерүүлөр түрүндө 532 509,8 миң сом которгон, бул 2022-жылга салыштырмалуу 161 381,8 миң сомго көп. Ошондой эле, социалдык төгүмдөр 167 326,4 миң сом суммасында которулган жана 2023-жылы сатылып алынган компьтердик жабдуулар (паспортту жекелештирүү боюнча) үчүн 527,4 миң сомго бажы кызматынын төлөмдөрү үчүн төлөнгөн. Салыктардын жана чегерүүлөрдүн жалпы суммасы 699 836,2 миң сомду түзгөн.

Мындан сырткары «Инфоком» мамлекеттик ишканасы тарабынан 2023-жылы 632,8 миң сомго жер жана мүлк салыктары үчүн алдын ала ашыкча төлөмдөр жүргүзүлгөн.

**Сунуш 7.2.1:** «*Кызмат» мамлекеттик мекемеси*, салык төлөмдөрүн алдын ала жүргүзүлгөндүгүн эске алуу менен, мындан ары дебитордук карыздардын өлчөмүнүн жогорулашына жол бербөө максатында, салыктык чегерүүлөрдү жүргүзүүдө, ашыкча төлөмдөргө жол берилбесин.

**7.3. Штаттык лимиттер жана эмгек акы боюнча.**

**Аныкталды/корутунду 7.3.1:** «Инфоком» мамлекеттик ишканасынын 2022-жылдын 15-июнундагы №5 токтому менен бекитилген «Инфоком» мамлекеттик ишканасынын жамааттык келишиминин 7-бөлүмүнүн 7.4.5.-пунктунда жана «Инфоком» мамлекеттик ишканасынын 2020-жылдын 22-декабрындагы №257/п буйругу менен бекитилген жобосунун 5-бөлүмүнүн 5.4.-пунктунда: *«кызматкерге Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 146-беренесинде каралган тартиптик жаза колдонуу, анын үстөк акысынан кийин жарым-жартылай, же толук ажыратууга тоскоол болуп саналбайт жана бул дисциплинардык жазанын кесепети болуп саналат. Сыйлыктарды төмөндөтүүнүн өлчөмдөрү: - буйрук менен жарыяланган эскертүү үчүн - 50%, буйрук менен жарыяланган сөгүш үчүн - 100%»* - деп каралган.

«Инфоком» мамлекеттик ишканасынын кадрлар бөлүмүнүн берген маалыматына карата 2023-жылдын 01-январынан тарта 2023-жылдын 31-декабрына чейинки аралыкда «Инфоком» мамлекеттик ишканасынын буйругу менен 47 кызматкери тартиптик жазага тартылган, анын ичинен 27 кызматкерге эскертүү, 20 кызматкерге сөгүш берилген жана ишканасынын атайын түзүлгөн комиссиясы тарабынан кварталдык сый акылардан жалпы 498,7 миң сом кармалган. Бирок, дисциплинардык жаза алынган учурдан тартып 2023-жылдын аягына чейин 27 кызматкерге жаза жоюлбаганына карабастан,

майрамдар жана корпоративдик күндөргө бир жолку сыйлыктар эскертүү үчүн 50% жана сөгүш үчүн 100% төмөндөтпөстөн **1 351,3 миң сомго** ашыкча ыйгарган.

**Сунуш 7.3.1:** *«Кызмат» мамлекеттик мекемеси,* «Инфоком» мамлекеттик ишканасы боюнча дисциплинардык жаза алган кызматкерлерге карата жамааттык келишимдердин шарттарын сактабастан, 1 351,3 миң сомго ашыкча сый акыларды төлөө жүргүзгөндүгү үчүн тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**7.4. Негизги каражаттар жана товардык материалдык баалуулуктар боюнча**

**Аныкталды/корутунду 7.4.1:** Мамлекеттик ишканада негизги каражаттарды эсепке алуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Малекеттик катоо кызматынын алдындагы «Инфоком» мамлекеттик ишканасынын 2016-жылдын 30-декабрындагы №249/п буйругунун негизинде бекитилген Эсеп саясатына ылайык баштапкы наркы боюнча жүргүзүлөт. Ал эми «Инфоком» МИсине таандык болгон жер тилкесинин жалпы аянты 5 607,6 чарчы метр эч кандай наркка ээ эмес.

ФОЭС (IAS) 16 стандарттын максаты негизги каражаттарды эсепке алуу тартибин аныктоо болуп саналат, ошондуктан финансылык отчеттуулукту пайдалануучулар уюмдун негизги каражаттарга инвестициялары жана мындай инвестициялардагы өзгөрүүлөр жөнүндө маалымат ала алышат. Негизги каражаттарды эсепке алуунун негизги маселелери болуп активдерди таануу, алардын баланстык наркын аныктоо, ошондой эле таанылууга тийиш болгон баанын түшүүсүнөн келип чыккан тиешелүү амортизациялык чегерүүлөр жана чыгашалар саналат.

**Сунуш 7.4.1:** *«Кызмат» мамлекеттик мекемеси,* «Инфоком» мамлекеттик ишканасы боюнча ФОЭС (IAS) 16-стандартына ылайык, ишкананын балансында турган жер участокторун баалоо жүргүзүп, баланс боюнча эсепке алуу үчүн алардын адилет наркын аныктоо менен негизги каражаттарды эсепке алууну камсыз кылсын.

**Аныкталды/корутунду 7.4.2:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-сентябрындагы №515 жана 2022-жылдын 31-июлундагы №376 токтому менен бекитилген Санариптик өнүктүрүү министрлигинин алдындагы «Инфоком» мамлекеттик ишканасынын Уставынын 6 пунктуна ылайык, Ишкана толук финансылык эсептин жана өзүн-өзү финансылоонун принциптеринде негизинде, акча каражаттарын натыйжалуу пайдалануу максатында жүзөгө ашырат.

Бирок, аудитке берилген маалыматка ылайык, 2023-жылдын 31-декабрына карата «Инфоком» мамлекеттик ишканасынында 2 559,1 миң сомдук негизги фонддор (каражаттар) жана 155,1 миң сомдук баалуу инвентарлык каражаттар өтүмсүз (неликвид) кыймылсыз мүлктөр болгонуна карабастан, Ишкана тарабынан мүлктөрдү эффективдүү жана рационалдуу пайдалануу менен тийиштүү иштер алып барылбай келет.

**Сунуш 7.4.2:** *«Кызмат» мамлекеттик мекемеси,* «Инфоком» мамлекеттик ишканасы боюнча узак убакыттан бери турган өтүмсүз (неликвид) мүлктөрдү,

негизги фонддорду жана баалуу инвентарлык каражаттарды эффективдүү жана рационалдуу пайдалануу боюнча тийиштүү иштер жүргүзүлсүн.

**7.5. Мамлекеттик сатып алуулар.**

**Аныкталды/корутунду 7.5.1:** «Инфоком» мамлекеттик ишканасы төмөндө көрсөтүлгөн жеткирүүчүлөр тарабынан келишимдердин 5.2. пунктунда көрсөтүлгөн продукцияларды жеткирүү шарттарын бузгандыгы үчүн, кечиктирген продукцияны наркынан ар бир күн үчүн 0,1% өлчөмүндө, жалпысынан 396,0 миң сом өлчөмүндө жеткирүүчүлөрдөн айыптык санкциялар кармалып калган эмес, анын ичинен: «Айдиметрикс» ЖЧКсынан 2023-жылдын 21-февралындагы №80-2023 келишим боюнча 318,0 миң сом, «Айс НЖ» ЖЧКсынан 2023-жылдын 16-мартындагы №112-2023 келишим бюнча 59,2 миң сом жана «Торг трейд» ЖЧКсынан 2023-жылдын 16-мартындагы №111-2023 келишим боюнча 18,8 миң сом.

## 8. <u>«Кыргызтелеком» ААКсы, анын филиалдары жана туунду ишканалары</u>

**8.1. Кирешелердин толуктугу жана өз убагында алынышы.**

**Аныкталды 8.1.1:** Аудитке берилген 2023-жылга карата «Кыргызтелеком» ААКсында кыймылсыз мүлктөр боюнча маалыматтарга ылайык, өтүмсүз (неликвид) кыймылсыз мүлктөрдү кошпогондо, бош пайдаланылбаган кыймылсыз мүлктөр жалпы 2397,94 кв. м. аянты менен 26 бирдикти түзгөн. Мисалы:

- Ош облустук филиалындагы Бел-Кайрагач АТС имараты турак эмес жайдын аянты 97,0 чарчы метр;
- Ысык-Көл облустук филиалында Сары-Камыш а., Жоомартов көч., н/ж дареги боюнча турак эмес жайдын аянты 54,5 кв. м.;
- Жалал-Абад облустук филиалында Жергетал а/ө, Жергетал айылы Субанов көчөсү 86 дареги боюнча турак эмес жайдын аянты 1153,6 чарчы метр;
- Баткен облустук филиалында Разаков көчөсүнүн 80/4 дареги боюнча турак эмес жайдын аянты 113 чарчы метр.

Кыймылсыз мүлктөр ижарага берүүдөгү филиалдардагы орточо эсептик наркы боюнча маалымат ушул аудитке берилбегенине байланыштуу, кирешелер боюнча кошумча резервдерди аудит учурунда эсептөөгө мүмкүн болгон жок.

«Кыргызтелеком» ААКсы тарабынан бош кыймылсыз мүлктөр жөнүндө ведомстволук сайтта, же башка жарнамалык аянтчаларда ижарага берүү үчүн кулактандыруу жарыялоо жана аукцион өткөрүү «Кыргызтелеком» ААКсынын 2018-жылдын 22-июнундагы №01-9/404 буйругу менен бекитилген «Кыймылсыз мүлк объекттерин ижарага берүү жана сатуу жөнүндө» жобосунда каралган эмес жана иш жүзүндө аталган иш-чаралар жүргүзүлбөй келет.

Кыргыз Республикасынын «Акционердик коомдор жөнүндө» Мыйзамынын 3-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, *акционердик коом - пайда табуу максаты менен иш жүргүзгөн жана акцияларды чыгаруу жана жайгаштыруу жолу менен каражаттарды тартуучу юридикалык жак болуп саналат.*

Ошондой эле, «Кыргызтелеком» ААКсы кыймылсыз мүлк объекттерин ижарага берүү жана сатуу жөнүндө жобонун 1.3-пунктуна ылайык, жобонун жалпы максаты «Кыргызтелеком» ААКсы кыймылсыз мүлк объекттерин компаниянын рыноктук ишинин максатына жана стратегиясына ылайык натыйжалуу пайдалануу, ошондой эле ижара келишимдерин түзүү процессин тартипке келтирүү болуп саналат.

**Корутунду 8.1.1:** 2023-жылга карата «Кыргызтелеком» ААКга караштуу кыймылсыз мүлктөр боюнча маалыматтарга ылайык, өтүмсүз (неликвид) кыймылсыз мүлктөрдү кошпогондо, бош пайдаланылбаган кыймылсыз мүлктөр жалпы 2397,94 кв.м. аянты менен 26 бирдикти түзгөн. «Кыргызтелеком» ААК тарабынан бош жайлар жөнүндө ведомстволук сайтта же башка жарнамалык аянтчаларда ижарага берүү үчүн кулактандыруу жарыялоо жана аукцион өткөрүү «Кыргызтелеком» ААКнын 2018-жылдын 22-июнундагы №01-9/404 буйругу менен бекитилген «Кыймылсыз мүлк объекттерин ижарага берүү жана сатуу жөнүндө» жобосунда каралган эмес жана иш жүзүндө аталган иш-чаралар жүргүзүлбөй келет.

**Сунуш 8.1.1:** «Кыргызтелеком» ААКсы, Кыргыз Республикасынын «Акционердик коомдор жөнүндө» Мыйзамынын 3-беренесинин 1 -бөлүгүнө жана «Кыймылсыз мүлк объекттерин ижарага берүү жана сатуу жөнүндө» жобонун («Кыргызтелеком» ААКнын 2023-жылдын 20-декабрындагы №627 буйругу менен бекитилген) 1.3-пунктуна ылайык, киреше булактарын жогорулатуу жана бош кыймылсыз мүлктөрдү рационалдуу пайдалануу максатында бош пайдаланылбаган кыймылсыз мүлктөр боюнча тийиштүү иш-чараларды жүргүзүү каралсын.

**Аныкталды 8.1.2:** «Кыргызтелеком» ААКсынын 2018-жылдагы №01-9/404 буйругу менен бекитилген Кыймылсыз мүлк объектилерин ижарага берүү жана сатуу жөнүндө Жобонун 5.4-пунктуна ылайык, ижарага алынган объекттерде капиталдык-курулуш иштерин (оңдоо, реконструкциялоо ж.б.) аткарууда ижарачы ижарага берүүчү менен долбоордук-сметалык документтерди макулдашат. Ижарага алынган объекттердин шарттарын жакшыртууга алып келүүчү капиталдык иштер үчүн чыгымдар жана оңдоо-курулуш иштерин жүргүзүүгө чыгымдар «Кыргызтелеком» ААКсынын вице-президенти–административдик директору жана вице-президенти–коммерциялык директору менен макулдашылгандан кийин ижара акысынын эсебине киргизилиши мүмкүн.

«Кыргызтелеком» ААКсы 2023-жылы ижара келишими боюнча ижарачыларга ижара акысынан убактылуу бошотуу берилген, буга аткарылган оңдоо иштеринин актылары жана/же жабдууларды орнотуу, мүлктү башка жакшыртуу суммасы көрсөтүлгөн негиздүү тастыктоочу документтер болгон эмес. 2023-жылы мөөнөткө убактылуу ижара акысынан бошотуу 12 ижарачыга 1 айдан 12 айга чейинки убакытка жалпы 4 506,6 миң сомго берилген, анын ичинен:

- Борбордук аппарат боюнча 7 ижарачыга 1 айдан 6 айга чейин ижара акысынын жалпы суммасы 1 871,5 миң сом өлчөмүндө;

- Бишкек шаардык телефон тармагы филиалы боюнча 4 ижарачыга 1 айдан 9 айга чейин ижара акысынын жалпы суммасы 2 129,8 миң сом өлчөмүндө;

- Чүй облустук филиалы боюнча 1 ижарачыга 12 айга ижара акысынын жалпы суммасы 505,3 миң сом өлчөмүндө.

**Корутунду 8.1.2:** «Кыргызтелеком» ААКсынын 2018-жылдагы №01-9/404 буйругу менен бекитилген Кыймылсыз мүлк объектилерин ижарага берүү жана сатуу жөнүндө Жобонун 5.4-пунктун сактабастан, аткарылган оңдоо иштеринин актылары жана/же жабдууларды орнотуу, мүлктү башка жакшыртуу боюнча негиздүү тастыктоочу документтери жок болгонуна карабастан, 2023-жылы ижара келишими боюнча ижарачыларга ижара акысынан убактылуу бошотуу берилген. 2023-жылы убактылуу ижара акысынын бошотуу 12 ижарачыга 1 айдан 12 айга чейинки убакытка, жалпы 4 506,6 миң сомго берилген.

**Сунуш 8.1.2:** «Кыргызтелеком» ААКсы Кыймылсыз мүлк объектилерин ижарага берүү жана сатуу жөнүндө Жобонун (Кыргызтелеком» ААКсынын 2023-жылдын 20-декабрындагы №627 буйругу менен бекитилген) 5.4. пунктуна ылайык, ижарачыларга ижара акысынан убактылуу бошотуу, ижарага берилүүчү мүлктү оңдоо иштеринин актылары жана/же жабдууларды орнотуу, башка жакшыртуу жөнүндө ырастоочу документтердин негизинде жүргүзүү боюнча чара көрүлсүн.

**Аныкталды/корутунду 8.1.3:** “Бишкек шаардык телефон тармагы” филиалынын атынан Бишкек шаары 11-кичи район, 23/4 дарегиндеги 02.03.2020-жылдагы №06-11/01 келишиминде Лосев В.В. жараны менен тузулгөн. Мүлктү балоо боюнча («Азия оценка» ЖЧКсы) 2018-жылдын 19-октябрындагы отчёттун баасы бир чарчы метри үчүн эсептик баа 50 сомду түзгөн, келишим түзүлгөн учурда эсептик баа эчак эскиргенине карбастан, 2020-жылдын 2-мартында 637 чарчы метрин 50 сомдон келишим түзүлгөн. Ижарага алынган аянт, автотранспортторду сатуу алдындагы даярдоо жана вулканизациалоо станциясы үчүн колдонулат, келишим 5 жылга 02.03.2020-жылдан 03.03.2025-жылга чейин, ай сайын ижара акысы *(салыктарды кошбогондо КНС ж/а НСП)* 31,8 миң сом суммасында, бул учурда, ижара суммасы базардык ижара баасынан кыйла төмөн.

Ушул сыяктуу эле, жер тилкесин ижарага 2022-жылы Бишкек шаардык телефон тармагы филиалынын «Ками Девелопмент» ЖЧКсына 166 сомдон бир чарчы метрин берген, башкача айтканда, жогоруда көрсөтүлгөн ижара акысы менен айырмачылык бир чарчы метрине  111 сомду (166-50=111) түзгөн. Эгерде, Бишкек шаардык телефон тармагы филиалы Лосев В.В. жараны менен түзүлгөн келишимин өз убагында базар баасына талдоо жана балоо иштерин жүргүзгөндө, 2023-жылы эсептик **848,5 миң сомго** кошумча киреше түшмөк.

Ошондой эле, *Талас областык филиалында* 2023-жылда 895,07 ч.м түзгөн бош имараттарды ижарага (аренда) берүүдөн 2 812,5 миң сом *(салыктарды кошбогондо КНС ж/а НСП)* киреше тапкан. 2023-жылдын 16-октябрындагы “Alstar” менчиктерди баалоо жана экспертиза борборунун отчетуна ылайык, бир чарчы метрдин баасы 415 сомдон болуп, 12,59 ч.метрге келишимдер түзүлгөн. Ал эми, башка келишимдер боюнча ижарага берүүдө, 2011-жылдын 29-октябрындагы Жеке бюронун кыймылсыз мүлктү балоо боюнча отчётунун негизинде, бир чарчы метрин 250 сом менен түзүлгөн келишимдерин кайра

баалоо боюнча иш алып барылган эмес. Буга чейинки баалоонун наркы менен акыркы баалоодогу айырма 165 сомду (415-250) түзөт.

Эгерде, 2023-жылда ижарага берилген чарчы метрлерди өз убагында кайра баалоо иштери жүргүзүлгөндө, айырманы эске алуу менен, 882,48 ч.метри 415 сомдон ижарага берилгенде, 145,6 миң сом айына, 2023-жылы эсептик **1 747,3 миң сомго** кошумча киреше түшмөк.

**Сунуш 8.1.3:** *Бишкек шаардык телефон тармагы жана Талас облустук филиалдары* «Кыргызтелеком» ААКсы кыймылсыз мүлк объектилерин ижарага берүү жана сатуу жөнүндө Жобосунун (Кыргызтелеком» ААКнын 2023-жылдын 20-декабрындагы №627 буйругу менен бекитилген) 1.3. пунктуна ылайык, ар бир ижарага берилүүчү мүлктү баалоо үчүн, базардык бааларды эске алуу менен, жана инфляцияга ылайык, жер жерлерде кайра баалоо иштери жүргүзүлүп, узак мөөнөткө түзүлгөн келишимдердин шарттарын кайра кароо боюнча иш жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/корутунду 8.1.4:** *Чүй облустук филиалы* 2023-жылдын 31-мартында № 06276 ДП келишимдин негизинде Калкты тейлөө борбору менен Чүй облусу, Ысык-Ата району, Кант ш., көч. Ленин, 97 дареги боюнча жайгашкан турак эмес жайдын бир бөлүгүнө, же жалпы аянты 326,46 ч.м акысыз пайдалануу шарттары менен оперативдүү башкаруу келишими түзүлгөн.

Бул келишим, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 8-февралындагы №27 «Калкка мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жана сапатын жогорулатуу боюнча мындан аркы чаралар жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруунун алкагында, 2023-жылдын 26-январындагы КР Санариптик өнүктүрүү министрлиги Кыргыз Республикасынын аймагындагы турак эмес жайларды оперативдүү башкарууга өткөрүп берүү жөнүндө жазуу жүзүндөгү кайрылуусунун негизинде түзүлгөн.

Ошол эле учурда, «Кыргызтелеком» ААКсынын Уставынын 4-беренесине ылайык (2022-жылдын 22-августунда акционерлердин жылдык жалпы чогулушу тарабынан бекитилген) *Компания өз ишин ишкердик ишмердүүлүктөн пайда алуу жана анын кызыкчылыгында пайдалануу максатында жүргүзөт деп көрсөтүлгөн. Коомдун чарбалык ишинин түрлөрүнүн бири болуп кыймылсыз мүлктү кайтарымдуулук менен ижарага берүү саналат.*

Кыргыз Республикасынын «Акционердик коомдор жөнүндө» Мыйзамынын 65-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, *Акционерлерге жана директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө түздөн-түз нускоолорду, буйруктарды же коомдун аткаруу органынын мүчөлөрүнө өтүнүч же сунуш түрүндөгү дагы башка көрсөтмөлөрдү берүү менен коомдун учурдагы ишин башкарууга кийлигишүүгө Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленгенден тышкаркы учурларда тыюу салынат.*

Ошентип, Кант шаарында ижарага берилген орточо 1 ч.м базар баасы 265,7 сомду түзөт. Кант шаарындагы калкты тейлөө борборунун жалпы аянты 326,46 ч.метр, «Кыргызтелеком» ААКсы тарабынан айына 86,7 миң сом, же 2023-жылдын апрель айынан декабрь айына чейин түшпөй калган кирешенин көлөмү **780,7 миң сомду** түздү.

**Сунуш 8.1.4:** Кыргызтелеком» ААКсы, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 542-беренесине ылайык, “Инфоком” МИси менен 2023-жылдын 31-мартында №06276 ДП түзүлгөн келишимдин шарттарында, мүлктү убактылуу ээлик кылуу жана пайдаланууга берүүдө, сөзсүз түрдө сый акынын каралуусуна багытталган өзгөртүүлөрдү киргизүү маселесин карап чыксын.

**Аныкталды/корутунду 8.1.5:** *Талас облустук филиалы* тарабынан аудитке берилген маалымат боюнча, 2020-жылдын 31-декабрынан мурун абонент тарабынан алдын ала төлөнүп, үч жылдан ашык тийиштүү абонентке кайтарылбай келе жаткан сумма 2023-жылдын 31-декабрына карата 334,5 миң сомду түзгөн.

Ошондой эле, *Ош облустук филиалы* тарабынан аудитке берилген маалымат боюнча, 2020-жылдын 31-декабрынан мурун абонент тарабынан алдын ала төлөнүп, үч жылдан ашык тийиштүү абонентке кайтарылбай келе жаткан сумма 2023-жылдын 31-декабрына карата 155,8 миң сомду түзгөн, анын ичинен: телефония боюнча - 5,5 миң сом, интернет боюнча юридикалык жактар - 14,2 мин сом жана физикалык жактар боюнча - 136,1 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 212-беренесине ылайык, доонун эскиришинин жалпы мөөнөтү үч жыл менен белгиленен.

Узак мөөнөттөн бери абоненттер тарабынан төлөнбөй келе жаткан акча каражаттарды өндүрүү боюнча тийиштүү деңгээлде иш алып баруу жана абоненттерге кайтарылбай келе жаткан алдын ала төлөө акча каражаттарын бухгалтердик эсеп боюнча киреше катары таануу маселесин карап чыгууга тийиш.

**Сунуш 8.1.5:** *Талас облустук жана Ош облустук филиалдары* Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 212-беренесине ылайык, узак мөөнөттөн бери абоненттерге кайтарылбай келе жаткан алдын ала төлөө акча каражаттарын бухгалтердик эсеп боюнча киреше катары таануу маселесин карап чыксын жана абоненттер тарабынан төлөнбөй келе жаткан акча каражаттарын өндүрүү боюнча тийиштүү деңгээлде иш алып барсын.

**Аныкталды/корутунду 8.1.6:** *Жалал-Абад областык филиалы* 2022-жылдын 1-январында жеке ишкер А.С. Орозалиев менен №01-8/69 сандуу турак эмес жайларды ижарага берүүгө жалпы аянты 215,14 чарчы метр ай сайын төлөм 42,6 миң сомго *(салыктарды кошбогондо КНС ж/а НСП)* эки тараптуу келишим түзүлгөн. Келишимдин жарактүү мөөнөтү, 3-бөлүмүнүн 3.1.-пунктунда 2022-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 1-январына чейинки аралыкка көрсөтүлгөн. Ошондой эле, 3.2.-пунктунда, эгерде тараптардын бири 30 календардык күндүн ичинде бул келишимди узартуу жөнүндө чечимин жазуу жүзүндө билдирсе, келишим автоматтык түрдө календардык жылга узартылышы мүмкүн деп көрсөтүлгөн.

Бирок, эч бир тараптан келишимди узартуу жөнүндө чечимин жазуу жүзүндө билдирген эмес жана келишимдин мөөнөтү бүткөнүнө карабай, ошол эле келишим боюнча 2023-жылдын 30-июнуна чейин иш алып барылган.

2023-жылдын февраль айында көз карандысыз баалоочу жеке ишкер К.К. Эргешов тарабынан, ижарачы А.С. Орозалиев тарабынан ижарага алынган жайлардын жана жердин ижара акысын аныктоо боюнча №6 отчетунда турак

эмес жайларга ай сайын төлөм 69,2 миң сом, жер участогуна 0,3 миң сомго бааланган *(салыктарды кошуп алганда КНС ж/а НСП)*.

Жалал-Абад областык филиалы тарабынан 2023-жылдын 01-июлунда жеке ишкер А.С. Орозалиев менен эки тараптуу №01-8/97 сандуу жаңы ижара келишими түзүлүп, турак эмес жайларга ай сайын төлөм 60,7 миң сом, жер участогуна 0,2 миң сом каралган *(салыктарды кошбогондо КНС ж/а НСП).*

Жалал-Абад областык филиалынын ижара келишимдери боюнча жооптуу кызматкерлери тарабынан 2023-жылдын февраль айындагы көз карандысыз баалоочу жеке ишкер К.К. Эргешовдун, ижарачы А.С. Орозалиев тарабынан ижарага алынган жайлардын жана жердин ижара акысын аныктоо боюнча №6 отчетун алган күндөн тарта тактап айтканда, 2023-жылдын февраль айынан тартып мөөнөтү бүткөн №01-8/69 ижара келишимин жаңы аныкталган баа боюнча өзгөртүп, 2023-жылдын 01-мартынан тарта эки тараптуу келишим түзгөндө, коомдун эсебине **72,4 миң сомго** (60,7 миң сом – 42,6 миң сом = 18,1 миң сом * 4 ай = 72,4 миң сом) кошумча киреше түшмөк *(салыктарды кошбогондо КНС ж/а НСП).*

**Сунуш 8.1.6:** *Жалал-Абад облустук филиалы*, жеке ишкер А.С. Орозалиев менен 2022-жылдын 1-январында №01-8/69 турак эмес жайларды ижарага берүүгө түзүлгөн келишимдин ижара төлөмүнүн өлчөмүн өз убагында кайра карап чыкпагандыктан, 72,4 миң сом акча каражаттарды жоготууга алып келген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**8.2. Чыгашалар боюнча.**

**Аныкталды 8.2.1:** Акционерлердин жылдык жалпы чогулушу тарабынан 2023-жылдын 25-апрелинде бекитилген «Кыргызтелеком» ААКсынын Уставынын 16.6. пунктуна ылайык, *башка нерселерден тышкары, Башкы директордун компетенциясына акционерлердин жалпы чогулушу бекиткен бюджетти жана чыгымдардын сметасын аткаруу кирет. Ошондой эле, аталган Уставдын 16.7. пунктуна ылайык, Башкы директор финансылык-чарбалык ишти акционерлердин жалпы чогулушунда бекитилген коомдун бюджетине ылайык жүргүзүүгө милдеттүү.*

*Ошону менен бирге, «Кыргызтелеком» ААКсынын областтык филиалдарынын Жобосунун 5.1-пункту менен филиал финансылык тартипти сактоого милдеттүү экендиги каралган. Ушул эле, Жобонун 5.2-пунктуна ылайык, филиал «Кыргызтелеком» ААКсынын Уставын, «Кыргызтелеком» ААКсынын башка жоболорун сактабаганда финансылык бузуулар үчүн, «Кыргызтелеком» ААКсынын башкармасынын төрагасынын-Президентинин буйруктарын жана тескемелерин аткарбагандыгы үчүн «Кыргызтелеком» ААКсы алдында жоопкерчилик тартат.*

*«Кыргызтелеком» ААКсынын облустук филиалынын директору эмгек келишиминде: «директор жыл сайын 30-октябрга чейин «Кыргызтелеком» ААКсынын белгиленген регламенттерине жана жоболоруна ылайык финансылык-экономикалык ишмердүүлүктүн негизги көрсөткүчтөрүнө тиешелүү кварталдар боюнча бөлүштүрүү менен филиалдын кийинки финансылык жылга бюджетин борбордук аппаратка берүүгө, байланыш каражаттарын техникалык өнүктүрүүнүн планы-болжолун жана алардын жыл ичинде аткарылышын камсыз кылууга милдеттүү»* - деп каралган.

Аудитке берилген маалыматка ылайык, «Кыргызтелеком» ААКсынын борбордук аппаратын жана анын облустук филиалдарын кошуп (туунду ишканаларды кошпогондо) 2023-жылга карата жалпы чыгашалар бюнча бюджети 1 750 057,4 миң сомго бекитилген. Иш жүзүндө 1 574 670,0 миң сомду

түзүп, бекитилген бюджеттен 175 387,4 миң сомго, же 10%га төмөн болгон. Башкача айтканда, борбордук аппарат жана анын облустук филиалдары (туунду ишканаларды кошпогондо) боюнча жалпы чыгашалар иш жүзүндө бюджеттен ашыкча жүргүзүлгөн эмес. Бирок, облустук филиалдар арасында чыгаша беренелери боюнча бекитилген бюджеттен жалпы 43 398,6 миң сомго ашыкча жүргүзүлгөн, анын ичинен:

– Бишкек шаардык телефон тармагы филиалы, жалпы 14 461,2 миң сомго, анын ичинен: товардык материалдык запастарга чыгымдар боюнча 3 767,4 миң сомго жана эмгек акыга чыгымдар боюнча 10 693,8 миң сомго;

– *Чүй облустук филиалы* эмгек акыга чыгымдар боюнча 3 293,8 миң сомго;

– *Ош областык филиалы* жалпы 6 824,6 миң сомго, анын ичинен: коштомо чыгашалар боюнча 4 854,6 миң сомго жана эмгек акыга чыгымдар боюнча 1 970,0 миң сомго;

– *Нарын областык филиалы* амортизация чыгымы боюнча 635,6 миң сомго;

– *Ысык-Көл облустук филиалы* эмгек акыга чыгымдар боюнча 964,8 миң сомго;

– *Жалал-Абад областык филиалы* жалпы 6 877,6 миң сомго, анын ичинен: коштомо чыгашалар боюнча 359,0 миң сомго, амортизация чыгымы боюнча 1 850,0 миң сомго, товардык материалдык запастарга чыгымдар боюнча 1 665,8 миң сомго жана эмгек акыга чыгымдар боюнча 3 002,8 миң сомго;

– *Талас областык филиалы* жалпы 2 126,8 миң сомго, анын ичинен: коштомо чыгашалар боюнча 1 664,7 миң сомго жана товардык материалдык запастарга чыгымдар боюнча 462,1 миң сомго;

– *Баткен областык филиалы* жалпы 8 214,2 миң сомго, анын ичинен: амортизация чыгымы боюнча 28,4 миң сомго, товардык материалдык запастарга чыгымдар боюнча 7 126,9 миң сомго жана эмгек акыга чыгымдар боюнча 1 058,9 миң сомго.

**Корутунду 8.2.1:** «Кыргызтелеком» ААКсынын областык филиалдары «Кыргызтелеком» ААКсынын башкы директору тарабынан бекитилген бюджетти сактабастан, чыгашалардын айрым беренелери боюнча жалпы бюджеттен жогору **43 398,6** миң сомго чыгымдарды жүргүзгөн.

**Сунуш 8.2.1:** «Кыргызтелеком» ААКсы:

– «Кыргызтелеком» ААКнын Уставынын 16.6., 16.7. пункттарына жана областтык филиалдарынын Жоболорунун 5.1-пунктунуна ылайык, областык филиалдар «Кыргызтелеком» ААКнын башкы директору тарабынан бекитилген бюджеттин алкагында чыгашаларды жүргүзүүсү көзөмөлгө алынсын;

– областык филиалдарда бекитилген бюджеттен жогору чыгымдарга өндүрүштүк зарылчылык болгондо, бюджетке өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча жол-жоболук иш-чаралардын тартибин аныктоочу тиешелүү ички ченемдик актыларды иштеп чыгуу каралсын.

**Аныкталды 8.2.2:** «Кыргызтелеком» ААКсынын 2023-2025-жылдарга карата жамааттык келишими 2022-жылдын 29-декабрында «Кыргызтелеком» ААКнын кызматкерлеринин конференциясы тарабынан жактырылып,

«Кыргызтелеком» ААКнын Башкы директорунун 2023-жылдын 13-январындагы №01-9/14 буйругу менен колдонууга киргизилген.

Жамааттык келишимге тиркемелердин тизмеси №1-таблицасынын эскертүүлөр келтирилип, анда «финансылык мүмкүнчүлүк болсо» - деп белгиленген, алар төмөнкү пункттары боюнча:

*- №2 «майрамдарга карата сыйлык төлөөнүн тартиби жана шарттары жөнүндө: Байланыш тармагынын кызматкерлеринин күнүнө (7-май) жана Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө (31-август)»;*

*-№8 «уюштуруу тартиби жана шарттары жөнүндө: а) кызматкерлердин, алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн эс алуусун, спорттук-ден соолукту чыңдоочу иш-чараларды өткөрүүнү жана б) кызматкерлердин санаториялык-курорттук дарылануусун»;*

*-№9 «Кырыгзтелеком» ААКда узак мөөнөттүү жана кынтыксыз эмгеги үчүн жана юбилейлик даталарга байланыштуу кызматкерлерди сыйлоо жөнүндө».*

Бирок, финансылык каражаттардын жоктугуна байланыштуу, 2022-2023-жылдардын жыйынтыгы менен акционер тарабынан дивиденддерди чегербөө жөнүндө чечим чыгарып келет, андан сырткары мурунку жылдарга карата дивиденддерди төлөө мөөнөтүн кечиктирген күндөр үчүн туумдар боюнча 8 980,7 миң сомго жана башка кредитордук карыздар болгонуна карабастан, 2023-жылы жогоруда аталган төлөмдөр боюнча 11 014,9 миң сомго чыгашалар жүргүзүлгөн, анын ичинде: майрамдарга карата 7 561,7 миң сом суммасындагы сый акы, маданий массалык иш-чараларга - 2 993,8 миң сом жана юбилейлик сый акы - 459,4 миң сом.

**Корутунду 8.2.2:** “Кырызтелеком” ААКнын акционерлери тарабынан, “Кыргызтелеком” ААКда финансылык каражаттардын жоктугуна байланыштуу, 2022-2023-жылдардын жыйынтыгы менен дивиденд чегербөө жөнүндө чечим чыгарып келет. Ошондой эле, мурунку жылдарга карата дивиденддерди төлөө мөөнөтүн кечиктирген күндөр үчүн туумдар боюнча 8 980,7 миң сомго жана башка кредитордук карыздар бар.

Ушуга карабастан, «Кыргызтелеком» ААКсы жамааттык келишимге тиркемелердин тизмеси №1-таблицасынын эскертүүлөрүн сактабастан, тактап айтканда, анда «финансылык мүмкүнчүлүк болсо» - деп белгиленгенин эске албастан, 2023-жылы 11 014,9 миң сомго чыгашалар жүргүзүлгөн, анын ичинде: майрамдарга карата 7 561,7 миң сом суммасындагы сый акы, маданий массалык иш-чараларга - 2 993,8 миң сом жана юбилейлик сый акыларга - 459,4 миң сом.

**Сунуш 8.2.2:** «Кыргызтелеком» ААКсы майрамдарга карата сый акыга, маданий массалык иш-чараларга жана юбилейлик сый акыларга чыгашаларды жүргүзүүдө жамааттык келишимге тиркемелердин тизмеси №1-таблицасынын эскертүүлөрүн сактоону камсыз кылсын.

**Аныкталды 8.2.3:** «Активдердин наркынын түшүшү» 36 (IAS) Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандартынын (ФОЭС) 12 пунктуна ылайык, активдердин мүмкүн болгон наркы түшүшүнүн белгилеринин болушун баалоодо, ишкана төмөнкүдөй минималдуу белгилерди карап чыгууга тийиш:

*– Маалыматтын тышкы булактары:*

*(а) мезгил ичинде активдин наркы мезгил өтүшү менен же демейки пайдалануу учурунда күтүлгөнгө караганда кыйла көп төмөндөгөнүнүн байкоо жүргүзүлүүчү белгилеринин болушу;*

*(b) ишкана үчүн жагымсыз натыйжаларга ээ болгон кыйла өзгөрүүлөр мезгил ичинде болуп өттү же ишкана ишин жүзөгө ашырып жаткан техникалык, рыноктук, экономикалык же укуктук шарттарда же актив ага арналган рынокто жакынкы келечекте болуп өтөт;*

*(c) рыноктук пайыздык ставкалар же инвестицияларга пайданын башка рыноктук ченемдери мезгил ичинде жогорулады жана бул өсүш, кыязы, активди колдонуу баалуулугун же анын орду толтурулуучу наркын эсептөө учурунда колдонулуучу дисконттоонун ставкасы үчүн олуттуу жагымсыз натыйжаларга ээ болот;*

*(d) ишкананын таза активдеринин баланстык наркы анын рыноктук капиталдашуусунан ашат;*

*– Маалыматтын ички булактары:*

*(e) активдин моралдык эскиришинин же физикалык бузулушунун белгилери бар;*

*(f) ишкана үчүн жагымсыз кесепеттерге ээ болгон кыйла өзгөрүүлөр мезгил ичинде болуп өттү же болжол менен жакынкы келечекте активди пайдалануунун (же болжолдуу пайдалануунун) интенсивдүүлүгү жана ыкмасы жагынан орун алышы мүмкүн. Бул өзгөрүүлөр жөнөкөй активди, активдин тиешеси бар ишмердүүлүктү токтотуу же кайра түзүмдөштүрүү боюнча пландарды, мурда белгиленген күнгө чейин активдин чыгып калышы боюнча пландарды, ошондой эле активдин пайдалуу кызмат мөөнөтүн айкын эместиктен айкындыкка кайра баалоону камтыйт.*

*(g) активдин экономикалык натыйжалуулугу начар экени же күтүлгөндөн начар болоору ички отчеттуулуктан көрүнүп турат.*

Бирок, «Кыргызтелеком» ААКсынын борбордук аппараты жана анын облустук филиалдары (туунду ишканаларды кошпогондо) «Активдердин наркынын түшүшү» 36 (IAS) Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандартынын (ФОЭС) 12 пунктунда каралган жүргүзүлгөн жогоруда аталган жол-жоболор боюнча тастыктоочу документтер жок, активдердин мүмкүн болгон наркынын түшүшүнүн белгилеринин болушуна карата, аудитке берилген маалыматка ылайык, бухгалтердик эсеп боюнча 2023-жылдын 31-декабрына карата «резерв» чегерүүлөр жалпы 32 314,4 миң сомго жүргүзгөн, анын ичинен: товардык материалдык запастарга (1699 жана 1799 эсеп-чоттору) карата - 17 516,5 миң сом жана негизги каражаттарга (2192 эсеп-чоту) карата - 14 797,9 миң сом. Аталган суммага бухгалтердик эсеп боюнча кошумча чыгымдар таанылган.

Ал эми, 2024-жылдын 31-октябрына карата «резерв» чегерүүлөр жалпы 25 024,9 миң сомго жүргүзгөн, анын ичинен: товардык материалдык запастарга (1699 жана 1799 эсеп-чоттору) карата 8 177,6 миң сом жана негизги каражаттарга (2192 эсеп-чоту) - 16 847,3 миң сом.

**Корутунду 8.2.3:** «Кыргызтелеком» ААКнын борбордук аппараты жана анын облустук филиалдары «Активдердин наркынын түшүшү» 36 (IAS) ФОЭСтин 12 пунктун сактабастан, активдердин мүмкүн болгон наркы түшүшүнүн белгилеринин болушун баалоо боюнча тастыктоочу документтери жок туруп, бухгалтердик эсеп боюнча 2023-жылдын 31-декабрына карата «резерв» чегерүүлөрдү негизсиз, жалпы 32 314,4 миң сомго жүргүзгөн, анын ичинен: товардык материалдык запастарга (1699 жана 1799 эсеп-чоттору) карата 17 516,5 миң сом жана негизги каражаттарга (2192 эсеп-чоту) карата 14 797,9 миң сом. Көрсөтүлгөн суммага бухгалтердик эсеп боюнча кошумча чыгымдар таанылган.

Ал эми, 2024-жылдын 31-октябрына карата «резерв» чегерүүлөр, жалпы **25 024,9 миң сомду** түзгөн, анын ичинен: товардык материалдык запастарга

(1699 жана 1799 эсеп-чоттору) карата 8 177,6 миң сом жана негизги каражаттарга (2192 эсеп-чоту) карата 16 847,3 миң сом.

*Аудит учурунда, активдердин мүмкүн болгон наркы түшүшүнө «резерв» чегерүүлөргө карата 25 024,9 миң сомго 2024-жылдын 1-ноябрында бухгалтердик эсеп боюнча түзөтүүчү өткөрүүлөрдү (бухгалтердик түзөтүүчү проводка) жүргүзүлдү.*

**Сунуш 8.2.3:** «Кыргызтелеком» ААКсы, «Активдердин наркынын түшүшү» 36 (IAS) ФОЭСтин 12-пунктуна ылайык, негизги каражаттардын наркы түшүшүнө карата «резерв» чегерүүлөр боюнча, белгиленген тартипте Эсеп саясатына тиешелүү толуктоолорду жана оңдоолорду жүргүзсүн жана «Активдердин наркынын түшүшү» 36 (IAS) ФОЭСтин стандарттарын так сактоону камсыз кылсын.

**Аныкталды/корутунду 8.2.4:** *Баткен облустук филиалы* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 «Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө» токтомунун 1-пунктунун талаптарын сактабастан, «Кыргызтелеком» ААКсынын Баткен областтык филиалынын 7 кызматкерине иш сапар чыгымдары үчүн жалпы **18,1 миң сомго** ашыкча төлөөгө жол берилген.

**Сунуш 8.2.4:** *Баткен облустук филиалы,* 18,1 миң сомго ашыкча иш сапар чыгымдары тийиштүү кызмат адамдарынын эсебинен калыбына келтирилсин.

**8.3. Штаттык лимиттер жана эмгек акы боюнча.**

**Аныкталды 8.3.1:** Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 151-беренесине ылайык, *эмгек акы - татаалдыгына, санына, сапатына жана шарттарына жараша эмгек үчүн берилүүчү сый акы (ордун толтуруу), ошондой эле компенсациялык жана кызыктыруучу мүнөздөгү төлөмдөр.*

«Кыргызтелеком» ААКнын 2023-жылга карата штаттык ырааттамасы Башкы директор тарабынан 2023-жылдын 13-январында бекитилген.

Штаттык ырааттамада кызматкерлердин айлык акысы гана каралган. Андан сырткары, 2023-2025-жылдарга карата «Кыргызтелеком» ААКнын жамааттык келишими 2022-жылдын 29-декабрында «Кыргызтелеком» ААКнын кызматкерлеринин конференциясы тарабынан жактырылган.

Эмгек акы боюнча аудитке берилген маалыматка ылайык, 2023-жылы эмгек акыга чыгымдар 155 709,3 миң сомду түзгөн, анын ичинен олуттуу бөлүгү 67,7% айлык акы 58 380,7 миң сом 37,5% жана кызматкердин жеке натыйжалуулук коэффициентин төлөө боюнча 47 014,8 мин сом 30,2%.

Аудитке берилген документтерге ылайык, «Кыргызтелеком» ААКсында жана облустук филиалдарында Кызматкердин жеке натыйжалуулук коэффициентин төлөө тартиби жөнүндө жобо жамаатык келишимдин 16-тиркемеси деп көрсөтүлгөн. Бирок, жамааттык келишимдин өзүндө кызматкерлердин жеке натыйжалуулук коэффициентин төлөө жөнүндө ченем жана 16-тиркемеге шилтеме жок.

Кызматкердин жеке натыйжалуулук коэффициентин төлөө тартиби жөнүндө жобонун 1 пунктуна ылайык, кызматкердин жекече натыйжалуулугунун коэффициенттери Коом же Филиал тарабынан бөлүмдөр

боюнча иштелип чыгат жана тейлеген директордун (администрациялык, техникалык, коммерциялык, башкы бухгалтердин) сунушу боюнча тиешелүү түрдө коомдун Башкы директору тарабынан, же филиалдын Директору тарабынан бекитилет. Бирок, аталган коэффициентти белгилөө үчүн эмгектин татаалдыгын, санын, сапатын жана башка шарттарын эске алуу менен бөлүмдөр боюнча коэффициенттерди белгилөө тартиби жана критерийлери 2023-жылдын 5-июнуна чейин иштелип чыккан эмес.

Кызматкердин жеке натыйжалуулук коэффициентин төлөө боюнча 2023-жылдын январь айынан май айына чейин 17 809,5 миң сомго чегерүү жүргүзүлгөн.

Ошондой эле, *Ош облустук филиалы* Кызматкердин жеке натыйжалуулук коэффициентин төлөө тартиби жөнүндө жобонун 1 пунктун жана «Кыргызтелеком» ААКнын 2023-жылдын 30-ноябрындагы №593 буйругу менен бекитилген Кызматкерлеринин жеке натыйжалуулук коэффициентин белгилөө жана төлөө Регламентинин 4-пунктунун 3-абзацын бузуу менен, тактап айтканда коэффициентти белгилөө үчүн эмгектин татаалдыгын, санын, сапатын жана башка шарттарын эске алуу менен бөлүмдөр боюнча коэффициенттерди белгилөө тартиби жана критерийлери иштелип чыкпастан жана комиссия түзбөстөн, кызматкердин жеке натыйжалуулук коэффициентин төлөөнү 18 271,1 мин сомго жүргүзгөн.

*Талас облустук филиалында* 2023-жыл ичинде жааматтык келишимде каралбаган сый акы төлөмдөр 18,8 миң сомго аныкталды.

**Корутунду 8.3.1:** Кызматкердин жеке натыйжалуулук коэффициентин төлөө тартиби жөнүндө жобо жамаатык келишимдин 16-тиркемеси деп көрсөтүлгөн. Бирок, жамааттык келишимдин өзүндө кызматкерлердин жеке натыйжалуулук коэффициентин төлөө жөнүндө ченем жана 16-тиркемеге шилтеме жок.

«Кыргызтелеком» ААКсы Кызматкердин жеке натыйжалуулук коэффициентин төлөө тартиби жөнүндө жобонун 1-пунктун сактабастан, аталган коэффициентти белгилөө үчүн эмгектин татаалдыгын, санын, сапатын жана башка шарттарын эске алуу менен, бөлүмдөр боюнча коэффициенттерди белгилөө тартиби жана критерийлери 2023-жылдын 5-июнуна чейин иштеп чыкпастан, 2023-жылдын январь айынан май айына чейин 17 809,5 миң сомго жана Ош облустук филиалы - 18 271,1 миң сомго чегерүү жүргүзгөн. Ал эми, Талас облустук филиалында жааматтык келишимде каралбаган сый акы төлөмдөр - 18,8 миң сомго чегерүү жүргүзгөн.

**Сунуш 8.3.1:** *Ош облустук филиалы*, кызматкерлеринин жеке натыйжалуулук коэффициентин белгилөө жана төлөө Регламентине ылайык, коэффициентти белгилөө үчүн комиссия түзүлүп, анын чечиминин негизинде директор тарабынан бекитилүүсүн камсыз кылсын.

**Аныкталды 8.3.2:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө Жобонун 2-пунктуна ылайык, *оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөм (мындан ары - кошумча төлөм)*

*оор, зыяндуу, кооптуу, же эмгек шарттары өзгөчө башка жумуш орундарынын тизмегине ылайык белгиленет.*

*Ушул Жобонун 4-пунктунда, жумуш орундарын колдонуудагы санитардык эрежелердин жана ченемдердин талаптарына шайкеш келтирүү үчүн шарттарды жакшыртуу жана эмгекти коргоо боюнча жүргүзүлгөн комплекстүү уюштуруу-техникалык иш-чараларды эсепке алуу менен жыл сайын кайра каралып турары көрсөтүлгөн.*

*Ошондой эле, Жобонун 6-пунктунда, аттестациялык комиссиянын курамына иш берүүчүнүн өкүлдөрү, эмгекти коргоо боюнча адис, баштапкы кесиптик бирлик уюмдарынын шайланма органдарынын, же кызматкерлердин башка өкүлдүк органынын өкүлдөрү, санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын адистери киргизилери белгиленген.*

«Кыргызтелеком» ААКсынын 2023-2025-жылдарга түзүлгөн жамааттык келишиминин №3 тиркемеси «Зыяндуу жана кооптуу эмгек шарттары менен иштегендиги жана оор жумуштарда иштегендиги үчүн үстөк акы төлөө тартиби жана шарттары жөнүндө жобонун» негизинде, 2023-жылы «Кыргызтелеком» ААКтын айрым кызматкерлерине эмгек шарттары зыяндуу, кооптуу жана оор жумуштарда иштегендиги үчүн 308,5 миң сомго кошумча акы төлөнгөн. Зыяндуу жана кооптуу эмгек шарттары үчүн үстөк белгилениши мүмкүн болгон жумуштардын тизмеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 25-мартындагы №161 токтому менен бекитилген «Өзгөчө шарттарда иштегендерге үстөк белгилениши мүмкүн болгон жумуштардын типтүү Тизмесинин» негизинде түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 25-мартындагы №161 токтому, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен күчүн жоготуп, жаңыдан жобо жана өзгөчө эмгек шарттары бар жумуштардын типтүү тизмеси бекилген. Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобонун 3-пунктуна ылайык, оор, зыяндуу, эмгек шарттары кооптуу өзгөчө башка жумуш орундарынын тизмеги жумуш орундары аттестациялангандан кийин Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегине ылайык жамааттык келишимде каралат деп көрсөтүлгөн.

Бирок, «Кыргызтелеком» ААКсы тарабынан берген маалыматка ылайык, санитардык врач тарабынан зыяндуу жана кооптуу эмгек шарттарынын болушуна карата факторлорду өлчөө боюнча протоколу түзүлгөн эмес жана иш орундарын (кабелдик ширетүүчүлөр жана электр монтерлор) аттестациялоо жүргүзүлгөн эмес.

Аудитке берилген маалыматка ылайык, 2023-жылы үчүн оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштарга кошумча төлөм 556,4 миң сомду түзгөн.

Ушундай эле, жогоруда аталган Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобонун талаптарын сактабастан, «Кыргызтелеком» ААКнын филиалдарында, жалпы 5 033,0 миң сомго төлөмдөрдү жүргүзгөн, анын ичинен: Чүй облустук филиалында - 3 447,7 миң сомго, Ысык-Көл облустук филиалында - 1 276,8 миң сомго, Нарын облустук филиалында - 308,5 миң сомго.

**Корутунду 8.3.2:** «Кыргызтелеком» ААКсы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө Жобонун 4, 6-пункттарын сактабастан, санитардык врач тарабынан зыяндуу жана кооптуу эмгек шарттарынын болушуна карата факторлорду өлчөө боюнча протоколу түзүлбөстөн жана иш орундарын (кабелдик ширетүүчүлөр жана электр монтёрлор) аттестациялоо жүргүзүлбөстөн, 2023-жылы үчүн оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштарга кошумча төлөм 556,4 миң сомго жүргүзгөн.

Ушундай эле, «Кыргызтелеком» ААКнын филиалдарында, жалпы 5 033,0 миң сомго төлөмдөр жүргүзүлгөн.

**Сунуш 8.3.2:** «Кыргызтелеком» ААКсы 2023-2025-жылдарга түзүлгөн жамааттык келишиминин №3 тиркемени Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген «Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө» Жобого шайкеш келтирилип, борбордук аппаратта жана филиалдарда оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштарга кошумча төлөмдөрдү аталган Жобого ылайык жүргүзүлсүн.

**8.4. Дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча.**

**Аныкталды 8.4.1:** Аудитке берилген маалыматка ылайык, «Кыргызтелеком» ААКсында 2023-жылдын 31-декабрына карата кайтарымсыз дебитордук карыздар 22 контрагент боюнча 226 953,3 миң сомду түзгөн, анын ичинен 6 контрагент боюнча 72 584,7 миң сом дебитордук карызды өндүрүү боюнча ооз эки телефон чалуу жана каттарды жиберүү менен эскертүүлөрдү берүү менен гана чектелип, өз учурунда сот органдарына кайрылуу менен тиешелүү деңгээлде иш-чаралар алып барылган эмес. Мисалы:

– «Точиктелеком» компаниясы интернет түйүнүнө кирүү мүмкүндүгүн берүү кызматы боюнча дебитордук карыз 2018-жылдан тартып бүгүнкү күнгө чейин өндүрүлбөй келет. 2023-жылдын 1-январына карата дебитордук карыз 28 803,2 миң сомду түзгөн. Келишимди талаптагыдай аткарбагандыгына карабастан, «Кыргызтелеком» ААКсы 2023-жыл ичинде дебитордук карызды өндүрбөстөн, кызмат көрсөтүүдөн 42 173,5 миң сомго дебитордук карыз көбөйүп, 2023-жылдын 31-декабрына карата 70 976,8 миң сомду түзгөн;

– «Argela Yazilim ve Bilisim Teknolojileri» компанисы боюнча 2023-жылдын 31-декабрына карата кайтарымсыз дебитордук карыз 606,0 миң сомду түзөт. Бул дебитордук карыз 2013-жылы пайда болуп бүгүнкү күнгө чейин өндүрүлбөй келет.

Андан сырткары, 2023-жылдын 31-декабрына карата 30 (отуз) күндөн тартып 90 (токсон) күндөн ашык мөөнөтү менен бүгүнкү жоюлбай келе жаткан төлөө мөнөтүнөн өтүп кеткен дебитордук карыздар 33712 контрагент боюнча 6 237,7 миң сомду түзгөн. Мисалы:

– «Азия юником» ЖЧКсы 106,5 миң сом карызы 2017-жылдан же 7 жылдан узак убакыттан бери өндүрүлбөй келет;

– «РЦТ» ЖЧКсы 188,5 миң сом карызы 2017-жылдан же 7 жылдан узак убакыттан бери өндүрүлбөй келет;

– «АкТел» ЖЧКсы 471,7 миң сом карызы 2019-жылдан же 5 жылдан узак убакыттан бери өндүрүлбөй келет.

Ушундай эле, дебитордук карыздар филиалдарда жалпы 20 345,8 миң сомго аныкталган, алар:

– Бишкек шаардык телефон тармагы филиалында- 16 750,7 миң сомго;

– Талас облустук филиалында - 1 248,5 миң сомго;

– Ош облустук филиалында - 1 306,4 миң сомго;

– Жалал-Абад областык филиалында - 1 040,2 миң сомго.

Жогоруда аталган, дебитордук карыздар боюнча келишимдердин кызмат көрсөтүүгө төлөмдөрдүн убакыт мөөнөтү сакталбаганына карабастан, «Кыргызтелеком» ААКсы жана анын филиалдары тарабынан өз убагында тийиштүү иштерди жүргүзбөгөндүгүнө байланыштуу, бүгүнкү күнгө чейин дебитордук карыздар өндүрүлбөй келет. Бул жагдай, акча каражаттардын өз убагында түшпөсүнө, ошону менен бирге, «Кыргызтелеком» ААКсынын бюджетинен жоготууларга алып келүү тобокелчилигин жарататат.

*Аудитке берилген документтерге ылайык, жогоруда мисалдарда келтирилген дебитордук карыздар боюнча иштеген юридикалык бөлүмдүн башчысы 2018-жылдын 11-апрелиндеги №14-13/90 буйругу менен жумуштан бошотулган жана «Кыргызтелеком» ААКсында бүгүнкү күнгө карата иштебейт.*

**Корутунду 8.4.1:** «Кыргызтелеком» ААКда 2023-жылдын 31-декабрына карата кайтарымсыз дебитордук карыздар 22 контрагент боюнча 226 953,3 миң сомду түзгөн, анын ичинен 6 контрагент боюнча **72 584,7 миң сом** дебитордук карызды өндүрүү боюнча ооз эки телефон чалуу жана каттарды жиберүү менен эскертүүлөрдү берүү менен гана чектелип, өз учурунда сот органдарына кайрылуу менен тиешелүү деңгээлде иш-чаралар алып барылган эмес. 2023-жылдын 31-декабрына карата 30 (отуз) күндөн тартып 90 (токсон) күндөн ашык мөөнөтү менен бүгүнкү жоюлбай келе жаткан төлөө мөөнөтүнөн өтүп кеткен дебитордук карыздыр 33712 контрагент боюнча 6 237,7 миң сомду түзгөн.

Ушундай эле, дебитордук карыздар филиалдарда жалпы 20 345,8 миң сомго аныкталган. Алар боюнча тиешелүү деңгээлде иш-чаралар жүргүзүлгөн эмес, алар: Бишкек шаардык телефон тармагы филиалында- 16 750,7 миң сомго, Талас облустук филиалында - 1 248,5 миң сомго, Ош облустук филиалында - 1 306,4 миң сомго, Жалал-Абад областык филиалында - 1 040,2 миң сомго.

**Сунуш 8.4.1:** «Кыргызтелеком» ААКсы кайтарымсыз жана башка дебитордук карыздар боюнча тийиштүү иш чара жүргүзсүн.

**Аныкталды 8.4.2:** «Кыргызтелеком» ААКсынын Директорлор кеңешинин 2023-жылдын 23-январындагы чечими менен бекитилген «Кыргызтелеком» ААКнын, анын филиалдарынын жана туунду ишканаларынын Эсеп саясатынын 2.8.1. пунктуна ылайык, *дебитордук карыздар буюртмачыга көрсөтүлгөн кызмат үчүн негизделген баалар жана тарифтер боюнча эсеп-фактуралар (жөнөтүлгөн ТМБ, аткарылган иштер) берген учурда келип чыгат. Алууга каралган эсептер чегерүү ыкмасы боюнча, б.а. тиешелүү кирешелер таануу учурунда таанылат. Келишимдерде*

*каралган баалар боюнча башка дебиторлор жана дооматтар менен эсептешүүлөргө жараша бухгалтердик эсепте жана отчеттордо чагылдырылат. Коом кардарлар тарабынан айрым эсеп-фактуралар төлөнбөй калуу ыктымалдыгын жокко чыгарбайт. Шектүү карыздарды отчетто өз убагында чагылдыруу үчүн, коом «үмүтсүз карыздар боюнча резервди» түзөт.*

*Ошондой эле, аталган Эсеп саясатынын 2.8.2. пунктуна ылайык, үмүтсүз карыздар боюнча «резервдер» ФОЭСтин 9-стандартында жана көрсөтүлгөн талаптарга ылайык эсептелет. Кайтарылбас карыздарга баа берүү жана эсептөө 31-декабрга карата финансылык отчетторду түзүүдө жүргүзүлөт.*

Бирок, «Кыргызтелеком" ААКсы «Ала-Тоо смарт технолоджис» компаниясы тарабынан **395,7 миң сомго** дебитордук карыз жоюлганына карабастан, өз учурунда кайтарымсыз карыздарга «резерв» чегерүүлөр боюнча тиешелүү түзөтүүчү бухгалтердик өткөрүү жүргүзүлгөн эмес.

*Аудит учурунда 2024-жылдын 31-октябрында 395,7 миң сомго бухгалтердик эсеп боюнча кайтарымсыз карыздарга «резерв» чегерүүлөрдү азайтып, таза пайданы көбөйтүү жолу менен түзөтүүчү бухгалтердик өткөрүү жүргүзүлдү.*

**Корутунду 8.4.2:** «Кыргызтелеком» ААКсы Эсеп саясатынын 2.8.1. жана 2.8.2. пунктарын сактабастан, 395,7 миң сомго дебитордук карыз жоюлганына карабастан, өз учурунда кайтарымсыз карыздарга (безнадежные долги) «резерв» чегерүүлөр боюнча тиешелүү түзөтүүчү бухгалтердик өткөрүү жүргүзгөн эмес. *Аудит учурунда түзөтүүчү бухгалтердик өткөрүү жүргүзүлдү.*

**Сунуш 8.4.2:** «Кыргызтелеком» ААКсы, бухгалтердик эсеп боюнча кайтарымсыз карыздарга «резерв» чегерүүлөрдү иш-жүзүндөгү дебитордук карыздар менен салыштырма талдоосун жүргүзүп, айырмалар чыккан учурда түзөтүүчү бухгалтердик өткөрүү жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/корутунду 8.4.3:** *Баткен облустук филиалы* боюнча 2024-жылдын 1-январына карата ТРК АРТВ «Регион ТВ»нан 61,1 миң сом жана Лейлек районунун Кулунду айылынын тургуну М.Эркинжановдон 8,8 миң сом, же жалпы 69,9 миң сомдук ижара акыдан болгон карызы бүгүнкү күнгө чейин мекеме тарабынан өндүрүлбөй келгендиги аныкталды.

**Сунуш 8.4.3:** Баткен облустук филиалы жалпы 69,9 миң сомдук ижара акыларды өндүрүү боюнча иш жүргүзүлсүн.

**8.5. Негизги каражаттар жана товардык материалдык баалулуктар боюнча.**

**Аныкталды 8.5.1:** Аудитке берилген маалыматка ылайык, «Кыргызтелеком» ААКсында болжолдуу 319 бирдик, жалпы 431 406,06 ч.м. аянты менен жер аянтчалары бар жана алардын наркы аныкталган эмес, анын ичинен: борбордук аппарат боюнча 4 бирдик, жалпы 54 596 ч.м., Бишкек шаардык телефон тармагы филиалы боюнча 11 бирдик, 22 722,95 ч.м. жана башка филиалдары боюнча 304 бирдик, 354 087,11 ч.м. Мисалы:

Борбордук аппаратка караштуу болгон:

– Бишкек ш., пр.Чуй, 96 Киев көч, 39 дарегиндеги 16 331 ч.м. аянты менен жер тилкеси;

– Бишкек ш., Кок-Жар, станция Орбита дарегиндеги 24 000 ч.м. аянты менен жер тилкеси. «Баалоо борбору жана мүлк боюнча экспертизасы «Al-Star»

ЖЧКсынын 2024-жылдын 16-июлундагы №31-07/24 отчетуна ылайык жалпы жер тилкеси 110 328,0 миң сомго бааланган (1 ч.м. 4 597 сом);

- Бишкек шаардык телефон тармагы филиалына караштуу болгон Бишкек ш., ЦАТС 54/56 Ахунбаева көч, 123 дарегиндеги 5600 ч.м. аянты менен жер тилкеси, Бишкек ш., Коперника көч, 14, ЦАТС-49 дарегиндеги 4 807,0 ч.м. аянты менен жер тилкеси.

*«Негизги каражаттар» 16 (IAS) ФОЭСтин 58-пунктуна ылайык, жер участоктору жана имараттар бөлүнүүчү активдерди билдирет жана бирге сатып алынган болсо да эсепке алууда өз-өзүнчө чагылдырылат.*

*Стандарттын максаты (ФОЭС 16) негизги каражаттарды эсепке алуу тартибин аныктоо болуп саналат, ошондуктан финансылык отчеттуулукту пайдалануучулар уюмдун негизги каражаттарга инвестициялары жана мындай инвестициялардагы өзгөрүүлөр жөнүндө маалымат ала алышат. Негизги каражаттарды эсепке алуунун негизги маселелери болуп активдерди таануу, алардын баланстык наркын аныктоо, ошондой эле таанылууга тийиш болгон баанын түшүүсүнөн келип чыккан тиешелүү амортизациялык чегерүүлөр жана чыгашалар саналат.*

*Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын «Бухгалтердик эсеп жөнүндө» Мыйзамынын 3-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, бухгалтердик эсеп тутумунда маалыматтарды чагылдырууда жана финансылык отчеттуулукту түзүүдө үзгүлтүксүздүк, түшүнүктүүлүк, жөндүүлүк, маанилүүлүк, ишенимдүүлүк, толуктук, бейтараптык, формасына карата маанисинин артыкчылыгы, этияттык салыштырмалуулук, туура берүүчүлүк негизги принциптери колдонулат.*

Аудитке берилген документтерге ылайык, «Азия баалоо» ЖЧКсынын 2023-жылдын 3-октябрындагы баалоо боюнча отчетуна жана «Баалоо борбору жана мүлк боюнча экспертизасы «Al-Star» ЖЧКсынын 2024-жылдын 16-июлундагы №31-07/24 отчетуна ылайык, жер тилкелердин эсептик баасы 1 ч.м. үчүн 4,6 миң сомдон 41,3 миң сомго чейин түзгөн.

Жогоруда келтирилген эсептерге ылайык талдоо жүргүзүүдө, борбордук аппаратка (4 бирдик жалпы 54 596 ч.м.) жана Бишкек шаардык телефон тармагы филиалына (11 бирдик 22 722,95 ч.м.) караштуу болгон жер тилкелеринин жалпы 77 318,95 ч.м. аянты боюнча жер тилкелерин минималдуу 4,6 миң сом баа менен алганда, жалпы болжолдуу эсептик 355 667,2 миң сомду (77 318,95х4,6) түзөт.

Башка региондорго караштуу жер тилкелеринин баалары боюнча маалыматка ээ болбогондуктан, аларга карата эсептик баасына аудит учурунда талдоо жүргүзүүгө мүмкүн болгон жок.

*Аудит учурунда, Бишкек ш., Кок-Жар, станция Орбита дарегиндеги 24 000 ч.м. аянты менен жер тилкеси «Баалоо борбору жана мүлк боюнча экспертизасы «Al-Star» ЖЧКнын 2024-жылдын 16-июлундагы №31-07/24 отчетуна ылайык 110 328,0 миң сомго 2024-жылдын 1-ноябрында бухгалтердик өткөрүү менен бухгалтердик эсепке алынды.*

**Корутунду 8.5.1:** «Кыргызтелеком» ААКсы Кыргыз Республикасынын «Бухгалтердик эсеп жөнүндө» Мыйзамынын 3-беренесинин 2-бөлүгүндө бухгалтердик эсеп тутумунда маалыматтарды чагылдырууда жана финансылык отчеттуулукту түзүүдөгү принциптерди жана «Негизги каражаттар» 16 (IAS) ФОЭСтин 58-пунктун сактабастан, болжолдуу жалпы 319 бирдик, жалпы 431 406,06 ч.м. аянты менен жер тилкелер бухгалтердик эсепке алынган эмес жана алардын наркы аныкталган эмес.

«Азия баалоо» ЖЧКсынын 2023-жылдын 3-октябрындагы баалоо боюнча отчетуна жана «Баалоо борбору жана мүлк боюнча экспертизасы «Al-Star» ЖЧКнын 2024-жылдын 16-июлундагы №31-07/24 отчетуна ылайык, жер тилкелердин эсептик баасы 1 ч.м. үчүн 4,6 миң сомдон 41,3 миң сомго чейин түзгөн. Келтирилген эсептерге ылайык талдоо жүргүзүүдө, Борбордук аппаратына (4 бирдик жалпы 54 596 ч.м.) жана Бишкек шаардык телефон тармагы филиалына (11 бирдик 22 722,95 ч.м.) караштуу болгон жер тилкелеринин жалпы 77 318,95 ч.м. аянты боюнча жер тилкелерин, минималдуу 4,6 миң сом баа менен алганда, болжолдуу эсептик 355 667,2 миң сомду (77 318,95х4,6) түзгөн.

*Аудит учурунда, Бишкек ш., Кок-Жар, станция Орбита дарегиндеги 24 000 ч.м. аянты менен жер тилкеси «Баалоо борбору жана мүлк боюнча экспертизасы «Al-Star» ЖЧКнын 2024-жылдын 16-июлундагы №31-07/24 отчетуна ылайык 110 328,0 миң сомго 2024-жылдын 1-ноябрындагы бухгалтердик өткөрүү менен бухгалтердик эсепке алынды.*

**Сунуш 8.5.1:** *«Кыргызтелеком» ААКсы,* борбордук аппарат, анын филиалдары жана туунду ишканалары боюнча жер тилкелерине карата каттоо (инвентаризация) жүргүзүлсүн жана алардын наркын аныктоо менен, бухгалтердик эсепке алууну камсыз кылсын.

**Аныкталды 8.5.2:** Акционерлердин жылдык жалпы чогулушу тарабынан 2023-жылдын 25-апрелинде бекитилген «Кыргызтелеком» ААКнын Уставынын 4.1. пунктуна ылайык, Коом өз ишин чарбалык ишмердиктен пайда табуу жана аны акционерлердин кызыкчылыгына пайдалануу максатында жүзөгө ашырат.

Аудитке берилген маалыматка ылайык, 2023-жылдын 31-декабрына карата «Кыргызтелеком» ААКда 18 бирдик автоунаа эсептелген, анын ичинен жалпы баштапкы наркы 197,8 миң сомду түзгөн 2 бирдик автоунаалар авто-жүктөгүч (автопогрузчик) жана «полуприцеп» бир жылдан ашык бузук абалда турат.

Андан сырткары, 33 бирдик жалпы баштапкы баасы 3 273,2 миң сомду түзгөн өтүмсүз (неликвид) кыймылсыз мүлктөр бар.

Ушундай эле, филиалдар боюнча бузук абалда турган автоунаалар 15 бирдик, жалпы баштапкы баасы менен 1 543,4 миң сомду түзгөн, алар:

– Талас облустук филиалы боюнча бузук абалда турган автоунаалар 6 бирдик жалпы баштапкы баасы менен 507,5 миң сом;

– Ош облустук филиалы боюнча бузук абалда турган автоунаалар 3 бирдик жалпы баштапкы баасы менен 599,1 миң сом;

– Жалал-Абад облустук филиалы боюнча бузук абалда турган автоунаалар 6 бирдик жалпы баштапкы баасы менен 436,8 миң сом.

Бирок, автоунаалар узак убакыттан бери бузук абалда турганына жана өтүмсүз (неликвид) кыймылсыз мүлктөр болгонуна карабастан, «Кыргызтелеком» ААКсы тарабынан мүлктөрдү натыйжалуу жана рационалдуу пайдалануу менен пайда алуу боюнча тийиштүү иштер алып барылбай келет.

Ушундай эле, филиалдар боюнча бузук абалда турган автоунаалар 15 бирдик, жалпы баштапкы баасы менен 1 543,4 миң сомду түзгөн, алар: *Талас облустук филиалы боюнча автоунаалар 6 бирдик, жалпы баштапкы баасы менен 507,5 миң сом, Ош облустук филиалы боюнча автоунаалар 3 бирдик,*

*жалпы баштапкы баасы менен 599,1 миң сом, Жалал-Абад облустук филиалы боюнча автоунаалар 6 бирдик жалпы баштапкы баасы менен 436,8 миң сом.*

**Корутунду 8.5.2:** 2023-жылдын 31-декабрына карата «Кыргызтелеком» ААКда жалпы баштапкы наркы 197,8 миң сомду түзгөн 2 бирдик автоунаалар авто-жүктөгүч (автопогрузчик) жана «полуприцеп» узак убакыттан бери бир жылдан ашык бузук абалда турганына жана 33 бирдик жалпы баштапкы баасы 3 273,2 миң сомду түзгөн өтүмсүз (неликвид) кыймылсыз мүлктөр болгонуна карабастан, «Кыргызтелеком» ААК тарабынан мүлктөрдү эффективдүү жана рационалдуу пайдалануу менен пайда алуу боюнча тийиштүү иштер алып барылбай келет.

Филиалдар боюнча бузук абалда турган автоунаалар 15 бирдик, жалпы баштапкы баасы менен 1 543,4 миң сомду түздү.

**Сунуш 8.5.2:** «Кыргызтелеком» ААКсы Уставдын 4.1. пунктуна ылайык, чарбалык ишмердиктен пайда табуу максатында, узак убакыттан бери бузук абалда турган автоунааларды жана өтүмсүз (неликвид) кыймылсыз мүлктөрдү натыйжалуу жана рационалдуу пайдалануу боюнча тийиштүү иш жүргүзсүн.

**Аныкталды 8.5.3:** «Кыргызтелеком» ААКнын *Ош облустук филиалынын* башкы директорунун 2022-жылдын 27-январындагы №01-10/27 буйругу менен күйүүчү-майлоочу материалдарга (бензин жана дизель) чыгымдардын айлык лимити белгиленген. Берилген маалыматка ылайык, 2023-жылга карата лимит кайра каралып, бекитилген эмес.

Жогоруда аталган лимитти сактоо боюнча талдоо жүргүзүүдө 10 автоунаалар боюнча жалпы 54730 литр эсептик **328,6 миң сомго** лимиттен ашыкча күйүүчү-майлоочу материалдар чыгышталган.

Мисалы:

– Тойота маркасындагы автоунаа мамлекеттик номери 050АС айлык лимити 300 литр белгиленген, ал эми иш жүзүндө январь айында 439 литр чыгымдаган, же 139 литр 8,9 миң сомго ашыкча чыгымдаган, май айында 80 литр 5,1 миң сомго, июнь айында 232 литр 14,8 миң сомго, август айында 261 литр 16,7 миң сомго, сентябрь айында 135 литр 8,6 миң сомго, октябрь айында 136 литр 8,7 миң сомго, ноябрь айында 74 литр 4,7 миң сомго жана декабрь айында 166 литр 10,6 миң сомго лимиттен ашыкча чыгымдаган. Жалпы 2023-жылы 1222 литр 78,0 миң сомго лимиттен ашыкча чыгыштаган;

– Портер Хунддай маркасандагы автоунаа мамлекеттик номери 958 АС лимити 220 литр белгиленген, ал эми иш жүзүндө март айында 290 литр чыгымдаган, же 70 литр 4,2 миң сомго ашыкча чыгымдаган, апрель айында 104 литр 6,2 миң сомго, май айында 32 литр 1,9 миң сомго, июнь айында 83 литр 4,9 миң сомго, август айында 212 литр 12,7 миң сомго, сентябрь айында 142 литр 8,5 миң сомго, октябрь айында 397 литр 23,7 миң сомго, ноябрь айында 79 литр 4,7 литр жана декабрь айында 33 литр 2,0 миң сомго лимиттен ашыкча чыгымдаган. Жалпы 2023-жылы 1152 литр 68,8 миң сомго лимиттен ашыкча чыгыштаган.

**Корутунду 8.5.3:** 2023-жылга карата лимит кайра каралып чыгып бекитилген эмес. Ош облустук филиалынын башкы директорунун 2022-жылдын 27-январындагы №01-10/27 буйругу менен күйүүчү-майлоочу материалдарга чыгымдардын лимитин сактоо боюнча талдоо жүргүзүүдө 10 автоунаалар боюнча жалпы 54730 литр эсептик 328,6 миң сомго лимиттен ашыкча күйүүчү-майлоочу материалдар чыгышталган.

**Сунуш 8.5.3:** Ош облустук филиалы: күйүүчү-майлоочу материалдардын (бензин жана дизель) бекитилген лимиттен ашыкча чыгымдалышы боюнча талдоо жүргүзүлсүн жана жыйынтыгы менен тийиштүү чара көрүлсүн.

**Аныкталды/корутунду 8.5.4:** *Баткен областтык филиалында* 2023-жылы кызматтык автоунааларга жалпысы **22,8 миң сомдук** күйүүчү-майлоочу май тастыктоочу документтери жок, жол баракчалары толтурулбай негизсиз чыгымдалган, анын ичинде: Баткен областтык филиал башкармалыгында - 6,0 миң сомго, Кызыл-Кыя бөлүмүндө - 3,6 миң сомго, Кадамжай бөлүмүндө - 3,1 миң сомго, Лейлек бөлүмүндө - 5,6 миң сомго жана Сүлүктү бөлүмүндө - 4,5 миң сомго.

**Сунуш 8.5.4:** *Баткен областтык филиалы,* 22,8 миң сомго күйүүчү-майлоочу материалдардын тастыктоочу документтери жок чыгымдалышы боюнча тийиштүү иш жүргүзүлсүн жана жыйынтыгы менен чара көрүлсүн.

**8.6. Мамлекеттик сатып алуулар боюнча.**

**Аныкталды/корутунду 8.6.1:** 2023-жылы «Кыргызтелеком» ААКсы була-оптикалык кабелдерин сатып алууда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №30 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун Типтүү тартибинин” 20-пунктунун 10-пунктчасына ылайык, конкурс өткөрбөстөн, бир нече даярдоочу заводдордун дарегине коммерциялык сунуштарды берүү жөнүндө жазуу жүзүндөгү суроо-талаптарды (01-8/410 11.04.2023-ж.) жөнөткөн. Жеткирүүчүлөрдөн 5 коммерциялык сунуш келип түшүп, комиссиянын чечими менен “Yangtze Optical Fibre and Cable Limited Company” (КЭР) менен 2023-жылдын 18-майында №ДП06377 Товарларды жеткирүү боюнча келишими түзүлгөн. Бул келишим боюнча төмөнкү товарлар сатып алынган:

| № | Товардын аталышы | Саны | Баасы | Сумма |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Була-оптикалык кабель 24-(10,0) | 1296 км | 466$ | 603936$ |
| 2 | Була-оптикалык кабель 48-(10,0) | 100 км | 585$ | 58500$ |
| 3 | Була-оптикалык кабель 24-(7,0) | 8 км | 1067 | 8536$ |

Бирок, 2023-жылдын 17-апрелиндеги №17/04-2023-1 сандуу коммерциялык сунушка ылайык, «Белтелекабель» БЖАКсы «Була-оптикалык кабель 24-(7,0)» товардын баасын арзан сунуштаган, тактап айтканда 1 км кабелге 667$ баа берген.

Аудит, комиссия техникалык спецификацияга ылайык келгенине карабастан, «Белтелекабель» БЖАКсы менен «Була-оптикалык кабель 24-(7,0)» товарын сатып алуу боюнча келишим түзгөн эмес деген пикирин билдирет. Натыйжада, бул товар 3200$ ((1067-667)*8 км) суммасына кымбат баада сатып алынган, ал КР УБнын 89,2 курсу боюнча **285,4 миң сомду** түзөт.

**Сунуш 8.6.1:** «Кыргызтелеком» ААКсы, була-оптикалык кабель 24-(7,0) товарын 285,4 миң сомго кымбат баада сатып алууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/корутунду 8.6.2:** 2023-жылдын 4-майындагы СВ-9,5 Темир-бетон түркүктөрүн сатып алуу конкурсунун шарттары боюнча келишимдин аткарылышын, кепилдик камсыздоосу, келишимдин суммасынан 2% түзөт, же банк кепилдиги болушу керек болчу. Бирок, бул конкурстун жыйынтыгы боюнча, келишимдин суммасынан 2% түрүндө келишимдин аткарылышынын кепилдик камсыздоосун албастан, же банктык кепилдик камсыздабастан, 2023-жылдын 5-июнунда «Байчордон» ЖЧКсы менен №06396 сандуу келишим 76 920,0 миң сом суммасында түзүлгөн. Келишимдин суммасынан 2% түрүндөгү келишимдин аткарылышынын кепилдик камсыздоосу 1 538,4 миң сомду түзөт. «Кыргызтелеком» ААКсы Сатып алуулар жол-жоболорун уюштуруу регламентинин 19.2-пунктуна ылайык, берүүчү тарабынан келишим боюнча милдеттенмелерди аткарбоо, же талаптагыдай аткарбоо тобокелдиги боюнча кепилдиктерди камсыз кылган эмес.

**Сунуш 8.6.2:** *«Кыргызтелеком» ААКсы,* «Байчордон» ЖЧКнан конкурстун шарттарына ылайык келишимдин суммасынан 2% өлчөмүндө 1 538,4 миң сомго келишимдин аткарылышынын кепилдик камсыздоосун банктык кепилдикти талап кылуу жөнүндө маселе каралсын жана өз убагында келишимдин аткарылышына кепилдик камсыздоосун камсыздабаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды 8.6.3:** 2023-жылдын 11-майында «Кыргызтелеком» ААКсы менен «It Land» (Айт и Лэнд) ЖЧКсынын ортосунда 9 түрдөн турган оптикалык була кабелин 159 730,2 миң сом суммасында сатып алуу боюнча №ДП 06353 сандуу эки тараптуу келишим түзүлгөн. Ушул келишимдин 8.2.-пунктунун негизинде продукцияны жеткирүү мөөнөтү бузулган учурда, жеткирүүчү сатып алуучуга милдеттенменин аткарылышынын кечиктирилген ар бир күнү үчүн жеткирилбей калган продукциянын наркынын 0,1% өлчөмүндө айыптык үстөк төлөөгө милдеттүү деп көрсөтүлгөн. Ошондой эле, №ДП 06353 сандуу келишимге тиркелген №2 тиркемеде көрсөтүлгөн 59 296,0 миң сомго биринчи партиянын продукцияларын жеткирүү мөөнөтү, келишимдин 2.1.4. пунктунда ААКсына катталган күндөн тартып 30 календардык күндө жеткирүү каралган.

Бирок, 2023-жылдын 11-майындагы № ДП 06353 Жеткирүү келишиминин биринчи партиясына ылайык, Жеткирүүчү тарабынан төмөнкү өткөрүп берүү-кабыл алуу актылары боюнча продукцияны өз убагында жеткирилбегени аныкталып, айып санкция 1 058,7 миң сомду түздү. Бирок, “Кыргызтелеком” ААКсы тарабынан «It Land» (Айт и Лэнд) ЖЧКсынан айып санкциялар талап кылынган эмес.

**Корутунду 8.6.3:** «Кыргызтелеком» ААКсы 2023-жылдын 11-майындагы №ДП 06353 келишиминин 8.2. пунктунун негизинде продукцияларды жеткирүү шарттарын жеткирүүчү «It Land» (Айт и Лэнд) ЖЧКсы бузгандыгы үчүн, кечиктирген продукцияны наркынан ар бир күн үчүн 0,1% өлчөмүндө **1 058,7 миң сом** суммасында айыптык санкциялар кармалган эмес.

**Сунуштама 8.6.3:** «Кыргызтелеком» ААКсы, «It Land» (Айт и Лэнд) ЖЧКсынан оптикалык була кабелин жеткирүүдө келишимдин шарттарын бузгандыгы үчүн, келишимдеги материалдар жеткирилип бүткөндөн кийин

кечиктирген продукцияны наркынан ар бир күн үчүн 0,1% өлчөмүндө 1 058,7 миң сомго айыптык санкцияларды өндүрүү маселеси каралсын.

**Аныкталды/корутунду 8.6.4:** «Кыргызтелеком» ААКсынын Директорлор кеңешинин чечими менен бекитилген «Сатып алуу жол-жоболорун уюштуруу жөнүндө жобосунун» 13-пунктуна ылайык, *Сатып алуулар жана логистика бөлүмү коомдун бюджетин алдын ала бекиткенден кийин, ошондой эле демилгечилер тарабынан сатып алынуучу товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн пландык наркын аныктоо үчүн базарга талдоо жүргүзөт. Ошондой эле, 7.2.-пунктунда: «Сатып алуулар, демилгечинин кызматтык каттарынын негизинде сатып алуулар жана логистика бөлүмүнүн кызматкерлери тарабынан жүргүзүлөт жана кызматтык катка коомдун жетекчисинин колу коюлуп, коомдун бюджетинде акча каражаттарынын бар экендиги боюнча финансы экономикалык бөлүмү менен макулдашылууга тийиш» - деп көрсөтүлгөн.*

*Бишкек шаардык телефон тармагы, Талас облустук жана Жалал-Абад облустук филиалдары* сатып алуулар жана логистика бөлүмү тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн жобонун 7.2. жана 13-пункттарын сактабастан, тактап айтканда демилгечинин кызматтык каты, ошондой эле бааларды талдоодо каралуучу берүүчүлөрдүн сунуштарынын саны экиден кем эмес деп көрсөтүлгөнүнө карабастан, базарга жүргүзүлгөн анализи (мониторинг цен) жок жөнөкөй ыкма менен сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуш 8.6.4:** *Бишкек шаардык телефон тармагы, Талас облустук жана Жалал-Абад облустук филиалдары*, «Кыргызтелеком» ААКсынын Директорлор кеңешинин чечими менен бекитилген «Сатып алуу жол-жоболорун уюштуруу жөнүндө» жобосунун 7 жана 13-пункттарынын аткарылбаганы боюнча тийиштүү чара көрүлсүн.

**Аныкталды/корутунду 8.6.5:** *Ош облустук филиалы* күйүүчү май материалдарын сатып алууга сынак өткөрүүдө «Кыргызтелеком» ААКнын Директорлор кеңешинин 2022-жылдын 4-июлундагы чечими менен бекитилген «Кыргызтелеком» ААКсында сатып алуулар жол-жоболорун уюштуруунун Регламентинин 3-пунктунда каралган атаандаштыкты кеңейтүү, тандап алуу процессинде жөнөтүүчүлөргө карата адилеттүү, тең жана калыс мамиле кылуу принциптерин сактабастан, аталган Регламенттин 7.3.1-пунктун бузуу менен, сынактык табыштамаларды берүү мөөнөтү жарыялангандан тартып 5 (беш) иш күндөн кем белгиленген.

Ошондой эле, аталган Регламенттин 19.2-пунктун бузуу менен, 2023-жылдын 4-майындагы чакыруу кагазынын 1-тиркемесиндеги сатып алууга карата талаптардын 1.6.2-пунктун сактабастан, сынактын 6 936,0 миң сомго жеңүүчүсү «Партнер нефть» ЖЧКсы тарабынан 2% өлчөмүндө 138,7 миң сомго келишимди аткарууну кепилдик камсыздоо төлөнбөгөнүнө карабастан, «Партнер нефть» ЖЧКсы менен 2023-жылдын 12-майында №ПН-23/419/ТКЭ-Т (23/787) келишими түзүлгөн. Андан сырткары, темир-бетон мамыларды (столбторду) сатып алууда 2023-жылдын 28-апрелиндеги чакыруу кагазынын 1-тиркемесиндеги сатып алууга карата талаптардын 1.6.2-пунктунда белгиленген келишимди аткарууну кепилдик камсыздоо сынактын жеңүүчүсү «Ал-Фаида»

ЖЧКсы тарабынан 2% өлчөмүндө 32,6 миң сом төлөнбөгөнүнө карабастан, «Ал-Фаида» ЖЧКсы 2023-жылдын 10-майында №23/786 келишими түзүлгөн.

**Сунуш 8.6.5:** *Ош облустук филиалы* күйүүчү май материалдарын сатып алууга сынак өткөрүүдө, «Партнер нефть» ЖЧКсы менен келишим түзүүдө Сатып алуулар жол-жоболорун уюштуруунун Регламентинин 3, 7.3.1 жана 19.2 пункттарын бузууга жана темир-бетон мамыларды (столбторду) сатып алууга «Ал-Фаида» ЖЧКсы 2023-жылдын 10-майында №23/786 келишими түзүүдө Сатып алуулар жол-жоболорун уюштуруунун Регламентинин 19.2-пунктун бузууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

## <u>«Кыргызтелеком» ААКсынын туунду ишканалары</u>

### 8.7. Кирешелер боюнча.

**Аныкталды 8.7.1:** ***«Радиорелейлик магистралдык телекөрсөтүү жана радиоуктуруу боюнча Республикалык өндүрүштүк бирикмеси» ААКсы*** (мындан ары - «РМТР РӨБ» ААКсы) 2023-жылы кирешелерди алууда кызмат көрсөтүүнүн баалары төмөндөгү аталган прейскуранттардын негизинде аныкталып келген, мисалы:

– социалдык пакет боюнча телекөрсөтүүнүн баалары монополияга каршы органынын 2015-жылдын 13-январындагы №2 буйругу менен бекитилген прейскурантында 1 канал/саатына 2496 сом;

– радиоуктуруу боюнча монополияга каршы органынын 2020-жылдын 19-февралындагы №5 буйругу менен бекитилген прейскурантында кубаттулугуна жана санына жараша 14,26 сомдон 745,94 сомго чейин.

Жогоруда аталган буйруктарда баалардын колдонуу мезгили аныкталган эмес.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 токтому менен бекитилген Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө Жобонун 13-пунктуна ылайык, *белгиленген (макулдашылган) баалардын (тарифтердин) колдонуу мезгили (мөөнөтү) ыйгарым укуктуу оргaндын буйругу менен аныкталат жана ал баалары (тарифтери) алгачкы жолу белгиленип (макулдашылып) жаткан товарлар (жумуштар, кызмат көрсөтүүлөр) үчүн 1 жылдан ашпайт. Эгерде ыйгарым укуктуу органдын буйругунда белгиленген (макулдашылган) баалардын (тарифтердин) колдонуу мезгили (мөөнөтү) көрсөтүлбөсө, алар чыгымдардын өзгөрүүсү жана алардын негиздүүлүгү боюнча чарбакер субъекттердин сунушу боюнча кайра каралганга чейинки мөөнөттө колдонулат.*

Бирок, кызмат көрсөтүүлөр боюнча баалардын прейскуранты бекитилген учурдан тартып, 2022-жылга карата чыгымдардын олуттуу 113%дан 127%га чейин көбөйүшүнө карабастан, «РМТР РӨБ» ААКсы кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларына өз убагында тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизбей келген.

Кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларына өз убагында тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизбегендигине байланыштуу, киреше бөлүгүнөн, 2023-жылга эсептик **78 279,5 миң сомго** жоготууларга учураган, анын ичинен: социалдык пакет

боюнча телекөрсөтүүдөн эсептик 69 060,2 миң сом жана радиоуктуруу боюнча эсептик 9 219,4 миң сом.

**Корутунду 8.7.1:** «РМТР РӨБ» ААКсы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 токтому менен бекитилген Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө Жобонун 13-пунктун сактабастан, кызмат көрсөтүүлөр боюнча баалардын прейскуранты бекитилген (социалдык пакет боюнча телекөрсөтүү боюнча 2015-жылы жана радиоуктуруу боюнча 2020-жылы) учурдан тартып, 2022-жылга карата чыгымдардын олуттуу көбөйүшүнө карабастан, кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларына өз убагында тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизбей келген. Жыйынтыгында, киреше бөлүгүнөн эсептик 78 279,5 миң сомго жоготууларга учураган.

**Сунуш 8.7.1:** «РМТР РӨБ» ААКсы кызмат көрсөтүүлөр боюнча чыгашаларга (өз наркынын өзгөрүшүнө) карата, алардын бааларына белгиленген тартипте өз убагында тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча иштерди алып барсын.

**Аныкталды 8.7.2:** «Кыргызтелеком» ААКнын *Ош облустук филиалы* жана *«Балаты» №21 мектепке чейинки билим берүү уюмунун* ортосунда 2023-жылдын 17-апрелиндеги №23/774 келишими түзүлгөн.

Келишимдин 1-бөлүмүнө ылайык, келишимдин предмети болуп «Балаты» №21 мектепке чейинки билим берүү уюму «Кыргызтелеком» ААКнын Ош облустук филиалынын кызматкерлеринин 45тен ашпаган балдарын окутууга – мектепке чейинки тарбиялоого кабыл алууга милдеттенет. «Кыргызтелеком» ААКнын Ош облустук филилалынын кызматкерлерине акы төлөө жеңилдетилген негизде жүргүзүлөт, анткени «Балаты» №21 мектепке чейинки билим берүү уюму «Кыргызтелеком» ААКнын туунду ишканасы болуп саналат.

Келишимдин 5.1-пунктуна ылайык, «Кыргызтелеком» ААКнын Ош облустук филиалынын кызматкерлеринин балдары үчүн көрсөтүлгөн Келишимдин 1-бөлүмүнө ылайык ата-энелердин кызмат акысы 2,0 миң сомду түзөт. «Кыргызтелеком» ААКнын Ош облустук филиалы төлөгөн дотациянын суммасы ар бир балага айына 500 сомду түзөт.

Ошондой эле, «РМТР РӨБ» ААКнын радиорелейлик станцияларынын Түштүк башкармалыгы менен 2023-жылдын 9-январында 12 баладан ашпаган санга келишим түзүлгөн, мында ата-энелер төлөгөн кызматтын наркы 2,0 миң сомду жана «РМТР РӨБ» ААКнын радиорелейлик станцияларынын Түштүк башкармалыгы төлөгөн дотациянын суммасы 2,0 миң сомду түзөт.

Ошентип, «Кыргызтелеком» ААКнын Ош облустук филиалынын кызматкерлери үчүн бир балага мектепке чейинки тарбиялоо – окутуу кызматтарынын, жалпы наркы 2,5 миң сомду жана «РМТР РӨБ» ААКнын радиорелейлик станцияларынын Түштүк башкармалыгынын кызматкерлери үчүн 4,0 миң сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы №300 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө

Жобонун 13-пунктуна ылайык билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин экономикалык негиздемеси болуп билим берүүчү уюмдун (мекеменин) тиешелүү кызмат көрсөтүүлөрүнө негиздүү чыгымдарынын негизинде аныкталуучу алардын өздүк наркы эсептелет.

Бирок, эсептик маалыматтарга ылайык, 2023-жылы бир балага чыгымдын өздүк наркы 6,9 миң сомду түзгөн, бул келишим боюнча белгиленген нарктан «Кыргызтелеком» ААКнын Ош облустук филиалынын кызматкерлери үчүн 4,4 миң сомго (6,9-2,5) же 276% жана «РМТР РӨБ» ААКнын радиорелейлик станцияларынын Түштүк башкармалыгынын кызматкерлери үчүн 2,9 миң сомго же 172% га көп.

Натыйжада, «Кыргызтелеком» ААКнын Ош облустук филиалынын жана «РМТР РӨБ» ААКнын радиорелейлик станцияларынын Түштүк башкармалыгынын кызматкерлеринин балдары үчүн окутуунун баасы, анын өздүк наркынан төмөндүгүнө байланыштуу, 2023-жылы финансылык каражаттардын жоготуулары жалпы суммасы эсептик 1 314,3 миң сомду түзгөн, анын ичинен «Кыргызтелеком» ААКнын Ош облустук филиалы боюнча 1 170,7 миң сом жана «РМТР РӨБ» ААКнын радиорелейлик станцияларынын Түштүк башкармалыгы боюнча 143,6 миң сом.

**Корутунду 8.7.2:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы №300 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө Жобонун 13-пунктун сактабастан, «Кыргызтелеком» ААКнын Ош облустук филиалы менен, 2023-жылдын 17-апрелиндеги №23/774 жана «РМТР РӨБ» ААКнын радиорелейлик станцияларынын Түштүк башкармалыгы менен 2023-жылдын 9-январындагы келишимдерде каралган балдарды окутууга – мектепке чейинки тарбиялоого кызмат көрсөтүүнүн баалары өздүк наркынан төмөндүгүнө байланыштуу, 2023-жылы финансылык каражаттардын жоготуулары жалпы суммасы эсептик **1 314,3 миң сомду** түзгөн, анын ичинен: «Кыргызтелеком» ААКнын Ош облустук филиалы боюнча 1 170,7 миң сом жана «РМТР РӨБ» ААКнын радиорелейлик станцияларынын Түштүк башкармалыгы боюнча 143,6 миң сом.

**Сунуш 8.7.2:** «Балаты» №21 мектепке чейинки билим берүү уюму, «Кыргызтелеком» ААКсы жана «РМТР РӨБ» ААКсы менен биргеликте, балдарды окутууга – мектепке чейинки тарбиялоо кызмат көрсөтүү боюнча келишимдердин бааларын кайра карап чыгып, Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө Жобого (КРнын Өкмөтүнүн 18.05.2009-ж. №300 токтому менен бекитилген) ылайык келтирилсин.

**8.8. Чыгашалар боюнча.**

**Аныкталды 8.8.1:** «Активдердин наркынын түшүшү» 36 (IAS) Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандартынын (ФОЭС) 12 пунктуна ылайык, *активдердин мүмкүн болгон наркы түшүшүнүн белгилеринин болушун баалоодо ишкана бери болгондо төмөнкүдөй белгилерди карап чыгууга тийиш:*

*– Маалыматтын тышкы булактары:*

*(а) мезгил ичинде активдин наркы мезгил өтүшү менен же демейки пайдалануу учурунда күтүлгөнгө караганда кыйла көп төмөндөгөнүнүн байкоо жүргүзүлүүчү белгилеринин болушу;*

*(b) ишкана үчүн жагымсыз натыйжаларга ээ болгон кыйла өзгөрүүлөр мезгил ичинде болуп өттү же ишкана ишин жүзөгө ашырып жаткан техникалык, рыноктук, экономикалык же укуктук шарттарда же актив ага арналган рынокто жакынкы келечекте болуп өтөт;*

*(c) рыноктук пайыздык ставкалар же инвестицияларга пайданын башка рыноктук ченемдери мезгил ичинде жогорулады жана бул өсүш, кыязы, активди колдонуу баалуулугун же анын орду толтурулуучу наркын эсептөө учурунда колдонулуучу дисконттоонун ставкасы үчүн олуттуу жагымсыз натыйжаларга ээ болот;*

*(d) ишкананын таза активдеринин баланстык наркы анын рыноктук капиталдашуусунан ашат;*

*– Маалыматтын ички булактары :*

*(e) активдин моралдык эскиришинин же физикалык бузулушунун белгилери бар;*

*(f) ишкана үчүн жагымсыз кесепеттерге ээ болгон кыйла өзгөрүүлөр мезгил ичинде болуп өттү же болжол менен жакынкы келечекте активди пайдалануунун (же болжолдуу пайдалануунун) интенсивдүүлүгү жана ыкмасы жагынан орун алышы мүмкүн. Бул өзгөрүүлөр жөнөкөй активди, активдин тиешеси бар ишмердүүлүктү токтотуу же кайра түзүмдөштүрүү боюнча пландарды, мурда белгиленген күнгө чейин активдин чыгып калышы боюнча пландарды, ошондой эле активдин пайдалуу кызмат мөөнөтүн айкын эместиктен айкындыкка кайра баалоону камтыйт.*

*(g) активдин экономикалык натыйжалуулугу начар экени же күтүлгөндөн начар болоору ички отчеттуулуктан көрүнүп турат.*

Бирок, «РМТР РӨБ» ААКсы активдердин мүмкүн болгон наркы түшүүнүн белгилеринин болушун баалоодо жогоруда көрсөтүлгөн минималдуу талаптарды сактабастан, аудитке берилген маалыматка ылайык, бухгалтердик эсеп боюнча 2023-жылы товардык материлдык запастардын (1799 эсеп-чоту) 102,7 миң сомго жана негизги каражаттардын (2192 эсеп-чоту) 435,2 миң сомго наркы түшүү боюнча «резерв» чегерүү жүргүзгөн, ал эми, мурунку жылдардан бери 2023-жылдын 31-декабрына карата аталган чегерүүлөр, жалпы 3 860,3 миң сомду түзгөн, анын ичинен: товардык материалдык запастарга карата 404,2 миң сом жана негизги каражаттар карата 3 456,1 миң сом.

*«РМТР РӨБ» ААКда аудит аяктап, аудит материалдарын жалпылоо учурунда, активдердин мүмкүн болгон наркы түшүүнө «резерв» чегерүүлөргө карата 3 860,3 миң сомго 2024-жылдын 1-ноябрында бухгалтердик эсеп боюнча түзөтүүчү өткөрүүлөрдү (бухгалтердик түзөтүүчү проводка) жүргүзүүгө бухгалтердик маалымдама берилген.*

**Корутунду 8.8.1:** «РМТР РӨБ» ААКсы «Активдердин наркынын түшүүсү» 36 (IAS) ФОЭСтин 12 пунктун сактабастан, активдердин мүмкүн болгон наркы түшүүнүн белгилеринин болушун баалоодо аталган пункта көрсөтүлгөн минималдуу талаптарды сактабастан, бухгалтердик эсеп боюнча 2023-жылы негизсиз 435,2 миң сомго негизги каражаттардын жана 102,7 миң сомго товардык материлдык запастардын наркы түшүү боюнча «резерв» чегерүү жүргүзгөн, ал эми, мурунку жылдардан бери, 2023-жылдын 31-декабрына карата аталган чегерүүлөр жалпы **3 860,3 миң сомду** түзгөн, анын ичинен: негизги каражаттар боюнча 3 456,1 миң сом жана товардык материалдык запастардын 404,2 миң сом. Көрсөтүлгөн суммага бухгалтердик эсеп боюнча кошумча чыгымдар таанылган.

*«РМТР РӨБ» ААКда аудит аяктап, аудит материалдарын жалпылоо учурунда, активдердин мүмкүн болгон наркы түшүшүнө «резерв» чегерүүлөргө карата 3 860,3 миң сомго 2024-жылдын 1-ноябрында бухгалтердик эсеп боюнча түзөтүүчү өткөрүүлөрдү (бухгалтердик түзөтүүчү проводка) жүргүзүүгө бухгалтердик маалымдама берилген.*

**8.9. Штаттык лимиттер жана эмгек акы боюнча.**

**Аныкталды 8.9.1:** «РМТР РӨБ» ААКнын 2023-2025 – жылдарга жамааттык келишимдин (мындан ары-жамааттык келишим) *2-тиркемесинин 1-пунктуна ылайык, иштин жалпы натыйжалары үчүн негизги ишинин көрсөткүчтөрүн аткаргандыгына бир айдын жыйынтыгы боюнча кызматкерлерге сыйлык берүү жүргүзүлөт.*

*Ошону менен бирге, жамааттык келишимдин 3-тиркемесинин 3-пунктунда кызматкерлер жогорку өндүрүштүк көрсөткүчтөргө жетишкен учурда, ошол эле учурда кызматкер ага эмгек келишими жана кызматтык/жумушчу нускамасы менен жүктөлгөн эмгек милдеттерин, түздөн-түз жетекчисинин буйруктарын кынтыксыз аткарган учурда жыл ичиндеги иштин жыйынтыгы боюнча кызматкерлерди сыйлоо ишке ашырылат деп каралган.*

*Ошондой эле, жамааттык келишимдин 4-тиркемесинин 4-пунктунда кызматкерлер жогорку өндүрүштүк көрсөткүчтөргө жетишкен учурда, ошол эле учурда кызматкер ага эмгек келишими жана кызматтык/жумушчу нускамасы менен жүктөлгөн эмгек милдеттерин, түздөн-түз жетекчисинин буйруктарын кынтыксыз аткарган учурда квартал үчүн иштин жыйынтыгы боюнча кызматкерлерди сыйлоо жүзөгө ашырылары каралган.*

*«Кыргызтелеком» ААКсы жалгыз акционеринин 2019-жылдын 20-июнундагы чечими менен бекитилген «РМТРРӨБ» ААКнын Уставынын 4.1-пунктунун 2-абзацына ылайык, Коом өзүнүн ишмердүүлүгүн чарбалык ишмердиктен пайда табуу жана аны акционерлердин кызыкчылыгына пайдалануу максатында жүргүзөт.*

Ошентип, негизги өндүрүштүк иштин окшош критерийлеринин көрсөткүчтөрүнүн аткарылышы боюнча ай сайын, квартал сайын сый акылар, жалпы 35 258,2 миң сомго төлөнгөн, анын ичинен ай сайын берилүүчү сый акы - 28 176,9 миң сомго, кварталдык сый акы - 7 081,3 миң сомго.

**Корутунду 8.9.1:** «РМТР РӨБ» ААКнын жамааттык келишимдин 2, 3 жана 4-тиркемелерине ылайык, негизги өндүрүштүк иштин окшош критерийлеринин көрсөткүчтөрүнүн аткарылышы боюнча ай, квартал жана жыл үчүн сый акылар жалпы 35 258,2 миң сомго төлөнгөн, анын ичинде: ай сайын берилүүчү сый акы - 28 176,9 миң сомго, кварталдык сый акы - 7 081,3 миң сомго жана жылдын жыйынтыгы боюнча сый акы - 1 674,1 миң сомго.

**Сунуш 8.9.1:** «РМТР РӨБ» ААКсы финансылык ресурстарын натыйжалуу жана сарамжалдуу пайдалануу үчүн жана иштеги бир эле жетишкендиктер үчүн бир нече сый акыларды төлөөгө жол бербөө максатында, жамааттык келишимде белгиленген сый акыларды жумуштун жыйынтыктарынын негизинде төлөө шарттарын кайра карап чыксын.

**8.10. Дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча.**

**Аныкталды 8.10.1:** Аудитке берилген маалыматка ылайык, 2023-жылдын 31-декабрына карата жалпы дебитордук карыздар 240 353,1 миң сомду түзөт, анын ичинен 1 (бир) жылдан ашык мөөнөтү менен жоюлбай келе жаткан 18 контрагент боюнча 33 064,7 миң сомду түзөт, мисалы:

*– «5 канал» компаниясына техникалык каражаттырды ижарага берүү боюнча 2015-жылдан бери 12 817,9 миң сом жана бөлмөлөрдү ижарага берүү боюнча 2021-жылдан бери 14 152,9 миң сом;*

*– «Вершина» компаниясына асма жолду оңдоо боюнча 2018-жылдан бери 2 607,5 миң сом;*

*– «Лайф Ньюс» компаниясына техникалык каражаттырды ижарага берүү боюнча 2019-жылдан бери 1 164,8 миң сом;*

*– «Кател» компаниясына ижара берүү кызматы жана коммуналдык чыгымдар боюнча 2015-жылдан бери 816,5 миң сом;*

*– «ИС КО» компаниясы бөлмөлөрдү ижарага берүү боюнча 2021-жылдан бери 523,0 миң сом.*

Жогоруда аталган, кызмат көрсөтүүлөр боюнча келишимдердин тийиштүү пункттарында каралган төлөмдөрдүн төлөө мөнөтүн сактабастан, «РМТР РӨБ» ААКсы тарабынан өз убагында тийиштүү иштерди жүргүзбөгөндүгүнө байланыштуу, бүгүнкү күнгө чейин өндүрүлбөй келет.

**Корутунду 8.10.1:** «РМТР РӨБ» ААКсы тарабынан өз убагында дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча тийиштүү иштерди жүргүзбөгөндүгүнө байланыштуу, 2023-жылдын 31-декабрына карата кызмат көрсөтүүлөр боюнча келишимдердин тийиштүү пункттарында каралган мөөнөтүндө 18 контрагент боюнча 33 064,7 миң сом суммасы өндүрүлбөй келет. Бул жагдай, киреше бөлүгүнөн жоготууларга алып келүү тобокелчилигин жаратат.

**Сунуш 8.10.1:** «РМТР РӨБ» ААКсы дебитордук карыздарга өз убагында салыштырма актысы түзүлүп, өндүрүү боюнча тийиштүү деңгээлде иштерди алып барылсын.

**8.11. Негизги каражаттар жана товардык материалдык баалуулуктар боюнча.**

**Аныкталды 8.11.1:** Аудитке берилген маалыматка ылайык, «РМТР РӨБ» ААКсында 76 бирдик жалпы 2 415,2 миң ч.м. аянты менен жер аянтчалары бар жана алардын баштапкы наркы аныкталган эмес, анын ичинен: Борбордук аппарат боюнча 15 бирдик жалпы 1 786,9 миң ч.м., Түштүк башкармалык боюнча 39 бирдик 261,6 миң ч.м. жана Чыгыш башгармалык боюнча 22 бирдик 366,7 миң ч.м., мисалы:

– борбордук аппаратка караштуу жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акты серия Ч №093547, ИНН 7042200050124, дареги Красноречка айыл аймагы, аянты 108,84 га (1088,4 ч.м.);

– түштүк башкармалыгына караштуу жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүнд мамлекеттик акты серия Ч №084067, ИНН 5061100112253, дареги Төөчү участкасы, аянты 62000 ч.м.;

– чыгыш башкармалыгына караштуу жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акты серия Ч №666977, ИНН 2040400050040, дареги Тоң району, Калмак-Ашуу көч., аянты 14059 ч.м.

*«Негизги каражаттар»* 16 (IAS) ФОЭСтин 58-пунктуна ылайык, жер участоктору жана имараттар бөлүнүүчү активдерди билдирет жана бирге сатып алынган болсо да, эсепке алууда өз-өзүнчө чагылдырылат.

Ошондой эле, «Бухгалтердик эсеп жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, бухгалтердик эсеп тутумунда маалыматтарды чагылдырууда жана финансылык отчеттуулукту түзүүдө үзгүлтүксүздүк, түшүнүктүүлүк, жөндүүлүк, маанилүүлүк, ишенимдүүлүк, толуктук, бейтараптык, формасына карата маанисинин артыкчылыгы, этияттык салыштырмалуулук, туура берүүчүлүк негизги принциптери колдонулат.

Бирок, жер участоктору бухгалтердик эсепке алынган эмес жана наркы аныкталган эмес.

**Корутунду 8.11.1:** «РМТР РӨБ» ААК «Бухгалтердик эсеп жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган бухгалтердик эсеп тутумунда маалыматтарды чагылдыруудагы жана финансылык отчеттуулукту түзүүдөгү принциптерди жана *«Негизги каражаттар»* 16 (IAS) ФОЭСтин 58-пунктун бузуу менен, жалпы 76 бирдик 2415,2 миң ч.м. аянты менен жер аянтчалары бухгалтердик эсепке алынган эмес жана алардын наркы аныкталган эмес.

*“Кыргызтелеком” ААКнын борбордук аппараты, анын филиалдары жана туунду ишканалары боюнча жалпы сунуш ушул отчеттун 8.5.1. пунктунда берилген.*

**8.12. Мамлекеттик сатып алуулар боюнча.**

**Аныкталды/корутунду 8.12.1:** «Кыргызтелеком» ААКтын директорлор кеңешинин чечими менен бекитилген «Сатып алуу жол-жоболорун уюштуруу жөнүндө» жобосунун 13-пунктунда *«Сатып алуулар жана логистика бөлүмү коомдун бюджетин алдын ала бекиткенден кийин, ошондой эле демилгечилер тарабынан сатып алынуучу товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн пландык наркын аныктоо үчүн базарга талдоо жүргүзөт»,* ошондой эле 7.2.-пунктунда *«Сатып алуулар, демилгечинин кызматтык каттарынын негизинде сатып алуулар жана логистика бөлүмүнүн кызматкерлери тарабынан жүргүзүлөт жана кызматтык катка коомдун жетекчисинин колу коюлуп, коомдун бюджетинде акча каражаттарынын бар экендиги боюнча финансы экономикалык бөлүмү менен макулдашылууга тийиш,»* - деп көрсөтүлгөн.

«Балдарга билим берүү жана тарбиялоо борбору» мекемеси тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн жобонун 7.2. жана 13-пунктарын сактабастан, демилгечинин кызматтык каты, ошондой эле бааларды талдоодо каралуучу берүүчүлөрдүн сунуштарынын саны экиден кем эмес, деп көрсөтүлгөнүнө карабастан, базарга жүргүзүлгөн анализи (бааларга мониторинг жүргүзүү) жок, жөнөкөй ыкма менен сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуш 8.12.1:** *«Балдарга билим берүү жана тарбиялоо борбору»* «Сатып алуу жол-жоболорун уюштуруу жөнүндө» жобонун 7 жана 13-пунктарынын аткарылбашы боюнча тийиштүү чара көрүлсүн.

## 9. «Кыргыз почтасы» ААКсы жана анын филиалдары

**Аныкталды/корутунду 9.1:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 203 токтомуна ылайык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2020-жылдын 25-июнундагы № 3966-VI токтому менен бекитилген, КР Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу «Кыргыз почтасы» мамлекеттик ишканасынын 100 пайыз акциясын мамлекеттик менчикте калтыруу менен «Кыргыз почтасы» ачык акционердик коому кылып кайра түзүү чечими кабыл алынган.

Ошондой эле, жогоруда аталган 2022-жылдын 8-апрелиндеги №203 токтому менен Ишкана Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу «Кыргыз почтасы» мамлекеттик ишканасынын укук мураскери болуп саналат деп белгиленген. Буга ылайык, 2022-жылдын июлуна чейин Ишкана өз ишин мамлекеттик ишкананын уюштуруу-укуктук формасында жүргүзгөн. 2022-жылдын июлунан тартып Ишкана акционердик коомдун уюштуруу-укуктук формасында иштеп келет.

Бүгүнкү күндө «Кыргыз почтасы» ААКнын башкармалыктарынын, бөлүмдөрүнүн, цехтеринин жана кызматтарынын жоболору, жетекчилеринин, адистеринин жана кызматкерлеринин кызматтык нускамалары өзгөртүлгөн эмес жана ошондой эле, кээ бир жоболор жана көрсөтмөлөр өзгөрүүсүз калтырылган жана бекитилген эмес.

«Кыргыз почтасы» ААКтын бюджети жөнүндө жобосу түзүлгөн эмес, Коом учурунда 2016-жылы түзүлгөн бюджеттик саясатынын жобосунун негизинде 2022-жылдын июлунан тартып 2024-жылдын сентябрь айына чейин иш алып барган.

**Сунуш 9.1:** «Кыргыз почтасы» ААКсынын уюштуруу-укуктук формасынын өзгөрүлгөнүнө байланыштуу, анын ишин жөнгө салуу жөнүндө жоболорду жана ички ченемдик актыларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу камсыздалсын. Бюджетти түзүүдө жана кароодо бюджеттин ар бир статьясын деталдаштырылып негизделсин, кирешелердин жана чыгашалардын бекитилген бюджетинин негизинде иш чаралар так аткарылсын.

**9.2. Кирешелер боюнча.**

**Аныкталды/корутунду 9.2.1:** «Кыргыз почтасы» ААКсынын *Ак-Талаа райондук филиалы* боюнча Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Мыйзамынын 29-беренесин бузууга жол берген, анда «пенсионердин каалоосу боюнча пенсия Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында белгиленген тартипте берилүүчү ишеним кат боюнча төлөнүшү мүмкүн...» деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, 2023-жылы эки пенсионердин (С. Исаевге - 112,2 миң сом, К. Исаковага - 128,8 миң сом), жалпы 241,0 миң сом суммасында пенсия төлөмдөрү өздөрүнө берилбестен, ишеним каты талап кылынбай, туугандарына берилгендиги аныкталган.

**Сунуш 9.2.1:** *Ак-Талаа райондук филиалы*, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Мыйзамынын 29-беренесин бузуу менен, ишеним каты талап кылынбастан пенсия берген тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/корутунду 9.2.2:** *Жумгал райондук филиалында* 2023-жылдын июль айында Филиал тарабынан келишимге ылайык, КР ИИМдин «Унаа» мамлекеттик ишканасына аянты 49 чарчы метр бөлмө ижара акысы айына 6,7 миң сомго ижарага берилген. Бирок, техникалык паспортунун негизинде бөлмөнүн аянты 61,44м$^2$ деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, ижара келишими бөлмөнүн аянтынын өлчөмүн 12,44 чарчы метрге азайтып түзүлгөн, жыйынтыгында, **10,2 миң сом** (9,0 миң сом ижара акысы, 1,0 миң сом КНС, 0,2 миң сом сатуудан алынуучу салык) ижара акыдан төмөн киреше алынган.

Ошондой эле, 2023-жылдын май айында жеке адам Ж.К. Борбушалиевага аянты 40 чарчы метр бөлмө, ижара акысы айына 4,8 миң сомго ижарага берилген. Бирок, техникалык паспортунун негизинде бөлмөнүн аянты 43,2 м$^2$ деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, ижара келишими бөлмөнүн аянтынын өлчөмүн 3,2 чарчы метрге азайтып түзүлгөн, жыйынтыгында, **3,3 миң сомго** (2,9 миң сом ижара акысы, 0,3 миң сом КНС, 0,1 миң сом сатуудан алынуучу салык) ижара акыдан.

**Сунуш 9.2.2:** *Жумгал райондук филиалы,* техникалык паспортто көрсөтүлгөн аянттарды төмөндөтүү менен ижара келишимдерин түзүүгө жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын жана анын жыйынтыгында, төмөн киреше алууга жол берген кызматкерлердин эсебинен 13,5 миң сом калыбына келтирүүсү каралсын.

**9.3. Чыгашалар боюнча.**

**Аныкталды/корутунду 9.3.1:** Акционерлердин жылдык жалпы чогулушу тарабынан 2023-жылдын 10-октябрындагы бекитилген «Кыргыз почтасы» ААКнын Уставынын 7 пунктунун 7.4 пунктчасынын 16 бөлүгүнө ылайык, *ААКнын жылдык бюджети, жылдык отчету жана бухгалтердик балансы бекитилет. 2016-жылдын 29-декабрында түзүлгөн №436 Бюджеттик саясат боюнча жобонун 6-пунктунда борбордук аппараттын пландоо-экономика бөлүмү өткөн жылдын бюджетин салыштыруу менен аткарылышынын процентин жана өсүш темптерин талдоо жолу менен жыл ичинде бюджеттин аткарылышын катуу көзөмөлгө алат деп, жана «Кыргыз почтасы» ААКнын пландоо-экономика бөлүмүнүн 2022-жылдын 2-мартындагы жобосунун 4-пуктунун 4.2 пункчасында борбордук аппараттын пландоо-экономика бөлүмү тиешелүү отчеттук жылдар үчүн бекитилген бюджеттин өз убагында жана толук аткарылышына көзөмөлдү жүзөгө ашырат деп, белгиленген.*

Аудитке берилген маалыматка ылайык, «Кыргыз почтасы» ААКнын борбордук аппараты 2023-жылга карата жалпы чыгашалар бюнча бюджети 270 135,0 миң сомго бекитилген. Иш жүзүндө 331 872,6 миң сомду түзүп, бекитилген бюджеттен планга салыштырмалуу 61 737,5 миң сомго көп чыгымдалган, тактап айтканда айрым беренелер боюнча пландаштырылбаган чыгымдар келип чыккан, анын ичинен: Сырье жана материалдарга болгон чыгымдан -18 871,2 миң сом, почтаны ташууга болгон чыгымдан – 5 526,3 миң сом, амортизацияга болгон чыгым – 11 217,0 миң сом, кызматтык автоунаага болгон чыгымдан – 868,2 миң сом, салыктарга болгон чыгымдар – 1 156,1 миң сом, ар кандай чыгымдардан – 8 370,0 миң сом, эл аралык алмашуу чыгымдарынан – 11 918,5 миң сом, операциалык эмес чыгашалардан – 22 275,9 миң сом.

Жогоруда белгиленген чыгашалардын олуттуу өзгөрүшүнө «Кыргыз почтасы» ААКсынын экономика жана пландаштыруу боюнча бөлүмү тарабынан 2023-жылга болгон бюджетти түзүүдө жана кароодо деталдуу талдоо жана пландын аткарылышындагы чыгымдардын жүрүшүндө көзөмөл жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуш 9.3.1:** *«Кыргыз почтасы» ААКсы* филиалдарда бекитилген бюджеттен жогору чыгымдарга өндүрүштүк зарылчылык пайда болгондо, бекитилген бюджетке өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча жол-жоболордун тартибин жөнгө салуучу ички ченемдик актыларды иштеп чыгуу каралсын.

**Аныкталды/корутунду 9.3.2:** *Тоң райондук филиалында* кызматтык автоунаага жолдомо баракчасы толтурулбастан **9,5 миң сомго** күйүүчү май чыгышталган.

**Сунуш 9.3.2:** Тоң райондук филиалы, күнөөлүү адамдар тарабынан тастыктоочу иш кагаздары жок (жолдомо баракчасы) негизсиз чыгышталган 9,5 миң сом суммасындагы күйүүчү май калыбына келтирилсин.

**Аныкталды/корутунду 9.3.3:** *Тоң райондук филиалдын* оператору Бишкек шаарына 5 күнгө иш сапарына жиберилген. Бирок, тапшырылган авансалык отчетуна ылайык, сапар чыгымдары (жатакана чыгымдары) 6 күнгө төлөнгөн, б.а. сапар чыгымдары 2 күнгө **3,6 миң сомго** ашык төлөнгөн. *Аудит учурунда калыбына келтирилген.*

**Аныкталды/корутунду 9.3.4:** *Кочкор райондук филиалында* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин» 16-пунктуна ылайык, *«ар бир чарбакер субъект же бюджеттик мекеме бир гана кассалык китеп жүргүзөт (валютанын ар бир түрү жана каржылоо булагы үчүн), ал номерленип, көктөлүп, сургуч же сыя мөөр басылышы керек. Кырып оңдоолор жана түшүндүрмөсү көрсөтүлбөгөн оңдоолор кассирдин, ошондой эле чарбакер субъекттин, бюджеттик мекеменин бухгалтеринин же аны алмаштыруучу адамдын колу менен күбөлөндүрүлөт».* Бирок, Филиалда жогорудагыларды бузуу менен 4 (төрт) кассалык китеп (пенсиялык каражаттар боюнча, терминал аркылуу каражаттар боюнча, негизги касса боюнча, айып пулдар боюнча) жүргүзүлөт. Мындан тышкары, кассалык китептер толук толтурулган эмес, кассир жана бухгалтердин колу менен тастыкталбаган оңдоолор орун алган.

**Сунуш 9.3.4:** *Кочкор райондук филиалы,* кассалык операцияларды жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү» тартибинин ченемдерине ылайык келтирилсин.

**Аныкталды/корутунду 9.3.5:** *Кочкор райондук филиалында* «Айыл Банк» ААКтын Кочкор филиалынын билдирүүсүнө ылайык, 2023-жылдын 10-январында №474361 чек боюнча 4 000,0 миң сом (пенсия каржыланган) акча каражаты алынган, ошол эле дата менен, ошол эле суммага, б.а. 2023-жылдын

10-январында №474559 чеги толтурулган. «Айыл Банк» ААКтын Кочкор филиалынын маалыматына жана Филиалдын башкы эсепчисинин түшүндүрмөсү боюнча №474361 чек жараксыз болуп калган, каржылоо №474559 чеги боюнча жүргүзүлгөн. Бирок, жараксыз болуп калган №474361 чек жараксыз катары документтерине тиркелген эмес.

**Сунуш 9.3.5:** *Кочкор райондук филиалы*, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү» тартибинин талаптары так сактабаган (жараксыз чектерди тийиштүү документтерине тиркөө боюнча) себептерин аныктоо менен, тийиштүү чара көрүлсүн.

**Аныкталды/корутунду 9.3.6:** Аксы райондук филиалында, мекеменин чарба башчысы У.Кузөбаев тарабынан 7,0 миң сомдук отчет бермеге берилген акча каражатына авансалык отчёт тапшырылбагандыгы жана дебитордук карызда көрсөтүлбөгөндүгү аныкталды. Аудиттин жыйынтыгы менен мекемеге ордуна коюлду.

**Аныкталды/корутунду 9.3.7:** *Базар-Коргон райондук филиалында* автоунаанын тетиктерин сатып алуу үчүн 9,7 миң сом отчет бермеге берилген каражат, чыгымды тастыктоочу документтери жок эсептен чыгарылгандыгы аныкталды. *Аудиттин жыйынтыгы менен мекемеге ордуна коюлду.*

**Аныкталды / Корутунду 9.3.8:** *Токтогул райондук филиалында* Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген «Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын Эрежелеринин» 1.3.1.-пунктунун талаптары сакталбастан, 2023-жылы кызматтык автоунаага жалпысы 5,4 миң сомдук күйүүчү-майлоочу май чыгымдоонун линиялык ченеминен ашыкча чыгымдалгандыгы аныкталды**.** *2024-жылдын 29-августундагы №830/RCAS/6 накталай төлөмгө берилген квитанциянын негизинде ордуна коюлду.*

**Аныкталды/корутунду 9.3.9:** *Араван райондук филиалында* «Кыргыз почтасы» ААКнын 2022-2025-жылдарга түзүлгөн жамааттык келишиминин 3.1.19.-пунктуна ылайык, маданий-массалык иш-чаралар каржылык мүмкүнчүлүк болгон учурда гана өткөрүлөт деп көрсөтүлгөн. Бирок, Араван райондук филиалы тарабынан жамааттык келишимдин жогорудагы пунктунун талабын сактабастан менен, 2023-жылга 618,0 миң сомдук зыян менен чыккандыгына карабастан, 109,5 миң сомдук маданий-массалык иш-чаралар өткөрүлгөн.

**Сунуш 9.3.9:** Араван райондук филиалы, каражаттарды чыгыштоодо Кыргыз почтасы» ААКнын 2022-2025-жылдарга түзүлгөн жамааттык келишиминин 3.1.19.-пунктунун талаптарын аткаруу камсыздалсын.

**Аныкталды/корутунду 9.3.10:** *Араван райондук филиалында* мекеменин кызматкери Ш.Адинаевге 8,5 миң сом отчет бермеге берилген акча каражатына авансалык отчёт тапшырылбагандыгы жана дебитордук карызда

көрсөтүлбөгөндүгү аныкталды. *Аудиттин жыйынтыгы менен мекемеге ордуна коюлду.*

**Аныкталды/корутунду 9.3.11:** *Кара-Кулжа жана Кызыл-Кыя райондук филиалдарында* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 «Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө» токтомунун 1-пунктунун талаптары сакталбастан, жалпы **16,2 миң сомго** ашыкча төлөөгө жол берилген, анын ичинен: Кара-Кулжа райондук филиалынын жетекчисине К.Чоюновго - 15,0 миң сомго жана Кызыл-Кыя райондук филиалы боюнча 4 жооптуу кызматкерлерге - 1,2 миң сомго. *Аудиттин учурунда мекемеге калыбына келтирилди.*

**Аныкталды/корутунду 9.3.12:** *Лейлек райондук филиалынын* кассасында инвентаризациянын жыйынтыгы менен **1,1 миң сом** жетишпестик аныкталды. *Мекемеге ордуна коюлду.*

**Аныкталды/корутунду 9.3.13:** «Кыргыз почтасы» ААКсынын борбордук аппаратынын кассасында 3001 сом акча каражатынын жетишпестиги аныкталган. *Аудит учурунда кассага кайтарылды.*

**Аныкталды/корутунду 9.3.14:** *Ысык-Ата райондук филиалында* «Айыл Банк» ААКнын Кант филиалынын акча каражатынын жүгүртүү бөлүштүрүү эсебин (№1350220023891233) касса менен салыштырууда, 2023-жылдын 15-декабрында филиалдын бухгалтери А. Дорбонова тарабынан №484493 чек менен 200,0 миң сом банктан алынган. Бирок, банктан алынган акча каражаты филиалдын кассасына кириштелген эмес *(бул факт боюнча 2024-жылдын 29-августунда аралык акт түзүлүп, Чүй областынын прокуратурасына 2024-жылдын 3-сентябрында № 01-9/212 кат менен укуктук баа берүү үчүн жиберилген).*

**Сунуш 9.3.14:** Ысык-Ата райондук филиалы, 2023-жылдын 15-декабрында № 484493 чек менен алынып, филиалдын кассасына кириштелбей калган 200,0 миң сом, тиешелүү жактардан өндүрүлүп, калыбына келтирилсин.

**9.4. Штаттык лимит жана эмгек акы боюнча.**

**Аныкталды/корутунду 9.4.1:** *Ак-Талаа райондук филиалында* 2023-жылы кызматкерлердин ар бирине 2,5 миң сом өлчөмүндө сый акы төлөнгөн. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө» Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, сый акынын эсебинен **4,4 миң сомго** киреше салыгы жана **17,6 миң сомго** социалдык чегерүүлөр (2%, 8%, 17,25%) эсептелинген эмес. *Аудит учурунда тиешелүү бюджеттерге калыбына келтирилди.*

**Аныкталды/корутунду 9.4.2:** *Жети-Өгүз райондук филиалында* аудит камтыган мезгил аралыгында, ички буйруктун негизинде (14.06.23-ж. №22 жана 22.09.23-ж. №32) кызматкерлердин кызматтык маяналарына (10дон 75% га чейин) жалпы суммасы **197,5 миң сом** кошумча үстөк акы (жетекчиликтин оозеки түшүндүрмөсү боюнча иштин жыйынтыгынын сапаты, татаалдыгы, кесиптик демилге көтөрүү жана ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн) бекитилип, төлөнүп берилген, анын ичинде Соцфондко чегерүүлөр 29,1 миң сом.

Белгилей кетсек, административдик башкаруу персоналдары, оперативдик көмөкчү бөлүмдөрү үчүн эмгек акы төлөө Жамааттык келишимдин 1-тиркемеси болуп саналган, «Кыргыз почтасы» ААКтын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө Жобосуна» ылайык жүргүзүлөт. Ушул Жобо эмгек акыны төлөө формасын жана тутумун белгилөөнүн, эмгекти уюштуруунун, үстөк акы жана кошумча төлөмдөрдү бекитүүнүн тартибин аныктайт. Бирок, Жамааттык келишимде жана «Кыргыз почтасы» ААКтын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө Жобосунда үстөк акы төлөө көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуш 9.4.2:** *«Кыргыз почтасы» ААКсы,* Жети-Өгүз райондук филиалында жамааттык келишимде жана «Кыргыз почтасы» ААКтын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө Жобосунда көрсөтүлбөгөн үстөк акыларды кошумча 197,5 миң сомго (анын ичинде Соцфондко чегерүүлөр 29,1 миң сом) жүргүзгөн кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/корутунду 9.4.3:** *Жети-Өгүз райондук филиалында* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы №374 токтому менен бекитилген «Зыяндуу эмгек шарттарында иштегендерге сүттү жана башка баалуулугу тең тамак-аш продуктыларын берүү эрежелеринин» 8-пунктун сактабастан, анда сүттүн ордуна акчалай каражат төлөөгө уруксат берилбейт. 2023-жылы филиалдын сорттоочусуна сүт ордуна 2,0 миң сом суммасында акча каражаты төлөнүп берилген.

**Сунуш 9.4.3:** Жети-Өгүз райондук филиалы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы №374 токтому менен бекитилген «Зыяндуу эмгек шарттарында иштегендерге сүттү жана башка баалуулугу тең тамак-аш продуктыларын берүү эрежелеринин» 8-пунктуна ылайык, сүттүн ордуна акчалай каражат төлөө токтотуу камсыздалсын.

**Аныкталды/корутунду 9.4.4:** *Ак-Талаа райондук филиалында* 2023-жылы кызматкерлерге бийик тоолуу жана алыскы райондордо иштегендиги үчүн кызматтык маянасына ашыкча 45,9 миң сом үстөк акы төлөнүп берилген, анын ичинде 6,7 миң сом Социалдык фондко чегерүүлөр.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы №377 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы жерде жайгашкан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын кызматкерлеринин кызматтык маяналарына ай сайын кошумча акы төлөө үчүн эмгек стажын белгилөө жана эсептөө Тартибине» ылайык, «бийик тоолуу жана алыскы райондордо иштегендиги үчүн пайыздык үстөк акы, кызматкердин кызматтык маянасына негизги иши боюнча бардык башка үстөк акыларды жана кошумча төлөмдөрдү эсепке албастан эсептелинет». Бирок, кызматкерлерге үстөк акы эсептөө, бардык башка үстөк акыларды жана кошумча төлөмдөрдү эсепке алуу менен жүргүзүлгөн. Жыйынтыгында, эмгек акылары боюнча ашык төлөө **45,9 миң сомду** түзгөн, анын ичинде Социалдык фондко чегерүүлөр 6,7 миң сом.

Ошондой эле, *Кочкор райондук филиалында* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы №377 токтому менен бекитилген «Бийик тоолуу жана алыскы зоналарда жайгашкан ишканалардын, мекемелердин жумушчуларынын иш стажын эсептөө үчүн кызматтык

маяналарына ай сайын кошумча төлөмдөрдү белгилөө жана эсептөө Тартибине» ылайык, *«бийик тоолуу жана алыскы зоналардагы иши үчүн ай сайын пайыздык кошумча төлөмдөрдү төлөө үчүн иштин стажы эмгек стажын аныктоо комиссиясы тарабынан аныкталат... бийик тоолуу жана алыскы зоналардагы иши үчүн ай сайын пайыздык кошумча төлөмдөрдү төлөөгө иштин стажын аныктоо боюнча комиссиянын чечими протокол менен катталат»*. Бирок, кызматкерлерге 2023-жылга иштин стажын аныктоо боюнча комиссия тарабынан аныкталбастан, бийик тоолуу жана алыскы зоналардагы иши үчүн ай сайын пайыздык кошумча төлөмдөр **133,8 миң сом** суммасында төлөнгөн, анын ичинде Социалдык фондко чегерүүлөр 23,1 миң сом.

**Сунуш 9.4.4:** *Ак-Талаа жана Кочкор райондук филиалдары,* бийик тоолуу жана алыскы райондордо иштегендиги үчүн кызматтык маянасына үстөк акы төлөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы №377 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын бийик тоодо жана алыскы жерде жайгашкан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын кызматкерлеринин кызматтык маяналарына ай сайын кошумча акы төлөө үчүн эмгек стажын белгилөө жана эсептөө Тартибине» ылайык жүргүзүү боюнча чара көрүлсүн.

**Аныкталды/корутунду 9.4.5:** *Ак-Талаа райондук филиалында* аудит камтыган мезгил аралыгында кызматкерлерге эмгек өргүү боюнча төлөм төлөөдө киреше салыгы 1/3 (үчтөн бир) бөлүгүнөн алынып салынып, эсептелингени аныкталды. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 193-беренесине ылайык, салык төлөөчү стандарттык, социалдык жана мүлктүк чыгарып салуулар укугуна ээ. Жыйынтыгында, 2023-жылы киреше салыгы 11,0 миң сомго аз эсептелинген. *Аудит учурунда 2024-жылдын 4-октябрындагы №117 ТТ аркылуу 11,0 миң сом киреше салыгы калыбына келтирилди.*

**Аныкталды/корутунду 9.4.6:** *Ак-Талаа райондук филиалында* Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 58-беренесинин талаптарын бузууга жол берилген, Филиал менен кызматкерлердин ортосунда эмгек келишимдери түзүлгөн эмес. Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин талаптарына ылайык, «Эмгек келишими жазуу жүзүндө эки нускада түзүлөт, эки нускада даярдалат жана ага тараптар кол коюшат. Бир нускасы кызматкерге берилип, экинчиси иш берүүчүдө сакталат».

**Сунуш 9.4.6:** *Ак-Талаа райондук филиалы*, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексининин талаптарына ылайык, кызматкерлер менен эмгек келишимдери түзүү каралсын.

**Аныкталды/корутунду 9.4.7:** *Кочкор райондук филиалында* Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 284-беренесинде «18 жашка чыккан, түздөн-түз акчалай же материалдык баалуулуктарды тейлөөчү кызматкерлерди жумушка кабыл алууда да, кийинчерээк эмгек келишимине толуктоо катары толук жекече, же жамааттык материалдык жоопкерчилик жөнүндө жазуу жүзүндө келишим түзүлүшү мүмкүн» деп көрсөтүлгөн. Бирок, Филиал тарабынан материалдык жоопкер-кассир менен материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишим түзүлгөн эмес.

**Сунуш 9.4.7:** Кочкор райондук филиалы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин» талаптарына ылайык кассир менен материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишим түзүү камсыздалсын.

**Аныкталды/корутунду 9.4.8:** *Араван райондук филиалында* эмгек акы эсептөөдө кетирилген катачылыктар себептүү, мекеменин башкы эсепчиси Т. Амированын эмгек акысына 2023-жылы жалпысынан **16,0 миң сом** ашыкча эсептелип, төлөнүп берилгендиги аныкталды. *Мекемеге ордуна коюлду.*

**Аныкталды/корутунду 9.4.9:** *Ноокат райондук филиалында* эмгек келишими аркылуу почта ташуу боюнча иштеген эки жумушчудан, жалпы **4,6 миң сомдук** киреше салыгы жана **5,1 миң сомдук** социалдык төлөмдөр кармалбай калгандыгы аныкталды. *Тиешелүү бюджетке которуу жолу менен ордуна коюлду.*

**Аныкталды/корутунду 9.4.10:** *Лейлек райондук филиалында* жетекчинин 2023-жылдын октябрь айындагы №40/10 буйругунун негизинде 15 кызматкерге 13,0 миң сомдон, жалпы 195,0 миң сом сый акы берүү белгиленген. Бирок, буйрукта сый акы эмнеге, кандай максатта, эмне себептен жана мекемеге эмне салым кошкондугу тууралуу маалымат камтылбастан жана «Кыргыз почтасы» ААКнын буйругу жок туруп сый акы берилген. Жыйынтыгында, жалпы **228,6 миң сомго** сый акы негизсиз берилген, анын ичинде 17,25% социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү 33,6 миң сомду түзгөн.

**Сунуш 9.4.10:** *«Кыргыз почтасы» ААКсы*, Лейлек райондук филиалы боюнча **228,6 миң сомго** негизсиз сый акы төлөмдөрүнө жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/корутунду 9.4.11:** Филиалдарда эмгек келишимдеринин негизинде, 2023-жылга бекитилген штаттык ырааттамадагы бирдиктен ашыкча келишимдер түзүлүп, 254,4 миң сом төлөнгөн. Алар төмөндөгүлөр:

– Кемин райондук филиалы боюнча – бекитилген штаттык ырааттамадагы бирдиктен ашыкча эмгек келишим (почтачы кызмат ордуна) аркылуу – 83,0 миң сом;

– Аламүдүн райондук филиалы боюнча (жайларды жана короону тазалоочу кызмат орундарына) – 171,4 миң сом төлөнгөн.

**Сунуш 9.4.11:** *Кемин жана Аламүдүн райондук филиалдары*, «Кыргыз почтасы» ААКнын башкармалыгы тарабынан бекитилген штаттык ырааттамадагы бирдиктен ашыкча эмгек келишимдеринин негиздүүлүгүн карап чыгып, тийиштүү чара көрүлсүн.

**9.5. Дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча.**

**Аныкталды/корутунду 9.5.1:** *Ысык-Көл райондук филиалында* аудит камтыган мезгил аралыгында Кыргыз Республикасынын «Бухгалтердик эсеп жөнүндө» Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген «Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө

Жобонун» талаптарын бузууга жол берилген,  Соцфондго камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча **545,5 миң сом** суммасындагы (17,25%) дебитордук карыздар Филиалдын бухгалтердик эсебинде чагылдырылган эмес. *Аудиттин жүрүшүндө 545,5 миң сом суммасындагы (17,25%) дебитордук карыздар тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөрдү жүргүзүү жолу менен эсеп боюнча калыбына келтирилди.*

**Аныкталды/корутунду 9.5.2:** *Кочкор райондук филиалында* аудит камтыган мезгил аралыгында кассадан отчет бермеге сапар чыгымдары жана чарба чыгымдары боюнча, жалпы 30,2 миң сом берилген, жүргүзүлгөн чыгымдары жөнүндө тастыктоочу иш кагаздары тапшырылган эмес, ошону менен бирге, 30,2 миң сом бухгалтердик эсепте дебитордук карыз катары чагылдырылган эмес. *Аудиттин жүрүшүндө 30,2 миң сом суммасындагы дебитордук карыздар тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөрдү жүргүзүү жолу менен эсеп боюнча калыбына келтирилди.*

**Аныкталды/корутунду 9.5.3:** *Кочкор райондук филиалдын* жылдык отчетуна ылайык, 2023-жыл үчүн дебитордук карыздар **907,5 миң сом** суммасында көрсөтүлгөн. Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын «Бухгалтердик эсеп жөнүндө» Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген «Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө Жобонун» талаптарын бузууга жол берилген, Филиалда дебитордук карыздардын келип чыгышы жөнүндө тастыктоочу иш кагаздары (кайда которулгандыгы, салыштыруу актылары, чечмелөөсү, бухгалтердик эсептин регистрлери) жок экендиги аныкталды.

**Сунуш 9.5.3:** *Кочкор райондук филиалы*, 2023-жыл үчүн бухгалтердик эсепте чагылдырылган 907,5 миң сом суммасындагы дебитордук карыздар дебиторлор менен салыштыруу актыларын түзүү жолу менен такталсын жана ага ылайык, бухгалтердик эсепте тийиштүү түрдө чагылдырылсын.

**Аныкталды/ крутунду 9.5.4:** *Кочкор райондук филиалында* 2022-жылдан тартып 1135,9 миң сом суммасындагы дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча чаралар көрүлгөн эмес.

**Сунуш 9.5.4:** *Кочкор райондук филиалы*, 2022-жылдан тартып 1135,9 миң сом суммасындагы дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**9.6. Негизги каражаттар жана товардык материалдык баалулуктар боюнча.**

**Аныкталды/корутунду 9.6.1:** *Түп райондук филиалында* 2022-жылы «Кыргыз почтасы» ААКтан накладной жок, 10 даана жабдык (термопринтер, сканер штрихкоду менен, акча кутучасы, блок системасы, GIGABIT, Монитор Philips 19.5, детектор акча бирдиги, акча эсептегич, клавиатура, мышка) келип түшкөн. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген «Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө Жобонун» талаптарын бузууга жол

берилген, аудит учурунда жабдуулардын баштапкы баасы такталган эмес жана балански кабыл алынган эмес.

**Сунуш 9.6.1:** *Түп райондук филиалы,* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген «Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө Жобонун» талаптары так сакталсын. Аталган Жобонун талаптарына ылайык, келип түшкөн жабдуулардын баштапкы баасы такталып, Филиалдын балансына кабыл алынсын.

**Аныкталды/корутунду 9.6.2:** *Ак-Талаа райондук филиалында* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген «Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө Жобонун» талаптарын бузууга жол берилген, 2023-жылы сатып алынган **43,9 миң сом** суммасында баалуулугу аз жана тез эскирүүчү буюмдар бухгалтердик эсеп боюнча кириштелбей калган (өрт коопсуздугу боюнча шаймандар – 30,0 миң сом жана жылыткычтар – 14,9 миң сом). *Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөрдү жүргүзүү жолу бухгалтердик эсеп боюнча кириштелди.*

**Аныкталды/корутунду 9.6.3:** *Ак-Талаа райондук филиалында* жетекчинин 2024-жылдын 3-октябрындагы №23 буйругунун негизинде жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгында 10 бирдик негизги каражаттар (байланыш бөлүмүнүн имараттары, байланыш бөлүмүнүн жер тилкелери, сканер, факс ж.б.) боюнча **1 753,3 миң сомго** жетпей калуулар аныкталган. Филиалдын жетекчисинин  түшүнүк каты боюнча аталган негизги каражаттар баланста катталган эмес. Ошондой эле, инвентаризациянын жүрүшүндө 7 бирдик негизги каражаттар (принтерлер жана термопринтерлер) ашык чыккандыгы аныкталган, жабдуулардын алып келингендиги тууралуу коштомо барактары жок болгондуктан баасы көрсөтүлбөстөн орнотулган.

Белгилей кетсек, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун 2017-жылдын 24-февралындагы №1 буйругунун №1 тиркемесиндеги «Мамлекеттик мүлктүн инвентаризациясын жүргүзүү боюнча методикалык көрсөтмөнүн» негизинде, *материалдык баалуулуктардын ашыкча суммасы инвентаризация жүргүзгөн күнгө карата базардык баа боюнча комиссиянын корутундусуна ылайык кириштелет. Күнөөлүү адамдар табылбаган учурда, же сот күнөөлүү адамдардан чыгашаны өндүрүп алуудан баш тарткан учурда, 28 213 100 «Башка беренелерге кирбеген башка чыгымдар» элементинин дебети боюнча жана 32 171 120 «Жетишпеген сумма, уурдоо, чыгашалар» элементинин насыясы боюнча жазуулар жүргүзүлөт. Материалдык жоопту адамдардын күнөөсүнөн тышкары түзүлгөн кайра сорттоодон жетишсиз тарапка болгон баасындагы айырмачылыгына, инвентаризациялык комиссиянын протоколдорунда, мындай айырмачылык күнөөлүү адамдарга тагылбаган себептер тууралуу так түшүндүрмө берилиши керек. Инвентаризация убагында табылган факты жүзүндөгү баалуулуктардын жана бухгалтердик эсептин маалыматтарынын айырмачылыгын мекеменин жетекчиси карашы керек. Зачет тууралуу акыркы чечимди мекеменин жетекчиси кабыл алат.*

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 «Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө» токтомунунун талаптарын бузууга жол берилген, негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди эсепке алуу инвентардык карточкаларда жүргүзүлбөйт.

*Белгилей кетсек, «Кыргыз почтасы» ачык акционердик коомунун Ак-Талаа райондук филиалындагы шайкештик аудиттин материалдары аймактык бөлүмдүн 2024-жылдын 7-октябрындагы №01-11/194 каты аркылуу Нарын областтык прокуратурасына укуктук баа берүү үчүн жиберилген.*

**Сунуш 9.6.3:** *Ак-Талаа райондук филиалы*:

– негизги каражаттар боюнча 1753,3 миң сомго жетпей калууларды калыбына келтирүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн жана ага жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

– негизги каражаттарга жана материалдык эмес активдерге инвентардык карточкалар түзүлсүн. Ашык болгон 7 бирдик негизги каражаттар инвентаризация жүргүзгөн күнгө карата базардык баа (адилет баа) боюнча комиссиянын корутундусуна ылайык кириштелсин.

**Аныкталды/корутунду 9.6.4:** *Ат-Башы райондук филиалында* «Кыргыз почтасы» ААКтын 2023-жылдын 2-мартындагы №56 буйругуна ылайык, баланстык баасы 372,4 миң сомдук 2019-жылдагы «Лада Ларгус-FS045L» маркасындагы кызматтык автоунаасы Нарын райондук филиалынын балансынан Ат-Башы райондук филиалынын балансына берилген. Ал эми, Ат-Башы райондук филиалынын балансынан Нарын райондук филиалынын балансына баланстык баасы 195,5 миң сомдук 2016-жылдагы «ВАЗ-Лада-Нива-21214» маркасындагы кызматтык автоунаасын өткөрүүсү керек. Көрсөтүлгөн буйруктун негизинде өткөрүү жана кабыл алуу актылары түзүлүп, Ат-Башы райондук филиалына «Лада Ларгус-FS045L» маркасындагы кызматтык автоунаа өткөрүлүп берилген.

Бирок, Ат-Башы райондук филиалынын балансына баланстык баасы 372,4 миң сомдук 2019-жылдагы «Лада Ларгус-FS045L» маркасындагы кызматтык автоунаасы кириштелген эмес жана баланстык баасы 195,5 миң сомдук 2016-жылдагы «ВАЗ-Лада-Нива-21214» маркасындагы кызматтык автоунаасы баланстан чыгышталган эмес. *Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, баланстык баасы 372,4 миң сомдук «Лада Ларгус-FS045L» маркасындагы кызматтык автоунаасы эсеп боюнча кириштелди.*

Ал эми, *Нарын райондук филиалынын* балансына жогоруда аталган кызматтык автоунаа кириштелген эмес. *Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, баланстык баасы 195,5 миң сомдук 2016-жылдагы «ВАЗ-Лада-Нива-21214» маркасындагы кызматтык автоунаасы эсеп боюнча кириштелди.*

**Аныкталды/корутунду 9.6.5:** *Чүй жана Ысык-Ата райондук филиалдарында* негизги каражаттардын наркын 16 366,7 миң сомго 2100

«Негизги каражаттардын баланстык наркы» бухгалтердик эсеп-чоттон 2300 «Кыймылсыз мүлкү болгон инвестициялар» эсеп-чотко жылдырылган. Алар төмөндөгүлөр:

– Чүй райондук филиалында 2023-жылдын 1-январына карата балансында негизги каражаттардын баланстык наркы 40 603,9 миң сомду түзгөн, ал эми 2023-жылдын 31-декабрына карата негизги каражаттардын наркы 38 217,4 миң сомду түзгөн, жылдын ичинде негизги каражаттардын жешилүүсүнө (аммортизация) 653,8 миң сом эсептелип, 1732,7 миң сому «Кыргыз почтасы» ААКсы тарабынан негизги каражаттын наркы, ижарага берилген имараттардын аянтынын наркына азайтылып (кыймылсыз мүлккө инвестиция) эсебине алып барылган;

Тактай кетчү жагдай, ижара келишимдердин ичинен баш тарткан аткарылбаган келишимдер эске алынган эмес, ошондой эле, бир жылдык ижара акы 193,2 (16,1х12) миң сомду түзгөн жана ишке ашкан келишимдерде эч кандай имаратты оңдоо иштери, же каражат салуу (инвестиция) каралган эмес.

– Ысык-Ата райондук филиалында 2023-жылдын 1-январына карата балансында негизги каражаттардын балансалык наркы 97 427,4 миң сомду түзгөн, жылдын ичинде негизги каражаттардын жешилүүсүнө (аммортизация) 2162,5 миң сом эсептелинип, 217,3 миң сомдук негизги каражаттын наркынын азайуусу боюнча ушул аудиттке тастыктоочу документерин бере жана көрсөтө алышкан жок, ал эми 14 416,7 миң сому «Кыргыз почтасы» ААКсы тарабынан негизги каражаттын наркы, ижарага берилген имараттардын аянтынын наркына азайтылып (кыймылсыз мүлккө инвестиция) эсебине алып барылган.

Тактай кетчү жагдай, бир жылдык ижара акы 732,0 миң сомду түзгөн жана ишке алынган келишимдерде эч кандай имаратты оңдоо иштери, же каражат салуу (инвестиция) каралган эмес. 2023-жылдын 31-декабрына карата негизги каражаттардын наркы 80 630,9 миң сомду түзгөн.

«Кыргыз почтасы» ААКнын Эсеп саясатынын 2-бөлүмүнүн «Менчикке инвестиция» 2.1 пунктунда «негизги каражаттын балансалык наркы өзгөрүлбөйт» деп көрсөтүлгөн.

Белгилей кетчү жагдай, жалпы «Кыргыз почтасы» ААКнын баардык ижарага берилген имараттардын аянттарынын наркы 158 080,0 миң сомду түзөт, анын ичинен: Ысык-Ата райондук филиалы боюнча 14 416,7 миң сом, Чүй райондук филиалы боюнча 1732,7 миң сом.

Жогоруда белгиленген 158 080,0 миң сом бухгалтердик баланстагы «Жүгүртүүдөн тышкары активдер» пунктундагы 2100 счетунан (Негизги каражаттардын баланстык наркы) 2300 счетуна (Кыймылсыз мүлкү болгон инвестициялар) жылдырылган, тактап айтканда, жалпысынан баланстагы «Жүгүртүүдөн тышкары активдер» пунктусунда отурат.

**Сунуш 9.6.5:** *«Кыргыз почтасы» ААКсы*, ижарага берилген мүлктөрдүн ижара мөөнөтүнө жараша бухгалтердик эсептеги 2300 «Кыймылсыз мүлкү болгон инвестициялар» эсеп-чоту менен салыштырма талдоолорду жүргүзүп, бухгалтердик эсеп боюнча тактоо иштери жүргүзүлсүн, Эсеп саясатынын талаптарынын сакталышын камсыз кылсын. Ижарадан түшкөн каражаттардын бөлүгүн ижарага берилген мүлктөрдү оңдоого багыттоо маселеси каралсын.

**Аныкталды/корутунду 9.6.6:** *Талас райондук филиалында* 2024-жылдын 28-августундагы № 159-1/2 буйругу менен каттоо комиссиясы түзүлүп, негизги каражаттарына жана товардык-материалдык баалуулуктарына инвентаризация жүргүзүлүп, **32,4 миң сомго** жетишпестик аныкталган.

**Сунуш 9.6.6:** *Талас райондук филиалы,* аныкталган **32,4 миң сомго** товардык-материалдык баалуулуктардын жетишпестиги тийиштүү кызматкерлерден өндүрүлүп орду толукталсын.

**9.7. Мамлекеттик сатып алуулар боюнча.**

**Аныкталды/корутунду 9.7.1:** Аудиттин жүрүшүндө «Кыргыз почтасы» ААКнын борбордук аппаратынын кызматкерлерине отчет берүүчү акча каражаттарын берүү аркылуу (накталай акча каражаты) 2023-жылы сатып алуу жол-жоболорун жүргүзбөстөн жана келишим түзбөстөн 424,6 миң сом суммасындагы товарлардын ар кандай түрлөрүн жана 816,2 миң сом суммасындагы кызмат көрсөтүүлөрүн сатып алышкан, натыйжада жалпысы **1240,8 миң сомго** Сатып алуу жол-жобосун уюштуруу ички регламентинин 3-главасынын, 19-пунктун бузууга жол берилген. Ошондой эле, жогоруда аталган кызматкерлер менен материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишим түзүлбөгөндүгү аныкталды.

**Сунуш 9.7.1:** «Кыргыз почтасы» ААКсы 2023-жылы сатып алуу жол-жоболорун жана келишимдерди түзбөстөн, 1240,8 миң сомго товарларды жана кызматтарды сатып алууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/корутунду 9.7.2:** КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген «Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин» талаптарын бузуу менен, сатып алуу боюнча план, конкурстук комиссия түзүлбөстөн жана сатып алуу конкурстары өткөрүлбөстөн, жалпы суммасы **5 336,7 миң сомго** товарлар жана кызматтар сатып алынган, анын ичинен: *Каракол шаардык филиалында* - 120,2 миң сомго, Ысык-Көл райондук филиалында - 287,1 миң сомго, Жети-Өгүз райондук филиалында - 382,8 миң сомго, Тоң райондук филиалында - 306,4 миң сомго, Ак-Талаа райондук филиалында - 299,6 миң сомго, Ат-Башы райондук филиалында - 510,5 миң сомго, Жумгал райондук филиалында - 278,2 миң сомго, Кочкор райондук филиалында - 35,0 миң сомго, Нарын райондук филиалында - 590,3 миң сомго, Аламүдүн райондук филиалы боюнча - 820,0 миң сомго, Айтматов райондук филиалы боюнча - 451,4 миң сомго, Кемин райондук филиалы боюнча - 256,0 миң сомго, Москва райондук филиалы боюнча - 310,7 миң сомго, Сокулук райондук филиалы боюнча - 495,1 миң сомго, Талас райондук филиалы боюнча - 193,4 миң сомго.

Ошондой эле, жогоруда аталган токтомдун талаптары сакталбастан, товарларды (жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү) сатып алууну уюштуруу жана ишке ашыруу электрондук сатып алууларды жүргүзүү боюнча маалыматтык системасы аркылуу жүргүзүлгөн эместиги *Базар-Коргон, Майлы-*

*Суу, Таш-Көмүр, Араван, Ноокат жана Чоң-Алай райондук филиалдарында* аныкталган.

**Сунуш 9.7.2:** *Каракол шаардык, Ысык-Көл, Жети-Өгүз, Тоң, Ак-Талаа, Ат-Башы, Жумгал, Кочкор, Нарын, Аламүдүн, Айтматов, Кемин, Москва, Сокулук, Талас, Базар-Коргон, Майлы-Суу, Таш-Көмүр, Араван, Ноокат жана Чоң-Алай райондук филиалдары*, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө бузууларга (сатып алуу боюнча план, конкурстук комиссия түзүлбөстөн жана сатып алуу конкурстары өткөрүлбөстөн) жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Жалпыланган сунуш 10.:**

- Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине,
- "Кызмат" мамлекеттик мекемесине,
- Акционердик коомдорго («Кыргызтелеком» ААКсы жана «Кыргыз почтасы» ААКсы):

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары талкуулансын жана ишинде аныкталган финансылык тартип бузууларды жана башка бузууларды ордуна коюу жана аларга мындан ары, жол бербөө боюнча чаралар көрүлсүн, укуктук ченемдик актылардын сакталышын камсыздалсын. Финансылык жана башка тартип бузууларга, иштеги кемчиликтерге (*КР Эсептөө палатасынын жазма буйруктарынын аткарылбаганы, кирешелердин толук жана өз убагында алынбаганы, чыгашалар жана эмгек акылар боюнча бузуулар жана кемчиликтер, дебитордук карыздардын эсепте толук чагылдырбаганы жана өз убагында өндүрүлбөгөнү, негизги каражаттар жана товардык - материалдык баалуулуктар боюнча эсептеги бузуулар, мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорун сакталбаганы жана башкалар, отчетто көрсөтүлгөн*) жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын**
**аудитору** **А.Т. Байгазаков**